# Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарты (IFRS) 15
## *«Сатып алуучулар менен келишимдер боюнча түшкөн киреше»*

## Максаты

1 **Бул стандарттын максаты финансылык отчеттуулукту пайдалануучулар үчүн пайдалуу болгон *сатып алуучулар* менен *келишимде* шартталган түшкөн *кирешелердин* жана акча каражаттарынын мүнөзү жана көлөмү, мөөнөттөрү жана айкын эместиги жөнүндө маалыматты чагылдыруу учурунда ишкана колдонууга тийиш болгон принциптерди белгилөө болуп саналат.**

### Максатка жетишүү

2 1-пунктта көрсөтүлгөн максатка жетишүү үчүн ушул стандарттын негизги принциби сатып алуучуга убада кылынган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү ишкана ушундай товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн ордуна алуу укугун күтүп жаткан ордун толтурууну чагылдырган суммада өткөрүп берүүсүн чагылдыруу үчүн түшкөн кирешелерди таануусун талап кылат.

3 Ушул стандартты колдонуп, ишкана келишимдин шарттарын жана бардык жөндүү фактылар менен жагдайларды талдоого тийиш. Ишкана ушул стандартты колдонууга, анын ичинде практикалык мүнөздөгү ар кандай жеңилдетүүлөрдү, ушундай мүнөздөмөлөрү бар келишимдер жагынан жана ушундай жагдайларда ырааттуу пайдаланууга тийиш.

4 Ушул стандартта сатып алуучу менен өзүнчө келишимди эсепке алуу каралат. Бирок, эгерде ишкана финансылык отчеттуулуктун көз карашынан алганда келишимдердин портфелине карата бул стандартты колдонуунун натыйжалары ушундай портфелдин алкагында айрым келишимдерге (же *аткарыла турган милдеттерге*) карата ушул стандартты колдонуунун натыйжаларынан олуттуу айырмаланбайт деп негиздүү түрдө эсептесе, практикалык мүнөздөгү жеңилдетүүлөр катарында ишкана ушул стандартты ушундай мүнөздөмөлөрү бар келишимдердин (же аткарыла турган милдеттердин) портфелине карата, колдоно алат. Эсепте келишимдердин портфелин чагылдырып, ишкана ушундай портфелдин өлчөмүн жана курамын чагылдыруучу баалоолорду жана божомолдорду пайдаланууга тийиш.

## Колдонуу чөйрөсү

5 Ишкана ушул стандартты сатып алуучулар менен бардык келишимдер жагынан колдонууга тийиш, буга төмөндө саналгандар кирбейт:

(a) «*Ижара*» ФОЭС (IAS) 16ны колдонуу чөйрөсүнө кирген ижара келишимдери;

(b) «*Камсыздандыруу келишимдери*» ФОЭС (IFRS) 4тү колдонуу чөйрөсүнө кирген камсыздандыруу келишимдери;

(c) «*Финансылык инструменттер*» ФОЭС (IFRS) 9ду, «*Бириктирилген финансылык отчеттуулук*» ФОЭС (IFRS) 10ду, «*Биргелешкен ишкердик*» ФОЭС (IFRS) 11ди, «*Өзүнчө финансылык отчеттуулук*» ФОЭС (IAS) 27ни жана «*Ассоциацияланган ишканаларга жана биргелешкен ишканаларга салынган инвестициялар*» ФОЭС (IAS) 28ди колдонуу чөйрөсүнө кирген финансылык инструменттер жана башка келишимдик укуктар же милдеттенмелер; жана

(d) сатып алуучуларга же потенциалдуу сатып алуучуларга сатууларды жүзөгө ашырууга көмөктөшүү максатында ишмердүүлүктүн бир багытындагы ишканалардын ортосундагы акчалай эмес алмашуулар. Мисалы, бул стандарт

© ФОЭС Фонду

аталган ар түрдүү региондордогу өз сатып алуучулары тарабынан суроо-талапты канааттандыруу максатында мунайды өз учурунда алмашууга макулдашып жаткан эки мунай компаниясынын ортосундагы келишимге карата колдонулбайт.

6 Ишкана (5-пунктта саналган келишимдерден айырмаланган) келишимге карата бул стандартты келишим боюнча контрагент сатып алуучу болуп саналган учурда гана колдонууга тийиш. Сатып алуучу – бул ордун толтуруунун ордуна ишкананын демейки ишмердүүлүгүнүн натыйжасы болуп саналган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү алууга ишкана менен келишим түзгөн тарап. Эгерде, мисалы, контрагент ишкана менен ишкананын демейки ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын алууга келишимди эмес, анын тараптары ушундай ишмердүүлүк же процесс (мисалы, кызматташтык жөнүндө макулдашуунун алкагында активди иштеп чыгуу) менен шартталган тобокелдиктерди жана пайданы өз ара бөлүшкөн ишке же процесске катышууга келишимди түзгөн болсо, контрагент келишим боюнча сатып алуучу деп эсептелбейт.

7 Сатып алуучу менен келишим ушул стандартты колдонуу чөйрөсүнө жарым-жартылай жана 5-пунктта саналган башка стандарттарды колдонуу чөйрөсүнө жарым-жартылай туш келиши мүмкүн.

(a) Эгерде башка стандарттар келишимдин бир же бир нече компоненттерин кандай түрдө ажыратуу жана/же алгачкы кандай баалоо зарыл экенин көрсөтүп турса, анда ишкана адегенде ушундай стандарттарда ажыратууга жана/же баалоого талаптарды колдонууга тийиш. Ишкана операциянын баасынан адегенде башка стандарттарга ылайык баалана турган келишимдин компонентинин (же компоненттеринин) суммасын алып салууга тийиш жана ушул стандартты колдонуу чөйрөсүнүн алкагында аткарууга ар бир милдетке жана 7(b)-пунктта аныкталган келишимдин башка компоненттерине *операциянын баасынын* калган суммасын (эгерде ал бар болсо) кошуу үчүн 73 – 86-пункттарды колдонууга тийиш.

(b) Эгерде башка стандарттар келишимдин бир же бир нече компоненттерин кандай түрдө ажыратуу жана/же алгачкы баалоо зарыл экенин көрсөтпөсө, анда ишкана келишимдин компонентин (же компоненттерин) ажыратуу жана/же алгачкы баалоо үчүн ушул стандартты колдонууга тийиш.

8 Ушул стандартта сатып алуучу менен келишим түзүүгө кошумча чыгымдардын жана сатып алуучу менен келишимди аткарууга байланыштуу жумшалган чыгымдардын эсеби, эгерде мындай чыгымдар башка стандартты колдонуу чөйрөсүнө туура келбесе (91 – 104-пункттарды караңыз), каралат. Ишкана бул пункттарды ушул стандарттарды колдонуу чөйрөсүнө туура келген сатып алуучу менен келишимге (же ушундай келишимдин компонентине) байланыштуу тарткан чыгымдар жагынан гана колдонууга тийиш.

## Таануу

### Келишимди идентификациялоо

**9 Ишкана ушул стандартты колдонуу чөйрөсүнө туура келген сатып алуучу менен келишимди төмөндө саналган бардык критерийлер сакталган учурда гана эске алууга тийиш:**

**(a) келишим боюнча тараптар келишимди (жазуу жүзүндө, оозеки же демейки башка иштиктүү практикага ылайык) бекитти жана келишимде каралган милдеттенмелерди аткарууга милдеттенет;**

**(b)** **ишкана өткөрүп бериле турган товарлар же кызмат көрсөтүүлөр жагынан ар бир тараптын укуктарын идентификациялай алат;**

**(c)** **ишкана өткөрүп бериле турган товарларга же кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөө шарттарын идентификациялай алат;**

**(d)** **келишим коммерциялык өлчөмгө ээ (башкача айтканда, тобокелдиктер, убакыт жагынан бөлүштүрүү же ишкананын келечектеги акча агымдарынын көлөмү, күтүлүп жаткандай, келишимдин натыйжасында өзгөрөт); жана**

**(e)** **ишкана сатып алуучуга өткөрүп бериле турган товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн ордуна ал укук ала турган ордун толтурууну алышы ыктымалдуу болуп саналат. Ордун толтуруунун суммасын алуу ыктымалдуулугун баалап, ишкана төлөмдүн мөөнөтү келген учурда ордун толтуруунун ушул суммасын төлөөгө сатып алуучунун кудуретин жана ниетин гана эске алууга тийиш. Эгерде ордун толтуруу өзгөрүлмө болуп саналса, ишкана укук ала турган ордун толтуруунун суммасы келишимде көрсөтүлгөн баадан аз болушу мүмкүн, анткени ишкана сатып алуучуга бааны төмөндөтүүнү сунуш кылышы мүмкүн (52-пунктту караңыз).**

10 Келишим – бул эки же бир нече тараптардын ортосундагы макулдашуу, ал укуктук коргоо менен камсыз кылынган укуктар менен милдеттенмелерди шарттайт. Келишимде укуктар менен милдеттенмелерди укуктук коргоо мыйзамдар тарабынан камсыз кылынат. Келишимдер жазуу жүзүндө, оозеки формада болушу же болбосо ишкананын демейки иштиктүү практикасын билдириши мүмкүн. Сатып алуучулар менен келишим түзүү практикасы жана жол-жоболору юрисдикцияларга, тармактарга жана ишканаларга жараша өзгөрүп турат. Мындан тышкары, алар бир ишкананын алкагында айырмаланышы мүмкүн (мисалы, сатып алуучулардын классына же убада кылынган товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн мүнөзүнө байланыштуу болушу мүмкүн). Ишкана ушундай практиканы жана жол-жоболорду сатып алуучу менен макулдашуу укуктук коргоо менен камсыз кылынган укуктардын жана милдеттенмелердин келип чыгышына алып келишин жана бул качан болуп өтөөрүн аныктоо учурунда талдоого тийиш.

11 Сатып алуучулар менен айрым келишимдер колдонуунун бекитилген мөөнөтүнө ээ болушу мүмкүн жана каалаган убакытта ар кандай тарап тарабынан бузулушу же модификацияланышы мүмкүн. Башка келишимдердин колдонулушунун мөөнөтү келишимде көрсөтүлгөн мезгилдүү негизде өзүнөн-өзү узартылышы мүмкүн. Ишкана ушул стандартты келишимдин колдонулушунун мөөнөтү (башкача айтканда, келишимдик мөөнөт) жагынан колдонууга тийиш, анын аралыгында тараптар учурдагы укуктук коргоо менен камсыз кылынган укуктарга жана милдеттенмелерге ээ.

12 Эгерде келишимдин ар бир тарабы эч бир бөлүгү аткарылбаган, башка тарапка (же тараптарга) компенсация төлөнбөгөн келишимди бир тараптуу тартипте бузууга укуктук коргоо менен камсыз кылынган укукка ээ болсо, ушул стандартты колдонуу максаттары үчүн келишим өкүм сүрбөйт. Эгерде төмөндө келтирилген эки критерий аткарылса, келишимдин эч бир бөлүгү аткарылбаган болуп саналат:

(a) ишкана убада кылынган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуучуга али бере элек; жана

(b) ишкана убада кылынган товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн ордуна ордун толтурууну али ала элек жана алууга укукка али ээ эмес.

13 Эгерде келишимди түзүү учуруна карата сатып алуучу менен келишим 9-пункттун критерийлерин канааттандырбаса, ишкана бул критерийлерди фактылар менен милдеттенмелер кыйла өзгөргөндүгүнүн белгилери бар болгон учурда гана кайталап

талдоого тийиш. Мисалы, эгерде сатып алуучунун ордун толтурууну төлөөгө кудурети кыйла азайса, ишкана сатып алуучуга өткөрүп бериле турган товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн калган бөлүгүнүн ордуна укук ала турган ордун толтурууну алышы ыктымалдуу болуп санала тургандыгын кайрадан талдоого тийиш.

14 Эгерде сатып алуучу менен келишим 9-пункттагы критерийлерди канааттандырбаса, ишкана 9-пункттагы критерийлер алда канча кийинки датада аткарылып жатканын аныктоо максатында келишимди талдоону улантылып жаткан негизде жүргүзүүгө тийиш.

15 Эгерде сатып алуучу менен келишим 9-пункттагы критерийлерди канааттандырбаса жана ишкана сатып алуучудан ордун толтурууну алып жатса, ишкана алынган ордун толтурууну төмөндөгү ар кандай окуялар келип чыккан учурда гана түшкөн кирешелер катары таанууга тийиш:

(a) ишканада товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуучуга өткөрүп берүү боюнча милдеттер калган эмес жана сатып алуучу убада кылган бардык же болбосо иш жүзүндө бардык ордун толтуруулар ишкана тарабынан алынган жана кайра кайтарылбайт; же болбосо

(b) келишим бузулган, ал эми сатып алуучудан алынган ордун толтуруу кайра кайтарылбайт.

16 Ишкана сатып алуучудан алынган ордун толтурууну 15-пунктта көрсөтүлгөн окуялардын бири болуп өткөнгө чейин же 9-пункттагы критерийлер аткарылмайынча милдеттенме катары таанууга тийиш (14-пунктту караңыз). Келишимге тиешелүү фактыларга жана жагдайларга жараша таанылуучу милдеттенме келечекте товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү өткөрүп берүүгө же болбосо алынган ордун толтурууну кайра кайтарууга ишкананын милдетин билдирет. Кандай болгон күндө да, милдеттенме сатып алуучудан алынган ордун толтуруунун суммасы боюнча бааланууга тийиш.

## Келишимдерди бириктирүү

17 Ишкана сатып алуучу менен (же сатып алуучунун байланыштуу тараптары менен) бир учурда же дээрлик бир учурда түзүлгөн эки же андан ашык келишимдерди бириктирүүгө жана төмөндөгү бир же бир нече критерийлер сакталган учурда мындай келишимдерди бир келишим катары эске алууга тийиш:

(a) келишимдер бир коммерциялык максат менен пакет катары макулдашылган;

(b) бир келишим боюнча төлөөгө ордун толтуруунун суммасы башка келишимдин баасына же аны аткарууга байланыштуу; же болбосо

(c) келишимдер боюнча убада кылынган товарлар же кызмат көрсөтүүлөр (же ар бир келишим боюнча убада кылынган айрым товарлар же кызмат көрсөтүүлөр) 22 – 30-пункттарга ылайык аткарууга бир милдетти билдирет.

## Келишимди модификациялоо

18 Келишимди модификациялоо – бул келишимдин тараптары бекиткен келишимдин маңызын же баасын (же болбосо тигинисин да, мунусун да) өзгөртүү. Айрым тармактарда жана юрисдикцияларда келишимди модификациялоо өзгөртүүгө өтүнмө, өзгөртүүлөрдү киргизүү же түзөтүү катары баяндалышы мүмкүн. Келишимди модификациялоо келишим боюнча тараптар келишимдин тараптарынын укуктук коргоо менен камсыз кылынган жаңы укуктарын жана милдеттерин шарттаган же учурдагы укуктарын жана милдеттерин өзгөрткөн модификацияны бекиткен учурда орун алат. Келишимди модификациялоо жазуу жүзүндө бекитилиши, оозеки макулдашылышы же болбосо демейки иштиктүү практика катары туюнтулушу мүмкүн. Эгерде келишимдин тараптары аны модификациялоону бекитпесе, ишкана


© ФОЭС Фонду

келишимди модификациялоо бекитилгенге чейин учурдагы келишим жагынан ушул стандартты колдонууну улантууга тийиш.

19 Келишимди модификациялоо келишимдин тараптары келишимдин маңызын же баасын (же болбосо тигини да, муну да) модификациялоо жагынан талаштарды жүргүзүп жаткан же болбосо тараптар келишимдин маңызын өзгөртүүнү бекиткен, бирок бааны тиешелүү өзгөртүүнү али аныктабаган учурда да орун алышы мүмкүн. Келишимди модификациялоонун алкагында шартталуучу же өзгөртүлүүчү укуктар менен милдеттенмелер укуктук коргоо менен камсыз кылынган болуп санала тургандыгын же жоктугун аныктап, ишкана бардык жөндүү фактыларды жана жагдайларды, анын ичинде келишимдин шарттарын жана башка ырастоолорду эске алууга тийиш. Эгерде келишимдин тараптары келишимдин маңызын өзгөртүүнү бекитсе, бирок бааны тиешелүү өзгөртүүнү али аныктай элек болсо, ишкана өзгөрүлмө ордун толтурууну баалоо жөнүндө 50 – 54-пункттарга жана өзгөрүлмө ордун толтурууну баалоолорду чектөө жөнүндө 56 – 58-пункттарга ылайык модификациялоо менен шартталган операциянын баасын өзгөртүүнү баалоого тийиш.

20 Төмөндөгү эки шарт сакталган учурда ишкана келишимдин модификациясын өзүнчө келишим катары эске алууга тийиш:

(a) келишимдин маңызы айырмалануучу болуп саналган, кошумча убада кылынган товарлардан же кызмат көрсөтүүлөрдөн улам кеңейет (26 – 30-пункттарга ылайык); жана

(b) келишимдин баасы ордун толтуруунун суммасына көбөйөт, ал кошумча убада кылынган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү ишканага *бөлөк сатуунун баасын* жана конкреттүү келишимдин шарттарын эске алуу менен ушундай бааларды тиешелүү ондоп-түзөөлөрдү чагылдырат. Мисалы, ишкана окшош товарды же кызмат көрсөтүүнү жаңы сатып алуучуга сатуу менен тарта турган сатууга байланыштуу чыгымдарды ишкана көтөрүшүнүн кереги жоктугуна байланыштуу сатып алуучу ала турган арзандатууну эске алуу менен кошумча товарды же кызмат көрсөтүүнү бөлөк сатуунун баасын ондоп-түзөй алат.

21 Эгерде келишимдин модификациясы 20-пунктка ылайык өзүнчө келишим катары эске алынбаса, ишкана убада кылынган, келишимди модификациялоо күнүнө карата кырдаалга жараша төмөнкүдөй ыкмалардын бири менен али өткөрүп бериле элек товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү (башкача айтканда, калган убада кылынган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү) эске алууга тийиш:

(a) Эгерде калган товарлар же кызмат көрсөтүүлөр келишимди модификациялоо күнүнө карата же ага чейин өткөрүп берилген товарлардан же кызмат көрсөтүүлөрдөн айырмалануучу болуп саналса, эгерде бул учурдагы келишимди ушул бузуу жана жаңы келишимдин келип чыгышы болсо, ишкана келишимди модификациялоону эске алууга тийиш. Аткарууга карата калган милдеттерге кирүүчү ордун толтуруунун суммасы (же 22(b)-пунктка ылайык идентификацияланган аткарууга карата бир милдеттин курамында калган айырмалануучу товарлар же кызмат көрсөтүүлөр) төмөнкүлөрдү кошуунун натыйжасы болуп саналат:

   (i) сатып алуучу убада кылган, операциянын баасын баалоого киргизилген жана түшкөн киреше катары таанылбаган ордун толтурууну (анын ичинде сатып алуучудан буга чейин алынган сумманы); жана

   (ii) келишимди модификациялоонун алкагында убада кылынган ордун толтурууну.

(b) Эгерде калган товарлар же кызмат көрсөтүүлөр айырмалануучу болуп саналбаса жана тиешелүү түрдө келишимди модификациялоо күнүнө карата

жарым-жартылай аткарылып жаткан аткарууга карата бир милдетке киргизилсе, ишкана келишимдин модификациясын бул учурдагы келишимдин бир бөлүгү болгон катары эске алууга тийиш. Операциянын баасына жана аткарыла турган милдетти аткаруунун даражасын ишкана баалоосуна келишимди модификациялоонун таасири келишимди модификациялоо күнүнө карата түшкөн кирешени оңдоп-түзөө (же болбосо түшүүчү кирешени көбөйтүү, же болбосо азайтуу) катары таанылат (башкача айтканда, түшүүчү кирешени оңдоп-түзөө кумулятивдик ыкманы пайдалануу менен жүзөгө ашырылат).

(c) Эгерде калган товарлар же кызмат көрсөтүүлөр (a) пунктунда эске алынгандарды, ошондой эле (b) пунктунда эске алынгандарды камтыса, анда ишкана ушул пункттун максаттарына ылайык модификацияланган келишимде аткарууга карата аткарылбаган (анын ичинде жарым-жартылай аткарылбаган) милдеттерге модификациялоонун таасирин эске алууга тийиш.

## Аткарыла турган милдеттерди идентификациялоо

22 **Келишимди түзүү учурунда ишкана сатып алуучу менен келишим боюнча убада кылынган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү баалоого жана төмөнкүлөрдү сатып алуучуга өткөрүп берүүгө ар бир убаданы аткарыла турган милдет катары идентификациялоого тийиш:**

**(a) айырмалануучу болуп саналган товарды же кызмат көрсөтүүнү (же товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн пакетин); же болбосо**

**(b) иш жүзүндө бирдей болуп саналган жана бирдей схема боюнча сатып алуучуга берилип жаткан бир катар айырмалануучу товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү (23-пунктту караңыз).**

23 Төмөндөгү эки критерий аткарылган учурда бир катар айырмалануучу товарлар же кызмат көрсөтүүлөр сатып алуучуга бирдей схема боюнча берилет:

(a) ишкана сатып алуучуга берүүнү убада кылган бир катар айырмаланган товарларда же кызмат көрсөтүүлөрдө ар бир айырмаланган товар же кызмат көрсөтүү 35-пункттун критерийлерин канааттандырат жана мезгил аралыгында аткарыла турган милдет деп эсептелет; жана

(b) 39 – 40-пункттарга ылайык бир катар айырмаланган товарларда же кызмат көрсөтүүлөрдө ар бир айырмаланган товарды же кызмат көрсөтүүнү өткөрүп берүү боюнча аткарыла турган милдетти аткаруу даражасын баалоо үчүн бир эле ыкма колдонулат.

## Сатып алуучулар менен келишимдердеги убадалар

24 Сатып алуучу менен келишимде ишкана сатып алуучуга берүүгө убада кылган товарлар же кызмат көрсөтүүлөр, эреже катары, ачык формада көрсөтүлгөн. Бирок сатып алуучу менен келишимде идентификацияланган аткарыла турган милдеттер ушундай келишимде ачык көрсөтүлгөн товарлар же кызмат көрсөтүүлөр менен чектелиши мүмкүн эмес. Эгерде келишим түзүү учуруна карата төмөнкүдөй убадалар сатып алуучуда ишкана товарды же кызмат көрсөтүүнү сатып алуучуга бериши жагынан негиздүү тилектер пайда болушуна алып келсе, бул сатып алуучу менен келишим ошондой эле ишкананын демейки иштиктүү практикасынан, жарыяланган саясаттан же конкреттүү билдирүүлөрдөн улам туюнтулган убадаларды өзүнө камтышы мүмкүн.

25 Аткарыла турган милдеттер келишимди аткаруу үчүн ишкана жүзөгө ашырууга тийиш болгон ишмердүүлүктү өзүнө камтыбайт, буга ушундай ишмердүүлүк товарды же кызмат көрсөтүүнү сатып алуучуга өткөрүп берген кырдаалдар кирбейт. Мисалы,

 © ФОЭС Фонду

кызматтарды көрсөтүүчү келишим түзүү үчүн ар түрдүү административдик милдеттерди аткарууга аргасыз болушу мүмкүн. Мындай милдеттерди аткаруу милдеттерди аткарууга жараша сатып алуучуга кызмат көрсөтүүнү өткөрүп бербейт. Ошентип, келишим түзүү боюнча мындай ишмердүүлүк аткарыла турган милдет болуп саналбайт.

## Айырмаланган товарлар же кызмат көрсөтүүлөр

26 Келишимге жараша убада кылынган товарлар же кызмат көрсөтүүлөр башкалардан тышкары, өзүнө төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

(a) ишкана өндүргөн товарларды (мисалы, өндүрүүчүнүн запастарын) сатууну;

(b) ишкана сатып алган товарларды (мисалы, чекене соода ишканасынын товарларын) кайра сатууну;

(c) ишкана алган товарларга же кызмат көрсөтүүлөргө (мисалы, B34 - B38-пункттарда сыпатталгандай, ишкана кайра сатып жаткан, принципал болуп саналган билет) укуктарды кайра сатууну;

(d) сатып алуучу үчүн келишимде айтылган милдетти (же милдеттерди) аткарууну;

(e) товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү берүүгө (мисалы, алар келип чыккан учурда берилүүчү программалык камсыздоону мурда каралбаган жаңылоолор) же сатып алуучу белгилеген тартипте жана мөөнөттөрдө ал пайдаланышы үчүн товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү берүү менен даярдыкта турган кызмат көрсөтүүнү;

(f) башка тарап сатып алуучуга товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү өткөрүп беришин уюштурууда турган кызмат көрсөтүүнү (мисалы, B34 - B38-пункттарда баяндалгандай, башка тараптын агент катарындагы аракеттери);

(g) келечекте берилүүгө тийиш болгон, сатып алуучу кайра сатып же өзүнүн сатып алуучусуна бере ала турган товарларга же кызмат көрсөтүүлөргө укуктарды берүүнү (мисалы, чекене соода ишканасынын продукциясын сатып жаткан ишкана чекене соода ишканасынан продукция сатып алган жеке жакка кошумча товарды же кызмат көрсөтүүнү берүүгө убада кылат);

(h) сатып алуучунун атынан активди курууну, өндүрүүнү же иштеп чыгууну;

(i) лицензияларды берүүнү (B52 - B63-пункттарды караңыз);

(j) кошумча товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга опциондорду берүүнү (мындай опциондор сатып алуучуга B39 - B43-пункттарда сыпатталгандай олуттуу укукту берген учурда).

27 Сатып алуучуга убада кылынган товар же кызмат көрсөтүү төмөндөгү эки критерий сакталган учурда айырмалануучу болуп саналат:

(a) сатып алуучу товардан же кызмат көрсөтүүдөн же болбосо алардын биринен, же болбосо сатып алуучуда эркин жеткиликтүүлүк бар болгон башка ресурстар менен бирге пайда ала алат (башкача айтканда, товар же кызмат көрсөтүү айырмаланган болушу мүмкүн); жана

(b) сатып алуучуга товарды же кызмат көрсөтүүнү берүүгө ишкананын убадасы келишим боюнча башка убадалардан өзүнчө идентификацияланууучу болуп саналат (башкача айтканда, товар же кызмат көрсөтүү келишимдин контекстинде айырмалануучу болуп саналат).

28 Эгерде товар же кызмат көрсөтүү колдонулушу, керектелиши, алардын жоюу наркынан ашкан суммага сатылышы же экономикалык пайданы өндүрө турган башка ыкма менен кармалып турушу мүмкүн болсо, сатып алуучу 27(a)-пунктка ылайык

товардан же кызмат көрсөтүүдөн пайда ала алат. Айрым товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн учурунда сатып алуучу өз-өзүнчө алынган товардан же кызмат көрсөтүүдөн пайда алышы мүмкүн. Башка товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн учурунда сатып алуучу товардан же кызмат көрсөтүүдөн жетүү жеңил болгон башка ресурстар менен бирге гана пайда ала алат. Жетүү жеңил болгон ресурстар – булар өз-өзүнчө (тиешелүү же башка ишкана тарабынан) сатылуучу товарлар же кызмат көрсөтүүлөр же болбосо сатып алуучу буга чейин ишканадан алган ресурстар (анын ичинде ишкана келишим боюнча сатып алуучуга буга чейин берген товарлар же кызмат көрсөтүүлөр) же болбосо башка операциялардын же окуялардын натыйжасында алган ресурстар. Ар түрдүү факторлор сатып алуучу өз-өзүнчө же болбосо жетүү жеңил болгон башка ресурстар менен бирге алган товардан же кызмат көрсөтүүдөн пайда ала алаарынын ырастоосу боло алат. Мисалы, ишкана товарды же кызмат көрсөтүүнү өз-өзүнчө дайыма сатып жаткандыгы сатып алуучу өз-өзүнчө же жетүү жеңил болгон башка ресурстар менен бирге алган товардан же кызмат көрсөтүүдөн пайда ала алаарын көрсөтүп турат.

29 27(b)-пунктка ылайык сатып алуучуга товарды же кызмат көрсөтүүнү берүүгө ишкананын убадасы өзүнчө идентификацияланууучу болуп саналгандыгын баалоонун максаты убада келишимдин контекстинде өзүнүн мүнөзү боюнча ар бир товарды же кызмат көрсөтүүнү өзүнчө берүү боюнча же убада же алар үчүн убада кылынган товарлар же кызмат көрсөтүүлөр керектелүүчү ресурс болуп саналган бириктирилген беренени же беренелерди берүү болуп саналгандыгын аныктоодо турат. Сатып алуучуга товарды же кызмат көрсөтүүнү берүүгө ишкананын убадасы өзүнчө идентификацияланууучу болуп саналгандыгын көрсөтүп турган факторлор өзүнө башкалардан тышкары, төмөндө саналгандарды камтыйт:

(a) ишкана товарды же кызмат көрсөтүүнү келишим боюнча убада кылынган башка товарлар же кызмат көрсөтүүлөр менен сатып алуучу аны алуу үчүн келишим түзгөн жыйынды натыйжаны же натыйжаларды билдирген товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн пакетине интеграциялоо боюнча орчундуу кызмат көрсөтөт. Башка сөз менен айтканда, ишкана сатып алуучу көрсөткөн жыйынды натыйжаны же натыйжаларды түзүү же камсыз кылуу үчүн товарды же кызмат көрсөтүүнү керектелүүчү фактор катары колдонот. Жыйынды натыйжа же натыйжалар элементтин же бирдиктин бирден ашык фазасын кошо алат.

(b) бир же андан көп товар же кызмат көрсөтүү келишим боюнча убада кылынган бир же андан көп башка товарлар же кызмат көрсөтүүлөрдү олуттуу өзгөртөт же адаптациялайт, же болбосо олуттуу өзгөрөт же адаптацияланат.

(c) товарлар же кызмат көрсөтүүлөр бири-бирине өтө көз каранды же бири бири менен өтө байланышкан. Башкача айтканда, товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн ар бири келишимдеги бир же бир нече башка товарларга же кызмат көрсөтүүлөргө олуттуу таасир этет. Мисалы, айрым учурларда эки же андан көп товар же кызмат көрсөтүү бири-биринен өтө көзкаранды, анткени ишкана товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү өзүнчө берүү менен, өзүнүн убадасын аткара алмак эмес.

30 Эгерде убада кылынган товар же кызмат көрсөтүү айырмалануучу болуп саналбаса, ишкана айырмалануучу болуп саналган товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн пакетин идентификациялаганга чейин ал ушундай товарды же кызмат көрсөтүүнү убада кылынган башка товарлар же кызмат көрсөтүүлөр менен бириктирүүгө тийиш. Айрым учурларда бул ишкана аткарууга карата бир милдет катары келишим боюнча убада кылынган бардык товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү эске алышына алып келет.


© ФОЭС Фонду

## Аткарыла турган милдеттерди аткаруу

31 **Ишкана убада кылынган товарды же кызмат көрсөтүүнү (башкача айтканда, активди) сатып алуучуга берүү жолу менен аткарыла турган милдетти аткарган учурда (же аткарышына жараша) ишкана түшкөн кирешелерди таанууга тийиш. Актив сатып алуучу ушундай активге контролду алганда (же алышына жараша) берилет.**

32 22 – 30-пункттарга ылайык идентификацияланган аткарууга карай ар бир милдет үчүн ишкана келишимди түзүү учурунда ал аткарыла турган милдетти мезгил аралыгында (35 – 37-пункттарга ылайык) же болбосо белгилүү убакыт учурунда (38-пунктка ылайык) аткара тургандыгын же жоктугун аныктоого тийиш. Эгерде ишкана аткарыла турган милдетти мезгил аралыгында аткарбаса, анда аткарыла турган милдет белгилүү бир убакыт учурунда аткарылат деп эсептөө керек.

33 Аларды алуу жана пайдалануу учурунда товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр көз ирмемге гана (көптөгөн кызмат көрсөтүүлөр сыяктуу эле) өкүм сүргөн учурда да алар активдер болуп саналат. Активге контролдук кылуу аны пайдалануу ыкмасын аныктоо жана активден иш жүзүндө бардык калган пайдаларды алуу кудуретине кирет. Контролдоо пайдалануу ыкмасын аныктоого жана башка ишканалар активден пайда алышына тоскоолдук кылуу кудуретин өзүнө камтыйт. Төмөнкүдөй көптөгөн ыкмалар менен тикелей же кыйыр түрдө алынышы мүмкүн болгон потенциалдуу акча каражаттарынын агымдары (акча каражаттарынын кириши же чыгышын кыскартуу) активден алынуучу пайда болуп саналат:

(a) активди товарларды өндүрүү же кызмат көрсөтүү (анын ичинде коомдук кызмат көрсөтүүлөр) үчүн пайдалануу;

(b) активди башка активдердин наркын көбөйтүү үчүн пайдалануу;

(c) активди милдеттенмелерди төлөө же чыгашаларды кыскартуу үчүн пайдалануу;

(d) активди сатуу же алмашуу;

(e) активди зайым боюнча камсыздоо катарында берүү; жана

(f) активди кармап туруу.

34 Сатып алуучу активге контролду алышын баалап, ишкана активди кайра артка сатып алууга колдо болгон макулдашууну эске алууга тийиш (B64 - B76-пункттарды караңыз).

## Мезгил аралыгында аткарыла турган милдеттер

35 Эгерде ар кандай төмөнкүдөй критерийлер канааттандырылса, ишкана мезгил аралыгында товарга же кызмат көрсөтүүгө контролдук кылууну өткөрүп берет жана, тиешелүү түрдө, аткарыла турган милдетти аткарат жана түшкөн кирешени мезгил аралыгында тааныйт:

(a) сатып алуучу көрсөтүлгөн милдетти ишкана аткарышына жараша аны ишкана аткарышы менен байланышкан пайдаларды бир эле учурда алат жана керектейт (B3 - B4-пункттарды караңыз);

(b) ишкана аткарыла турган өз милдетин аткарышынын процессинде актив (мисалы, бүткөрүлбөгөн өндүрүш) түзүлөт же жакшырат, сатып алуучу ага контролду ушул активдин түзүлүшүнө же жакшырышына жараша алат (B5-пунктту караңыз); же болбосо

(c) ишкана өз милдетин аткарышы ишкана альтернативдүү максаттар үчүн пайдалана алышы мүмкүн болгон активди түзүүгө алып келбейт (36-пунктту караңыз) жана мында ишкана ушул убакытка карата аткарылган келишимдик

иштердин бир бөлүгү үчүн акыны алууга укуктук коргоо менен камсыз кылынган укукка ээ (37-пунктту караңыз).

36 Эгерде келишимдин шарттарында төмөнкүдөй активди түзүү же өркүндөтүү процессинде аны пайдалануунун башка максатын эркин аныктоого ишкананын мүмкүнчүлүгү чектелсе же болбосо эгерде ал активди даяр абалда аны пайдалануунун башка максатын эркин аныктоонун практикалык мүмкүнчүлүгүнө ээ болбосо, ишкананын ишмердүүлүгүнүн натыйжасында түзүлгөн актив ишкана үчүн пайдалануунун альтернативдүү ыкмасына ээ эмес. Ишканада активди альтернативдүү максаттар үчүн пайдалануу мүмкүнчүлүгүнүн болушун баалоо келишимди түзүү учурунда жүзөгө ашырылат. Келишимдин тараптары аткарыла турган милдетти олуттуу түрдө өзгөртө турган келишимди модификациялоону бекиткен учурларды кошпогондо, келишим түзүлгөндөн кийин ишкана активди альтернативдүү максаттар үчүн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн баалоону өзгөртө албайт. B6 - B8-пункттар ишканада активди альтернативдүү максаттар үчүн пайдалануу мүмкүнчүлүгү болушун баалоо боюнча колдонмону камтыйт.

37 Ишкана 35(c)-пунктка ылайык ушул убакытка аткарылган иштердин бир бөлүгү үчүн акы алууга укуктук коргоо менен камсыз кылынган укукка ал ээ экендиги же жоктугу жөнүндө маселени чечүүдө келишимдин шарттарын, ошондой эле келишимге карата колдонулуучу мыйзам актыларын талдоого тийиш. Ушул убакытка аткарылган иштердин бир бөлүгү үчүн акы алууга укук бекитилген сумма менен берилиши милдеттүү шарт болууга тийиш эмес. Бирок, эгерде сатып алуучу же башка тарап келишим боюнча өз милдеттерин ишкана аткарбагандыгына караганда башка негиздер боюнча келишимди бузса, келишимдин колдонулушунун мөөнөтүнүн аралыгында убакыттын ар кандай учурунда ишкана бери болгондо ушул убакытка аткарылган иштердин бир бөлүгүн ишканага компенсациялай турган суммага укуктуу болууга тийиш. B9 - B13-пункттар акы алууга укуктук коргоонун болушун баалоо жана укуктук коргоо менен камсыз кылынышы боюнча, ошондой эле акы алууга ишкананын укугу ушул убакытка аткарылган иштердин бир бөлүгү үчүн акыны талап кылуу үчүн негиз болуп санала тургандыгы же жоктугу жагынан колдонмону камтыйт.

## Белгилүү бир убакыт учурунда аткарыла турган милдеттер

38 Эгерде аткарыла турган милдет 35 – 37-пункттарга ылайык мезгил аралыгында аткарылбаса, ишкана белгилүү бир убакыт учурунда аткарыла турган милдетти аткарат. Сатып алуучу убада кылынган активге контролдукту алган, ал эми ишкана аткарыла турган милдетти аткарган убакыт учурун аныктоо үчүн ишкана 31 – 34-пункттардагы контролдоого карата талаптарды эске алууга тийиш. Мындан тышкары, ишкана контролду өткөрүп берүүнүн индикаторлорун эске алууга тийиш, алар башкалардын ичинде, өзүнө төмөндө саналгандарды камтыйт:

(a) Эгерде сатып алуучу ушул учурда активге акы төлөөнү жүзөгө ашырууга милдеттүү болсо, ишканада активге акы төлөөгө учурдагы укук бар, бул сатып алуучу алмашуунун маңызы болуп саналган активден калган бардык пайдаларды пайдалануу ыкмасын аныктоо жана иш жүзүндө алуу мүмкүнчүлүгүн алганын көрсөтө алат.

(b) Сатып алуучуда активге менчик укугу бар – менчик укугу келишимдин кайсы тарабы активден калган бардык пайданы пайдалануу ыкмасын аныктап жана иш жүзүндө алып же болбосо башка ишканалардын ушундай пайдаларга жеткиликтүүлүгүн чектей алаарын көрсөтүшү мүмкүн. Ошентип, активге менчик укугун өткөрүп берүү сатып алуучу активге контролду алгандыгы жөнүндө тастыкташы мүмкүн. Эгерде ишкана менчик укугун сатып алуучу тарабынан акы төлөөдөн коргоо үчүн гана сактаса, ишкананын мындай укуктары сатып алуучу активге контролду алышына тоскоолдук кылбайт.

(c) Ишкана активге иш жүзүндө ээлик кылуу укугун өткөрүп берди – сатып алуучу тарабынан активге иш жүзүндө ээлик кылуу сатып алуучуда активден калган бардык пайдаларды пайдалануу жана иш жүзүндө алуу ыкмасын аныктоого же болбосо ушундай пайдаларга башка ишканалардын жеткиликтүүлүгүн чектөөгө мүмкүнчүлүгү бар экенин көрсөтүшү мүмкүн. Бирок иш жүзүндө ээлик кылуу активге контролдук жокто да орун алышы мүмкүн. Мисалы, кайра артка сатып алуунун айрым келишимдеринде жана айрым консигнациялык макулдашууларда сатып алуучу же консигнатор ишкана контролдук кылган активге иш жүзүндө ээлик кыла алат. Жана тескерисинче, төлөмдү талап кылуу жана берүүнү кийинкиге калтыруу менен сатуу жөнүндө айрым макулдашууларда ишкана сатып алуучу контролдук кылган активге иш жүзүндө ээлик кыла алат. B64 - B76, B77 - B78 жана B79 - B82-пункттар кайра артка сатып алуу келишимдерин, консигнациялык макулдашууларды жана тиешелүү түрдө төлөмдү талап кылуу жана берүүнү кийинкиге калтыруу менен сатуу жөнүндө макулдашууларды эсепке алуу боюнча колдонмону камтыйт.

(d) Сатып алуучу активге менчик укугу менен байланышкан кыйла тобокелдиктерге жана пайдаларга кабылышы мүмкүн – активге менчик укугу менен байланышкан кыйла тобокелдиктерди жана пайданы сатып алуучуга өткөрүп берүү сатып алуучу иш жүзүндө активден калган бардык пайданы пайдалануу ыкмасын аныктоо жана алуу мүмкүнчүлүгүн алганын көрсөтүшү мүмкүн. Бирок, убада кылынган активге менчик укугу менен байланышкан тобокелдиктерди жана пайданы баалап, ишкана активди өткөрүп берүү боюнча аткарыла турган милдетке кошумча түрдө аткарууга карата айрым милдетти шарттаган ар кандай тобокелдиктерди жокко чыгарууга тийиш. Мисалы, ишкана активге контролдук кылууну сатып алуучуга бериши, бирок өткөрүп берилген активди учурдагы тейлөөнү камсыз кылуу боюнча аткарууга карата кошумча милдетти али аткарбашы мүмкүн.

(e) Сатып алуучу активди кабыл алды – сатып алуучу активди кабыл алышы ал иш жүзүндө активден калган бардык пайданы пайдалануу ыкмасын аныктоого жана алууга мүмкүнчүлүк алганын көрсөтүшү мүмкүн. Сатып алуучу кабыл алгандыгы жөнүндө келишимдин активге контролдук кылууну өткөрүп берүү учурун аныктоого таасирин баалоо үчүн ишкана B83 - B86-пункттардагы колдонмону эске алууга тийиш.

## Аткарыла турган милдетти аткаруунун даражасын баалоо

39 35 – 37-пункттарга ылайык мезгил аралыгында аткарууга карата ар бир милдет үчүн ишкана аткарыла турган милдетти толук аткаруунун даражасын баалап, мезгил аралыгындагы түшкөн кирешелерди таанууга тийиш. Аткаруу даражасын баалоонун максаты сатып алуучуга убада кылынган товарларга же кызмат көрсөтүүлөргө контролдук кылууну өткөрүп берүү боюнча ишкананын ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын (башкача айтканда, ишкананын аткарыла турган милдеттерин аткарууну) чагылдыруу болуп саналат.

40 Ишкана мезгил аралыгында аткарылуучу аткарууга карата ар бир милдет үчүн аткаруу даражасын аныктоонун бир методун колдонууга тийиш жана, мындан тышкары, мындай метод аткарууга карата окшош милдеттер жагынан жана окшош жагдайларда ырааттуу колдонулууга тийиш. Ар бир отчеттук мезгилдин аягына карата ишкана мезгил аралыгында аткарыла турган милдетти аткаруунун даражасын кайрадан баалоого тийиш.

© ФОЭС Фонду

### *Аткаруу даражасын баалоо методдору*

41 Натыйжалардын методдору жана ресурстардын методдору аткаруу даражасын баалоонун ойдогудай методдоруна кирет. B14 - B19-пункттар аткарыла турган милдетти ишкана аткарышынын даражасын баалоо үчүн натыйжалардын методдорун жана ресурстардын методдорун пайдалануу боюнча колдонмону камтыйт. Аткаруу даражасын баалоонун ойдогудай методун аныктап, ишкана сатып алуучуга өткөрүп берүүнү убада кылган товардын же кызмат көрсөтүүнүн мүнөзүн ишкана эске алууга тийиш.

42 Аткаруу даражасын баалоо методун колдонуу учурунда ишкана контролдук кылууну сатып алуучуга өткөрүп бербеген товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү аткаруу даражасын баалоодон чыгарып салууга тийиш. Жана тескерисинче, ишкана аткарыла турган милдетти аткарып, контролдук кылууну сатып алуучуга өткөрүп берген товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү аткаруу даражасын ишкана баалоого киргизүүгө тийиш.

43 Убакыттын өтүшү менен жагдайлардын өзгөрүшүнө жараша ишкана аткарыла турган милдеттерди аткаруунун натыйжаларынын өзгөрүүлөрүн чагылдыруу үчүн аткаруу даражасын баалоону жаңылап турууга тийиш. Аткаруу даражасын баалоонун ушундай өзгөрүүлөрү баалоо белгилериндеги өзгөртүүлөр катары *«Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар»* ФОЭС (IAS) 8ге ылайык эске алынууга тийиш.

### *Аткаруу даражасын негиздүү баалоолор*

44 Ишкана мезгил аралыгында аткарыла турган милдет боюнча түшкөн кирешелерди, эгерде ишкана аткарыла турган милдетти аткаруу даражасын негиздүү баалай алса гана, таанууга тийиш. Эгерде ишканада аткаруу даражасын баалоонун ойдогудай методун колдонуу үчүн талап кылына турган жетиштүү ишенимдүү маалымат болбосо, ал аткарыла турган милдетти аткаруу даражасын негиздүү баалоого кудуреттүү болбойт.

45 Айрым жагдайларда (мисалы, келишимди аткаруунун баштапкы этаптарында) ишкана аткаруу даражасын негиздүү баалоого кудуретсиз болушу, бирок мында аткарыла турган милдетти аткарууга байланыштуу жумшалган чыгымдардын ордун толтурууну күтүшү мүмкүн. Мындай жагдайларда ишкана аткарыла турган милдетти аткаруунун натыйжасын негиздүү баалай алган учурга чейин ишкана түшкөн кирешелерди тартылган чыгымдардын көлөмүндө гана таанууга тийиш.

## Баалоо

**46 Аткарыла турган милдет аткарылган учурда (же аткарылышына жараша) ишкана аткарууга карата ушул милдетке бөлүштүрүлүүчү операциянын (56 – 58-пункттарга ылайык чектелген болуп саналган өзгөрүлмө ордун толтурууну баалоону жокко чыгарган) баасынын бир бөлүгүн түшкөн кирешелер катары таанууга тийиш.**

### Операциянын баасын аныктоо

**47 Ишкана операциянын баасын аныктоо учурунда келишимдин шарттарын жана өзүнүн демейки иштиктүү практикасын талдоого тийиш. Операциянын баасы – бул үчүнчү тараптардын атынан алынган суммаларды (мисалы, сатуудан алынуучу айрым салыктарды) кошпогондо, убада кылынган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуучуга өткөрүп берүүнүн ордуна ишкана ага укукту алууну күтүп жаткан ордун толтуруунун суммасы. Сатып алуучу менен**

 © ФОЭС Фонду

**келишим боюнча убада кылынган ордун толтуруу бекитилген суммаларды, өзгөрүлмө суммаларды же болбосо экөөнү тең өзүнө камтышы мүмкүн.**

48 Сатып алуучу убада кылган ордун толтуруунун мүнөзү, аны убакытта бөлүштүрүү жана суммасы операциянын баасын баалоого таасир этет. Операциянын баасын аныктап, ишкана төмөндө саналган бардык факторлорду эске алууга тийиш;

(a) өзгөрүлмө ордун толтуруу (50 - 55 жана 59-пункттарды караңыз);

(b) өзгөрүлмө ордун толтуруунун бааларын чектөө (56 – 58-пункттарды караңыз);

(c) келишимде каржылоонун маанилүү компонентинин болушу (60 – 65-пункттарды караңыз);

(d) акчалай эмес ордун толтуруу (66 – 69-пункттарды караңыз);

(e) сатып алуучуга төлөнүүгө тийиш болгон ордун толтуруу (70 – 72-пункттарды караңыз).

49 Операциянын баасын аныктоо максаттары үчүн ишкана, учурдагы келишимге ылайык убада кылынгандай, товарлар же кызмат көрсөтүүлөр сатып алуучуга өткөрүп берилет жана келишим бузулбайт, узартылат же модификацияланат деп болжолдоого тийиш.

## Өзгөрүлмө ордун толтуруу

50 Эгерде келишим боюнча убада кылынган ордун толтуруу өзүнө өзгөрүлмө сумманы камтыса, ишкана убада кылынган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуучуга өткөрүп берүүнүн ордуна ишкана ага укук ала турган ордун толтуруунун суммасын баалоого тийиш.

51 Ордун толтуруунун суммасы арзандатуу, атайын арзандатуу, каражаттарды кайра кайтаруу, кредиттер, бааларды төмөндөтүү, натыйжалар үчүн стимулдар, бонустар, айып акылар же башка ушундай беренелер түрүндө өзгөрүп турушу мүмкүн. Эгерде ордун толтурууга ишкананын укугу келечектеги окуя болушуна же болбошуна байланыштуу болсо, убада кылынган ордун толтуруу да өзгөрүшү мүмкүн. Мисалы, эгерде продукция кайра кайтаруу укугу менен сатылган болсо же болбосо эгерде бекитилген сумма айрым этап аяктаган учурда натыйжалар үчүн бонус катарында убада кылынган болсо, ордун толтуруунун суммасы өзгөрүлмө болот.

52 Сатып алуучу убада кылган ордун толтуруунун өзгөрүлмө мүнөзү келишимде айкын көрсөтүлүшү мүмкүн. Келишимдин шарттарынан тышкары, убада кылынган ордун толтуруу төмөнкүдөй жагдайларда өзгөрүлмө болуп саналат:

(a) сатып алуучуда ишкананын демейки иштиктүү практикасы, жарыяланган саясат же конкреттүү билдирүүлөр менен шартталган, ишкана ордун толтуруунун суммасын кабыл алат, ал келишимде көрсөтүлгөндөн аз болот деген негиздүү болжолдор бар. Башка сөз менен айтканда, ишкана бааны төмөндөтүүнү сунуш кылат деп болжолдонот. Юрисдикцияга, тармакка же сатып алуучуга жараша мындай сунуш арзандатуу, кайра кайтарылуучу арзандатуу, каражаттарды кайра кайтаруу же кредит катары эске алынышы мүмкүн.

(b) башка фактылар жана жагдайлар сатып алуучу менен келишим түзүү учурунда ишкана сатып алуучуга бааны төмөндөтүүнү сунуш кылууга ниеттенип жаткандыгын көрсөтүп турат.

53 Ишкана төмөндө келтирилген методдордун кайсынысы ишкананын көз карашынан ишкана ага укук ала турган ордун толтуруунун суммасын мыкты болжолдой тургандыгына жараша алардын бирин пайдаланып, өзгөрүлмө ордун толтуруунун суммасын баалоого тийиш.

(a) Күтүлгөн нарк – бул анын мүмкүн болгон сандарынын диапазонунан күтүлгөн ордун толтуруунун мүмкүн болгон маанилеринин ыктымалдуулугун эске алуу

менен алынган сумма. Эгерде ишканада ушундай мүнөздөмөлөрү менен көп сандагы келишимдер бар болсо, күтүлгөн нарк өзгөрүлмө ордун толтуруунун суммасынын ойдогудай баалоосу болушу мүмкүн.

(b) Алда канча ыктымалдуу сумма – бул күтүлгөн ордун толтуруунун мүмкүн болгон белгилеринин диапазонунан анын бирден бир алда канча ыктымалдуу мааниси (башкача айтканда, келишимдин бирден бир алда канча ыктымалдуу натыйжасы). Эгерде келишимде мүмкүн болгон эки натыйжа гана болсо, алда канча ыктымалдуу сумма өзгөрүлмө ордун толтуруунун суммасынын ойдогудай баалоосу болушу мүмкүн.

54 Ишкана келишимдин алкагында айкын эместиктин таасирин баалоодо ишкана ага укук ала турган өзгөрүлмө ордун толтуруунун суммасына бир методду ырааттуу колдонууга тийиш. Мындан тышкары, ишкана өзү үчүн негиздүү түрдө жеткиликтүү болуп саналган бүткүл маалыматты (өткөн мезгилдерге тиешелүү болгон, учурдагы жана болжолдорду) талдоого жана ордун толтуруу суммасынын ыктымалдуу маанилеринин негиздүү санын идентификациялоого тийиш. Өзгөрүлмө ордун толтуруунун суммасын баалоо үчүн ишкана колдонуп жаткан маалымат, эреже катары, тендердик жол-жобонун алкагында жана убада кылынган товарларга же кызмат көрсөтүүлөргө бааларды аныктоодо ишкананын жетекчилиги колдоно турган маалыматка окшош.

### *Каражаттарды кайра кайтаруу жагындагы милдеттенмелер*

55 Эгерде ишкана сатып алуучудан ордун толтурууну алса жана ал сатып алуучуга ушул ордун толтуруунун бардыгын же бир бөлүгүн кайра кайтарат деп күтсө, ишкана каражаттарды кайра кайтаруу жагындагы милдеттенмени таанууга тийиш. Каражаттарды кайра кайтаруу жагындагы милдеттенме ишкана ага укук алууну күтүп жаткан алынган (же алынууга тийиш болгон) ордун толтуруунун суммасы (башкача айтканда, операциянын баасына киргизилбеген сумма) боюнча бааланат. Каражаттарды кайра кайтаруу жагындагы милдеттенмени (жана операциянын баасын тиешелүү өзгөртүүнү жана, тиешелүү түрдө, *келишим боюнча милдеттенмелерди*) жагдайлардын өзгөрүшүн эске алуу менен ар бир отчеттук мезгилдин аягында оңдоп-түзөө зарыл. Кайра кайтаруу укугу менен сатууга тиешелүү каражаттарды кайра кайтаруу жагындагы милдеттенмелерди эске алуу үчүн ишкана B20 - B27-пункттардагы колдонмону колдонууга тийиш.

### *Өзгөрүлмө ордун толтурууну баалоону чектөө*

56 Ишкана операциянын баасына 53-пунктка ылайык бааланган өзгөрүлмө ордун толтуруунун айрым бир бөлүгүн же бүткүл суммасын өзгөрүлмө ордун толтуруу менен байланышкан айкын эместик кийин чечилген учурда таанылган топтолгон кирешенин суммасынын олуттуу өзгөрүшү болуп өтпөй тургандыгы толук ыктымалдуу болгон даражада кошууга тийиш.

57 Өзгөрүлмө ордун толтуруу менен байланышкан айкын эместикти кийин чечүүдөн кийин топтолгон таанылган түшкөн кирешенин суммасын кыйла калыбына келтирүү болуп өтпөй тургандыгынын толук ыктымалдуулугун баалоодо, ишкана түшкөн кирешелердин калыбына келтирилишинин ыктымалдуулугун, ошондой эле көлөмүн эске алууга тийиш. Түшкөн кирешелердин калыбына келтирилишинин ыктымалдуулугун же көлөмүн жогорулатышы мүмкүн болгон факторлор өзүнө төмөндөгүлөрдүн кайсынысы болбосун камтыйт, бирок чектелбейт:

(a) ордун толтуруунун суммасы ишкана таасир эте албай турган факторлорго өтө туруштук бере албайт. Мындай факторлор өзүнө рыноктогу өзгөрүлмөлүүлүктү, үчүнчү тараптардын ой жүгүртүүлөрүн же аракеттерин, аба ырайынын шарттарын жана убада кылынган товардын же кызмат

 © ФОЭС Фонду

көрсөтүүнүн моралдык жактан эскиришинин жогорку тобокелдигин камтышы мүмкүн.

(b) ордун толтуруунун суммасы жагындагы айкын эместикти чечүү узак мезгил аралыгында күтүлөт.

(c) келишимдердин окшош түрлөрүнүн контекстинде ишкананын тажрыйбасы (же башка ырастоо) чектелүү же болбосо тажрыйбанын (же башка ырастоонун) чектелген болжолдуу баалуулугу бар.

(d) ишканада бааны төмөндөтүүнүн кеңири спектрин сунуш кылуунун же болбосо окшош жагдайларда окшош келишимдер боюнча төлөмдүн мөөнөттөрүн жана шарттарын өзгөртүүнүн практикасы түзүлгөн.

(e) келишим ордун толтуруунун ыктымалдуу суммаларынын алда канча көп санын жана кеңири спектрин карайт.

58 Ишкана интеллектуалдык менчикке лицензиянын ордуна убада кылынган, сатууларга же пайдаланууга негизделген роялти формасындагы ордун толтурууну эсепке алуу үчүн B63-пунктту колдонууга тийиш.

### *Өзгөрүлмө ордун толтурууну кайра баалоо*

59 Отчеттук мезгилдин аягына карата орун алган жагдайларды туура көрсөтүү жана отчеттук мезгилдин ичинде жагдайларды өзгөртүү үчүн ар бир отчеттук мезгилдин аягында ишкана операциянын баасын баалоону жаңылоого (анын ичинде өзгөрүлмө ордун толтуруунун баасы чектелген болуп саналгандыгын же жоктугун талдоону жаңылоого) тийиш. Ишкана 87 – 90-пункттарга ылайык операциянын баасы өзгөрүшүн эске алууга тийиш.

## Келишимде каржылоонун маанилүү компонентинин болушу

60 Эгерде келишимдин тараптары макулдашкан төлөмдөрдүн мөөнөттөрү (айкын же айкын эмес) сатып алуучуга же ишканага товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуучуга өткөрүп берүүнү каржылоодон кыйла пайданы билдирсе, операциянын баасын аныктап, ишкана акчанын убакыт ичиндеги наркынын таасирин эске алуу менен ордун толтуруунун убада кылынган суммасын оңдоп-түзөөгө тийиш. Мындай жагдайларда келишим каржылоонун маанилүү компонентин камтыйт. Каржылоонун маанилүү компоненти каржылоону убада кылуу келишимде ачык формада көрсөтүлгөнүнө же жоктугуна же келишимдин тараптары макулдашкан акы төлөө шарттарында эске алынганына же жоктугуна карабастан болушу мүмкүн.

61 Каржылоонун маанилүү компонентин эске алуу менен ордун толтуруунун убада кылынган суммасын оңдоп-түзөөнүн максаты, эгерде сатып алуучу төмөнкүдөй товарлар же кызмат көрсөтүүлөр үчүн акча каражаттарын алар сатып алуучуга өткөндө (же өтүшүнө жараша) төлөгөн (башкача айтканда, сатуунун «акчалай» баасы) болсо, ишкана түшкөн кирешелерди сатып алуучу убада кылынган товарлар же кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөй турган бааны чагылдырган суммада таануу болуп саналат. Келишим каржылоонун компонентин камтый тургандыгын жана каржылоонун компоненти келишим, анын ичинде төмөнкүдөй эки фактор үчүн маанилүү болуп санала тургандыгын же жоктугун аныктоодо бардык жөндүү фактыларды жана жагдайларды эске алууга тийиш:

(a) убада кылынган ордун толтуруунун суммасынын жана убада кылынган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү сатуунун «акчалай» баасынын ортосундагы айырма (ал бар болсо); жана

(b) төмөндөгү эки фактордун жыйынды таасири:

(i) убада кылынган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуучуга өткөрүп берүүнүн жана сатып алуучу ушундай товарларга же кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөгөн учурдун ортосундагы күтүлгөн убакыт аралыгы; жана

(ii) тиешелүү рынокто басымдуулук кылган пайыздык ставкалар.

62 61-пункттагы талдоонун натыйжаларына карабастан сатып алуучу менен келишимде төмөнкүдөй ар кандай факторлор болгон учурда каржылоонун маанилүү компоненти болбойт:

(a) сатып алуучу товарларга же кызмат көрсөтүүлөргө күн мурунтан акы төлөдү жана мындай товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү өткөрүп берүү мөөнөттөрүн сатып алуучу аныктайт.

(b) сатып алуучу убада кылган ордун толтуруунун кыйла бөлүгү өзгөрүлмө болуп саналат, ал эми ушундай ордун толтуруунун суммасы же аны төлөө мөөнөттөрү иш жүзүндө сатып алуучунун же ишкананын контролунда болбогон келечектеги окуя болгонуна же боло электигине жараша өзгөрүп турат (мисалы, эгерде ордун толтуруу сатууларга негизделген роялти менен берилсе).

(c) убада кылынган ордун толтуруунун жана товарды же кызмат көрсөтүүнү сатуунун «акчалай» баасынын ортосундагы айырма (61-пунктта сыпатталгандай) сатып алуучуга же болбосо ишканага каржылоону берүүдөн айырмаланган себептер боюнча келип чыгат жана анын келип чыгышынын себебине барабар. Мисалы, акы төлөөнүн шарттары ишкананы же сатып алуучуну келишим боюнча өзүнүн айрым же бардык милдеттенмелерин тиешелүү түрдө аткарууга экинчи тараптын кудуретсиздигинен коргой алат.

63 Эгерде келишимди түзүү учурунда ишкана убада кылынган товарды же кызмат көрсөтүүнү сатып алуучуга өткөрүп берүүнүн жана сатып алуучу ушундай товарга же кызмат көрсөтүүгө акы төлөшүнүн ортосундагы мезгил бир жылдан ашык эмести түзөт деп күтсө, практикалык мүнөздөгү жөнөкөйлөтүү катарында ишкана каржылоонун маанилүү компонентинин таасирин эске алуу менен убада кылынган сумманы оңдоп-түзөй алат.

64 Каржылоонун маанилүү компонентин эске алуу менен ордун толтуруунун убада кылынган суммасын оңдоп-түзөө учурунда 61-пунктта көрсөтүлгөн максатка жетишүү үчүн ишкана келишимди түзүү учурундагы ишкананын жана анын сатып алуучусунун ортосундагы каржылоонун өзүнчө операциясы үчүн колдонула турган дисконттоо ставкасын колдонууга тийиш. Мындай ставка келишим боюнча каржылоону, ошондой эле сатып алуучу же ишкана берген камсыздоону же күрөөнү, анын ичинде келишимдин алкагында берилүүчү активдерди алып жаткан тараптын кредиттик мүнөздөмөлөрүн чагылдырат. Ишкана ушундай ставканы убада кылынган ордун толтуруунун номиналдык суммасын сатып алуучу товарлар же кызмат көрсөтүүлөр үчүн алар сатып алуучуга өткөн мезгилде (же өтүшүнө жараша) акча каражаттары менен төлөгөн баага чейин дисконттолгон ставканы идентификациялоо аркылуу аныктоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу мүмкүн. Келишим түзгөндөн кийин ишкана пайыздык ставкалардын же башка милдеттенмелердин өзгөртүүлөрүн (мисалы, сатып алуучунун кредиттик тобокелдигинин баасынын өзгөрүшү) эске алуу менен дисконттоо ставкаларын оңдоп-түзөөгө тийиш эмес.

65 Ишкана жыйынды киреше жөнүндө отчетто каржылоонун таасирин (пайыздык түшкөн кирешелер же пайыздык чыгашалар) сатып алуучу менен келишим боюнча түшкөн кирешелерден өзүнчө берүүгө тийиш. Пайыздык түшкөн кирешелер же пайыздык чыгашалар сатып алуучу менен келишимди эске алуу учурунда *келишим боюнча актив* (же дебитордук карыз) же келишим боюнча милдеттенме деп таанылган даражада гана таанылат.

 © ФОЭС Фонду

## Акчалай эмес ордун толтуруу

66 Алар боюнча сатып алуучу акча каражаттарынан айырмаланган формада ордун толтурууну убада кылган келишимдер үчүн операциянын баасын аныктоо үчүн ишкана акчалай эмес ордун толтурууну (же акчалай эмес ордун толтурууну убада кылууну) адилет нарк боюнча баалоого тийиш.

67 Эгерде ишкана акчалай эмес толтуруунун адилет наркын негиздүү баалай албаса, ишкана ордун толтурууну кыйыр, ордун толтуруунун ордуна сатып алуучуга (же сатып алуучулардын классына) убада кылынган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү бөлөк сатуунун баасынын негизинде баалоого тийиш.

68 Акчалай эмес толтуруунун адилет наркы ордун толтуруунун формасына жараша өзгөрүшү мүмкүн (мисалы, ишкана сатып алуучудан алууга укуктуу болгон акциянын баасынын өзгөрүшү). Эгерде сатып алуучу убада кылган акчалай эмес толтуруунун адилет наркы ордун толтуруунун формасынан айырмаланган себептер боюнча өзгөрүп жатса (мисалы, адилет нарк ишкананын ишмердүүлүгүнүн натыйжаларына жараша өзгөрүшү мүмкүн), ишкана 56 – 58-пункттардагы талаптарды колдонууга тийиш.

69 Эгерде сатып алуучу ишкана келишимди аткарышына көмөк көрсөтүү максатында товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү (мисалы, материалдар, жабдуу же персонал) берсе, ишкана ушундай берилген товарларга же кызмат көрсөтүүлөргө контролдукту алаарын же жоктугун баалоого тийиш. Эгерде бул ушундай болсо, ишкана берилген товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуучудан алынган акчалай эмес толтуруу катары эске алууга тийиш.

## Сатып алуучуга төлөнүүгө тийиш болгон ордун толтуруу

70 Сатып алуучуга төлөнүүгө тийиш болгон ордун толтуруу өзүнө ишкана сатып алуучуга (же ишкананын товарларын же кызмат көрсөтүүлөрүн сатып алуучудан сатып алган башка тараптарга) төлөп жаткан же төлөй тургандыгы күтүлүп жаткан акча каражаттарынын суммаларын камтыйт. Сатып алуучуга төлөнүүгө тийиш болгон ордун толтуруу ошондой эле өзүнө ишканага (же сатып алуучудан товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алган башка тараптарга) таандык болгон суммалардын ордуна чегерилиши мүмкүн болгон кредитти же башка статьяларды (мисалы, купон же ваучер) камтыйт. Сатып алуучу ишканага берип жаткан айырмаланган товардын же кызмат көрсөтүүнүн ордуна төлөм сатып алуучунун пайдасына жүргүзүлүп жаткан учурларды (26 – 30-пункттарда сыпатталгандай) кошпогондо, ишкана сатып алуучуга төлөнүүгө тийиш болгон ордун толтурууну операциянын баасын жана тиешелүү түрдө түшкөн кирешелерди азайтуу катары эске алууга тийиш. Эгерде сатып алуучуга төлөнүүгө тийиш болгон ордун толтуруу өзүнө өзгөрүлмө сумманы камтыса, ишкана 50 – 58-пункттарга ылайык операциянын баасын баалоого (анын ичинде өзгөрүлмө ордун толтурууну баалоо чектелүү болуп саналбай тургандыгы жагынан талдоону жүргүзүүгө) тийиш.

71 Эгерде сатып алуучуга төлөнүүгө тийиш болгон ордун толтуруу сатып алуучу бере турган айырмаланган товар же кызмат көрсөтүү үчүн акы болуп саналса, ишкана товарды же кызмат көрсөтүүнү сатып алууну ал жабдуучулардан башка сатып алууларды эске алгандай түрдө эске алууга тийиш. Эгерде сатып алуучуга төлөнүүгө тийиш болгон ордун толтуруунун суммасы ишкана сатып алуучудан алып жаткан айырмаланган товардын же кызмат көрсөтүүнүн адилет наркынан ашса, ишкана ушундай ашып кетүүнү операциянын баасын азайтуу катары эске алууга тийиш. Эгерде ишкана сатып алуучудан алынган товардын же кызмат көрсөтүүнүн адилет наркын негиздүү баалай албаса, ал сатып алуучуга төлөнүүгө тийиш болгон бардык ордун толтурууларды операциянын баасын азайтуу катары эске алууга тийиш.

72 Тиешелүү түрдө, эгерде сатып алуучуга төлөнүүгө тийиш болгон ордун толтуруу операциянын баасын азайтуу катары эске алынса, ишкана төмөндө келтирилген эки

окуядан алда канча кеч болуп өткөндө (же ага жараша) түшкөн кирешелердин азайышын таануга тийиш:

(a) ишкана сатып алуучуга тиешелүү товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү өткөрүп берүү жагынан түшкөн кирешелерди таанайт; жана

(b) ишкана ордун толтурууну (эгерде төлөм келечектеги окуя менен шартталган болсо да) төлөйт же төлөөгө убада берет. Мындай убада ишкананын демейки бизнес практикасы деп түшүнүлүшү мүмкүн.

## Операциянын баасын аткарыла турган милдеттерге бөлүштүрүү

73 **Операциянын баасын бөлүштүрүүнүн максаты ишкана аткарууга (же айырмаланган товарга же кызмат көрсөтүүгө) карата ар бир милдетке операциянын баасын сатып алуучуга убада кылынган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү өткөрүп берүүнүн ордуна ишкана ага укук алууну күтүп жаткан ордун толтуруунун көлөмүн чагылдырган суммада бөлүштүрүшү болуп саналат.**

74 Бул максатка жетишүү үчүн ишкана операциянын баасын 76 – 80-пункттарга ылайык бөлөк сатуунун салыштырма баасынын негизинде келишимде идентификацияланган аткарууга карата ар бир милдетке бөлүштүрүүгө тийиш, буга 81 – 83-пункттарда (арзандатууну бөлүштүрүү үчүн) жана 84 - 86-пункттарда (өзүнө өзгөрүлмө суммаларды камтыган ордун толтурууну бөлүштүрүү үчүн) сыпатталган кырдаалдар кирбейт.

75 Эгерде келишимде аткарууга карата бир гана милдет бар болсо, 76 – 86-пункттар колдонулбайт. Бирок, эгерде ишкана 22(b)-пунктка ылайык аткарууга карата бир милдет катарында идентификацияланган, айырмаланган бир катар товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү өткөрүп берүүнү убада кылса, ал эми убада кылынган ордун толтуруу өзүнө өзгөрүлмө суммаларды камтыса, 84 - 86-пункттар колдонулушу мүмкүн.

## Бөлөк сатуунун бааларынын негизинде бөлүштүрүү

76 Бөлөк сатуунун салыштырма баасынын негизинде операциянын баасын аткарууга карата ар бир милдетке бөлүштүрүү үчүн ишкана келишим боюнча аткарууга карата ар бир милдеттин негизиндеги айырмаланган товар же кызмат көрсөтүү үчүн келишим түзүү учурундагы бөлөк сатуунун баасын аныктоого жана операциянын баасын бөлөк сатуунун ушундай бааларына пропорционалдуу бөлүштүрүүгө тийиш.

77 Бөлөк сатуунун баасы – бул ишкана сатып алуучуга ал боюнча убада кылынган товарды же кызмат көрсөтүүнү өз-өзүнчө саткан баа. Ишкана мындай товарды же кызмат көрсөтүүнү окшош жагдайларда жана окшош сатып алуучуларга өз-өзүнчө саткан учурда товардын же кызмат көрсөтүүнүн байкалган баасы. Келишимде көрсөтүлгөн баа же прейскурант боюнча баа ушундай товарды же кызмат көрсөтүүнү бөлөк сатуунун баасы боло албайт (бирок өзүнөн-өзү ушундай деп эсептелүүгө тийиш эмес).

78 Эгерде бөлөк сатуунун баасы тикелей байкоо жүргүзүлүүчү болуп саналбаса, ишкана бөлөк сатуунун баасын операциянын баасын бөлүштүрүү 73-пункттагы бөлүштүрүү максаттарына жооп беришине алып келе турган сумма боюнча баалоого тийиш. Бөлөк сатуунун баасын баалап, ишкана өзү үчүн негиздүү жеткиликтүү болуп саналган бүткүл маалыматты (анын ичинде рыноктук шарттарды, ишканага мүнөздүү факторлорду жана сатып алуучу же сатып алуучулардын классы жөнүндө маалыматты) талдоого тийиш. Мында ишкана байкоо жүргүзүлүүчү баштапкы маалыматтарды максималдуу колдонууга жана баалоо методдорун окшош жагдайларда ырааттуу колдонууга тийиш.


© ФОЭС Фонду

79 Товарды же кызмат көрсөтүүнү бөлөк сатуунун баасын баалоонун ылайыктуу методдору өзүнө, башкалардын ичинде, төмөндө саналгандарды камтыйт:

(a) Оңдоп-түзөтүлгөн рыноктук баага негизделген ыкма – ишкана өзү товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү сатып жаткан рынокту талдоону жүргүзүп жана сатып алуучу ушундай рынокто ушундай товарлар же кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөөгө макул боло турган бааны аныктай алат. Мындай ыкма ошондой эле ушундай товарларга же кызмат көрсөтүүлөргө ишкананын атаандаштарынын баасын пайдаланууну жана бул ушундай бааларды ишкананын чыгымдарын жана маржаларын чагылдыруу үчүн зарыл болгон даражада оңдоп-түзөөнү билдириши мүмкүн.

(b) Маржаны эске алуу менен күтүлгөн чыгымдарга негизделген ыкма – ишкана аткарыла турган милдетти аткарууга өзүнүн күтүлгөн чыгымдарын болжолдоп, андан соң бул товар же кызмат көрсөтүү үчүн тиешелүү маржаны кошо алат.

(c) Калдык ыкмасы – ишкана келишим боюнча убада кылынган башка товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү бөлөк сатуунун байкоо жүргүзүлүүчү бааларынын суммаларын алып салуу менен операциянын жалпы баасынын негизинде бөлөк сатуунун баасын баалай алат. Бирок ишкана (78-пунктка ылайык) товарды же кызмат көрсөтүүнү бөлөк сатуунун баасын баалоо үчүн калдык ыкмасын төмөнкүдөй критерийлердин бири сакталган учурда гана пайдалана алат:

(i) ишкана бир эле товарды же кызмат көрсөтүүнү ар башка сатып алуучуларга (бир эле учурда же дээрлик бир учурда) сатып, мында олуттуу айырмаланган суммаларды алат (башкача айтканда, сатуунун баасы жогорку даражада өзгөрүлмө болуп саналат, анткени бөлөк сатуунун типтүү баасы операциялардын негизинде өткөн же башка байкоо жүргүзүлүүчү ырастоолордо айкын болуп саналат); же болбосо

(ii) ишкана мындай товарга же кызмат көрсөтүүгө бааны али белгилей элек, ал эми товар же кызмат көрсөтүү мурда өзүнчө сатылган эмес (башкача айтканда, сатуунун баасы айкын эмес болуп саналат).

80 Эгерде төмөнкүдөй эки же бир нече товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн жогорку даражада бөлөк сатуунун өзгөрүлмө же айкын эмес баалары бар болсо, келишим боюнча убада кылынган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү бөлөк сатуунун баасын баалоо үчүн методдордун комбинациясы керек болушу мүмкүн. Мисалы, ишкана бөлөк сатуунун жогорку даражадагы өзгөрүлмө же айкын эмес баалары бар, убада кылынган товарлар же кызмат көрсөтүүлөр үчүн бөлөк сатуунун агрегацияланган баасын баалоо үчүн калдык ыкмасын пайдаланып, андан соң калдык ыкмасына ылайык аныкталган бөлөк сатуунун ушундай агрегацияланган эсептик баасы жагынан ар бир калдык товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү бөлөк сатуунун баасын баалоонун башка методун пайдалана алат. Ишкана келишим боюнча ар бир убада кылынган товарды же кызмат көрсөтүүнү бөлөк сатуунун баасын баалоо үчүн методдордун комбинациясын колдонгон учурунда ишкана бөлөк сатуунун ушундай эсептик бааларынын негизинде операциянын баасын бөлүштүрүү 73-пункттагы операциянын баасын бөлүштүрүүнүн максаттарына жана 78-пункттагы бөлөк сатуунун бааларын баалоого карата талаптарга ылайык келе тургандыгын же жоктугун баалоого тийиш.

## Арзандатууну бөлүштүрүү

81 Эгерде келишим боюнча убада кылынган ушундай товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү бөлөк сатуунун бааларынын суммасы келишим боюнча убада

кылынган ордун толтуруудан ашса, сатып алуучу товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн пакетин сатып алгандыгы үчүн арзандатууну алат. 82-пунктка ылайык ишкана бааны бүткүл төмөндөтүү келишим боюнча аткарууга карата бир же бир нече, бирок бардык эмес милдеттерге гана тиешелүү экендигинин байкоо жүргүзүлүүчү ырастоого ээ болгон кырдаалдарды кошпогондо, ишкана арзандатууну келишим боюнча аткарууга карата бардык милдеттерге пропорционалдуу бөлүштүрүүгө тийиш. Ушундай жагдайларда арзандатууну пропорционалдуу бөлүштүрүү ишкана тиешелүү айырмаланган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү бөлөк сатуунун негизинде аткарууга карата ар бир милдетке операциянын баасын бөлүштүрүшүнүн натыйжасы болуп саналат.

82 Ишкана төмөндөгү бардык критерийлер сакталган учурда келишим боюнча аткарууга карата бир же бир нече, бирок бардык эмес милдеттерге бүткүл арзандатууну бөлүштүрүүгө тийиш:

(a) ишкана келишимдеги ар бир айырмаланган товарды же кызмат көрсөтүүнү (же айырмаланган товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн ар бир пакетин) дайыма өзүнчө сатат;

(b) ишкана ошондой эле ар бир пакеттеги товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү бөлөк сатуунун баасына карата арзандатуу менен айрым ушундай айырмаланган товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн пакетин (же пакеттерин) дайыма өзүнчө сатат; жана

(c) 82(b)-пунктта баяндалган товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн ар бир пакетине тиешелүү арзандатуу иш жүзүндө келишимдеги арзандатуудай болуп саналат, ал эми ар бир пакеттеги товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү талдоо келишимде каралган бүткүл арзандатуу ага кирген аткарыла турган милдеттин (же аткарыла турган милдеттердин) байкоо жүргүзүлүүчү ырастоосун камсыз кылат.

83 Эгерде бүткүл арзандатуу 82-пунктка ылайык келишимде аткарууга карата бир же бир нече милдеттерге тиешелүү болсо, ишкана 79(c)-пунктка ылайык товарды же кызмат көрсөтүүнү бөлөк сатуунун баасын баалоо үчүн калдык ыкмасын пайдаланганга чейин арзандатууну бөлүштүрүүгө тийиш.

### Өзгөрүлмө ордун толтурууну бөлүштүрүү

84 Келишим боюнча убада кылынган өзгөрүлмө ордун толтуруу бүткүл келишимге же анын айрым бөлүгүнө, мисалы, төмөнкүлөрдүн бирөөсүнө таандык болушу мүмкүн:

(a) келишимдеги аткарууга карата бир же бир нече, бирок бардык эмес милдеттерге (мисалы, бонус ишкана конкреттүү убада кылынган товарды же кызмат көрсөтүүнү көрсөтүлгөн мезгил аралыгында өткөрүп беришине байланыштуу болушу мүмкүн); же болбосо

(b) 22(b)-пунктка ылайык аткарууга карата бир милдетти билдирген бир катар айырмаланган товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн алкагында убада кылынган бир же бир нече, бардык эмес айырмаланган товарларга же кызмат көрсөтүүлөргө (мисалы, жууп-тазалоо боюнча кызмат көрсөтүүгө эки жылдык келишимдин экинчи жылы үчүн убада кылынган ордун толтуруу инфляциянын айтылган индексинин өзгөрүүлөрүнүн негизинде көбөйөт).

85 Ишкана бүткүл өзгөрүлмө сумманы (жана ушундай сумманын кийинки өзгөрүүлөрүн) аткарыла турган милдетке же төмөнкүдөй эки критерий сакталган шартта 22(b)-пунктка ылайык аткарыла турган бир милдеттин бир бөлүгү болуп саналган, айырмаланган товарга же кызмат көрсөтүүгө бөлүштүрүүгө тийиш:

(a) өзгөрүлмө төлөмдүн шарттары түздөн-түз аткарыла турган милдетти аткаруу боюнча ишкананын ишмердүүлүгүнө же айырмаланган товарды же кызмат

көрсөтүүнү өткөрүп берүүгө (аткарыла турган милдетти аткаруунун же айырмаланган товарды же кызмат көрсөтүүнү өткөрүп берүүнүн конкреттүү натыйжасына) кирет; жана

(b) ордун толтуруунун бүткүл өзгөрүлмө суммасын аткарыла турган милдетке же айырмаланган товарга же кызмат көрсөтүүгө бөлүштүрүү аткарууга карата бардык милдеттерди жана келишим боюнча төлөө шарттарын кароо учурунда 73-пункттагы бөлүштүрүү максаттарына ылайык келет.

86 73 – 83-пункттардагы операциянын баасын бөлүштүрүүгө карата талаптар 85-пункттагы критерийлерди канааттандырбаган операциялардын баасынын калган суммасын бөлүштүрүү үчүн колдонулууга тийиш.

## Операциянын баасынын өзгөрүүлөрү

87 Келишимди түзгөндөн кийин операциянын баасы ар кандай себептерден, анын ичинде айкын эместик чечилишинен же убада кылынган товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн ордуна ишкана ага укукту алууну күтүп жаткан ордун толтуруунун суммасын өзгөртө турган жагдайлардын башкача өзгөрүүлөрүнөн улам өзгөрүшү мүмкүн.

88 Ишкана операциянын баасын ар кандай кийинки өзгөртүүлөрдү келишимди түзүү учурундагыдай эле негизде келишимдеги аткарыла турган милдеттерге бөлүштүрүүгө тийиш. Тиешелүү түрдө, ишкана келишимди түзгөндөн кийин бөлөк сатуунун баасынын өзгөртүүлөрүн чагылдыруу үчүн операциянын баасын кайрадан бөлүштүрүүгө тийиш эмес. Аткарылган аткарыла турган милдетке бөлүштүрүлгөн суммалар операциянын баасын өзгөртүү болуп өткөн мезгилдеги түшкөн кирешелер катары же түшкөн кирешелерди азайтуу катары таанылууга тийиш.

89 Ишкана операциянын баасынын өзгөрүүсүн аткарууга карата бир же бир нече, бирок бардык эмес милдеттерге же 22(b)-пунктка ылайык аткарууга карата бир милдетке киргизиле турган бир катар айырмаланган товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн алкагында убада кылынган, айырмаланган товарларга же кызмат көрсөтүүлөргө 85-пунктта келтирилген, өзгөрүлмө ордун толтурууну бөлүштүрүүгө тиешелүү критерийлер аткарылган учурда гана бөлүштүрүүгө тийиш.

90 Ишкана 18 – 21-пункттарга ылайык келишимди модификациялоонун натыйжасында келип чыккан операциянын баасынын өзгөрүүсүн эске алууга тийиш. Бирок келишим модификациялангандан кийин болуп өткөн операциянын баасы өзгөргөн учурда ишкана жагдайларга жараша төмөндөгү методдордун бирин пайдаланып, операциянын баасын өзгөртүүнү бөлүштүрүү үчүн 87 – 89-пункттарды колдонууга тийиш:

(a) Эгерде ошондой эле операциянын баасынын өзгөрүшү келишим модификацияланганга чейин убада кылынган көлөмдө өзгөрүлмө ордун толтуруунун суммасына таандык болсо, ал эми модификациянын өзү 21(a)-пунктка ылайык эске алынса, ишкана операциянын баасынын өзгөрүүсүн келишим модификацияланганга чейин анда идентификацияланган аткарыла турган милдеттерге бөлүштүрүүгө тийиш.

(b) Келишимдин модификациясы 20-пунктка ылайык өзүнчө келишим катары эске алынбаган калган учурларда ишкана операциянын баасынын өзгөрүшүн модификацияланган келишимдеги аткарыла турган милдеттерге (башкача айтканда, түздөн-түз модификациялоодон кийин аткарылбаган же жарым-жартылай аткарылбаган аткарыла турган милдеттерге) бөлүштүрүүгө тийиш.

© ФОЭС Фонду

## Келишим боюнча чыгымдар

### Келишим түзүүгө кошумча чыгымдар

91 **Ишкана сатып алуучу менен келишим түзүүгө кошумча чыгымдарды, эгерде ишкана мындай чыгымдардын ордун толтурууну күтүп жатса, актив катарында таанууга тийиш.**

92 Келишим түзүүгө кошумча чыгымдар – булар, эгерде келишим түзүлбөгөн болсо, сатып алуучу тартпай турган аны менен келишимди түзүүгө байланыштуу ишкана тарткан чыгымдар (мисалы, сатуу үчүн комиссия).

93 Келишим түзүүгө карабастан тартылышы мүмкүн болгон келишим түзүүгө чыгымдар келип чыгышына жараша чыгашалар катары таанылууга тийиш, буга ушундай чыгымдар келишим түзүлө турганына же жоктугуна карабастан сатып алуучу тарабынан сөзсүз орду толтурула турган учурлар кирбейт.

94 Эгерде андай болбогон учурда ишкана тааный турган активдин амортизациясынын мөөнөтү бир жылдан ашык эмести түзгөн болсо, практикалык мүнөздү жеңилдетүү катарында ишкана келишим түзүүгө кошумча чыгымдарды келип чыгышына жараша чыгашалар катары таанышы мүмкүн.

### Келишимди аткарууга чыгымдар

95 **Эгерде сатып алуучу менен келишимди аткаруу учурунда тарткан чыгымдар башка стандартты (мисалы, «*Запастар*» ФОЭС (IAS) 2, «*Негизги каражаттар*» ФОЭС (IAS) 16 же «*Материалдык эмес активдер*» ФОЭС (IAS) 38) колдонуу чөйрөсүнө туш келбесе, ишкана келишимди аткарууга чыгымдарга байланыштуу активди ушундай чыгымдар төмөндөгү бардык критерийлерди канааттандырган учурда гана таанууга тийиш:**

- **(a) чыгымдар түздөн-түз келишимге же ишкана айрым түрдө идентификациялай ала турган болжолдонгон келишимге кирет (мисалы, учурдагы келишимди узартуу учурунда бериле турган кызмат көрсөтүүлөргө кирген чыгымдар же али бекитиле элек конкреттүү келишим боюнча өткөрүп бериле турган активди долбоорлоого чыгымдар);**
- **(b) чыгымдар келечекте аткарыла турган милдеттерди аткаруу (же аткарууну улантуу) максатында колдонула турган ишкананын ресурстарын түзөт же сапатын жакшыртат; жана**
- **(c) чыгымдардын орду толтурулат деп күтүлүүдө.**

96 ФОЭСтин курамындагы башка стандартты колдонуу чөйрөсүнө туш келген сатып алуучу менен келишимди аткарууга чыгымдардын учурунда ишкана мындай чыгымдарды ФОЭСтин курамындагы башка ушундай стандарттарга ылайык эске алууга тийиш.

97 Түздөн-түз келишимге (же болжолдонгон айрым келишимге) тиешелүү чыгымдар өзүнө төмөнкүдөй чыгымдарды камтыйт:

- (a) эмгек акыга тикелей чыгымдарды (мисалы, убада кылынган кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуучуга берген кызматкерлердин маянасы же эмгек акысы);
- (b) материалдарга тикелей чыгымдарды (мисалы, убада кылынган кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуучуга берүү үчүн колдонулуучу чыгымдоо материалдары);

 © ФОЭС Фонду

(c) келишим менен же келишим боюнча ишмердүүлүк менен түздөн-түз байланышкан чыгымдарды бөлүштүрүүнү (мисалы, келишимди башкарууга жана анын аткарылышына контролдук кылууга чыгымдар, келишимди аткаруу үчүн колдонулуучу инструменттерди жана жабдууларды, пайдалануу укугу менен байланыштуу активдерди камсыздандыруу жана амортизациялоо);

(d) сатып алуучу келишим боюнча сөзсүз ордун толтурууга тийиш болгон чыгымдарды; жана

(e) ишкана келишим түзүшүнөн улам гана тарткан башка чыгымдарды (мисалы, субподрядчыларга төлөмдөр).

98 Ишкана чыгашалар келип чыгышына жараша алар катарында төмөнкүдөй чыгымдарды таанууга тийиш:

(a) жалпы жана административдик чыгымдарды (буга, мындай чыгымдар ишкана 97-пунктка ылайык ушундай чыгымдарды баалоого тийиш болгон келишимге ылайык сатып алуучу ушундай чыгымдарды сөзсүз түрдө ордун толтурууга тийиш болгон учурлар кирбейт);

(b) келишимди аткаруу үчүн келишимдин баасында чагылдырылбаган материалдарды, эмгектик же башка ресурстарды өндүрүмдүү эмес пайдаланууга чыгымдарды;

(c) келишимде аткарууга карата аткарылган милдеттерге (же аткарууга карата жарым-жартылай аткарылбаган милдеттерге) кирген чыгымдарды (башкача айтканда, өткөндөгү ишмердүүлүккө таандык чыгымдарды); жана

(d) аларга карата ишкана алар аткарууга карата аткарылбаган милдеттерге же аткарууга карата аткарылган милдеттерге (же болбосо аткарууга карата жарым-жартылай аткарылган милдеттерге) кирээрин же жоктугун аныктай албаган чыгымдарды.

## Амортизация жана нарктын түшүшү

99 91- же 95-пунктка ылайык таанылган актив системалык негизде амортизациялланууга тийиш, ал актив аларга кирген товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуучуга өткөрүп берүүгө ылайык келет. Актив болжолдонгон конкреттүү келишимге ылайык (95(а)-пунктта баяндалгандай) өткөрүп бериле турган товарларга же кызмат көрсөтүүлөргө кириши мүмкүн.

100 Актив аларга кирген товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуучуга өткөрүп берүүнүн ишкана күтүп жаткан мөөнөттөрүн кыйла өзгөртүүнү эсепке алуу үчүн ишкана амортизациялоону оңдоп-түзөөгө тийиш. Мындай өзгөртүү ФОЭС (IAS) 8ге ылайык бухгалтердик баалоодогу өзгөртүү катары эске алынууга тийиш.

101 Ишкана пайданын же зыяндын курамында нарктын түшүшүнөн зыянды 91 же 95-пункттарга ылайык таанылган активдин балaнстык наркы төмөнкүлөрдөн ашкан даражада таанууга тийиш:

(a) актив аларга кирген товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн ордуна ишкана алууну күтүп жаткан ордун толтуруунун калган суммасынан; төмөнкүлөрдү алып салганда

(b) чыгашалар катарында таанылбаган ушундай товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү берүү менен түздөн-түз байланышкан чыгымдарды (97-пунктту караңыз).

102 Ишкана алууну болжолдоп жаткан ордун толтуруунун суммасын аныктоо үчүн 101-пунктту колдонуу максаттары үчүн ишкана операциянын баасын аныктоо принциптерин (буга өзгөрүлмө ордун толтуруунун бааларын чектөө жагынан 56 – 58-

пункттардагы талаптар кирбейт) колдонууга жана мындай сумманы сатып алуучунун кредиттик тобокелдигинин таасирин эске алуу менен оңдоп-түзөөгө тийиш.

103 Ишкана 91 же 95-пункттарга ылайык таанылган актив боюнча нарктын түшүшүнөн зыянды тааныгандан мурда, ишкана келишим менен байланышкан, башка стандартка ылайык ФОЭСтин (мисалы, ФОЭС (IAS) 2, ФОЭС (IAS) 16 жана ФОЭС (IAS) 38) курамында таанылган активдер боюнча нарктын түшүшүнөн зыяндарды таанууга тийиш. 101-пункттагы нарк түшүшүнө тестти колдонгондон кийин ишкана 91 же 95-пункттарга ылайык таанылган активдин алынган баланстык наркын ал таандык болгон акча каражаттарын жаратуучу бирдиктин баланстык наркына «*Активдердин наркынын түшүшү*» ФОЭС (IAS) 36ны акча каражаттарын жаратуучу ушундай бирдикке карата колдонуу максаттары үчүн киргизүүгө тийиш.

104 Ишкана пайданын же зыяндын курамында нарктын түшүшүн пайда кылган шарттар мындан ары орун албаган же болбосо алардын жакшырышы болуп өткөн 101-пунктка ылайык мурда таанылган нарктын түшүшүнөн зыянды бүт бойдон же анын бир бөлүгүн ордун толтурууну таанууга тийиш. Эгерде мурда нарктын түшүшүнөн зыяндар таанылбаган болсо, активдин көбөйгөн баланстык наркы аныктала турган (амортизацияны кошпогондо) суммадан ашууга тийиш эмес.

## Маалыматты берүү

**105 Эгерде келишимдин тарабы келишим боюнча кандайдыр-бир милдеттерди аткарса, ишкана келишимди финансылык абал жөнүндө отчетто же болбосо келишим боюнча актив катарында, же болбосо ишкана келишим боюнча милдеттенмелерди аткарышынын жана сатып алуучунун төлөмдөрүнүн ортосундагы катышка жараша келишим боюнча милдеттенме катарында көрсөтүүгө тийиш. Ишкана ордун толтурууга шартсыз укуктарды дебитордук карыз катары өзүнчө көрсөтүүгө тийиш.**

106 Эгерде сатып алуучу ордун толтурууну төлөсө же болбосо ишканада ордун толтуруунун суммасына шартсыз болуп саналган укук (башкача айтканда, дебитордук карыз) бар болсо, ишкана сатып алуучуга товарды же кызмат көрсөтүүнү өткөрүп берерден мурда, төлөмдү жүзөгө ашыруу учурунда же төлөм төлөнүүгө тийиш болгон учурда (кайсынысы эрте болгонуна жараша) ишкана келишим боюнча милдеттенмени келишим катары көрсөтүүгө тийиш. Келишим боюнча милдеттенме – бул алар үчүн ишкана сатып алуучудан ордун толтурууну (же болбосо алар үчүн төлөнүүгө тийиш болгон ордун толтурууну) алган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуучуга өткөрүп берүүгө ишкананын милдети.

107 Эгерде ишкана сатып алуучу ордун толтурууну төлөгөнгө чейин же ордун толтуруу төлөнүүгө тийиш болуп калган учурга чейин сатып алуучуга товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү өткөрүп берсе, ишкана келишимди келишим боюнча актив катары көрсөтүүгө тийиш, буга дебитордук карыз катары көрсөтүлүүчү суммалар кирбейт. Келишим боюнча актив сатып алуучуга ишкана тарабынан берилген товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн ордуна ордун толтурууну алууга ишкананын укугу болуп саналат. Ишкана ФОЭС (IFRS) 9га ылайык келишим боюнча активди нарк түшүшү жагынан баалоого тийиш. Келишим боюнча активдин наркынын түшүшү ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуу чөйрөсүнө туш келүүчү финансылык активдин наркынын түшүшү сыяктуу эле негизде бааланууга, көрсөтүлүүгө жана ачып көрсөтүлүүгө тийиш (ошондой эле 113(b)-пунктту караңыз).

108 Дебитордук карыз – бул шартсыз болуп саналган ордун толтурууга ишкананын укугу. Ордун толтурууга укук, эгерде ушундай ордун толтуруу төлөнүүгө тийиш болуп калган убакыттын жетиши убакыттын өтүшү менен гана шартталган болсо, шартсыз болуп саналат. Мисалы, эгерде мындай сумма келечекте кайра кайтарылышы мүмкүн болгон күндө да, ишканада төлөмдү алууга учурдагы укук болсо, ал дебитордук


© ФОЭС Фонду

карызды тааныйт. Ишкана ФОЭС (IFRS) 9га ылайык дебитордук карызды эске алууга тийиш. Келишим боюнча дебитордук карызды алгачкы тааныгандан кийин, ФОЭС (IFRS) 9га ылайык дебитордук карыздын баасынын жана ага ылайык келген таанылган түшкөн кирешелердин ортосундагы ар кандай айырма чыгашалар катарында (мисалы, нарктын түшүшүнөн зыян катары) көрсөтүлүүгө тийиш.

109 Ушул стандарт «келишим боюнча актив» жана «келишим боюнча милдеттенме» терминдерин колдонот, бирок финансылык абал жөнүндө отчетто ушул беренелер үчүн альтернативдүү аталыштарды колдонууга ишканага тыюу салбайт. Эгерде ишкана келишим боюнча актив үчүн альтернативдүү аталышты колдонсо, ишкана финансылык отчеттуулукту пайдалануучу дебитордук карызды жана келишим боюнча активдерди ажырата алышы үчүн жетиштүү маалыматты берүүгө тийиш.

## Маалыматты ачып көрсөтүү

**110 Маалыматты ачып көрсөтүүгө карата талаптардын максаты ишкана финансылык отчеттуулукту пайдалануучуларга сатып алуучу менен келишимдер менен шартталган түшкөн кирешелердин жана акча каражаттарынын агымдарынын мүнөзүн, көлөмүн, мөөнөтүн жана айкын эместигин түшүнүүгө мүмкүндүк бере турган жетиштүү маалыматты ачып көрсөтүшү болуп саналат. Бул максатка жетишүү үчүн ишкана бардык төмөндө саналгандар жөнүндө сапаттык жана сандык маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш.**

**(a) сатып алуучулар менен келишимдер (113 – 122-пункттарды караңыз);**

**(b) мындай келишимдер жагынан ушул стандартты колдонуу учурунда пайдаланылган маанилүү ой жүгүртүүлөр жана ой жүгүртүүлөрдөгү өзгөрүүлөр (123 – 126-пункттарды караңыз); жана**

**(c) 91 же 95-пункттарга ылайык сатып алуучулар менен келишим түзүүгө же келишимди аткарууга чыгымдарга байланыштуу таанылган активдер (127 – 128-пункттарды караңыз).**

111 Ишкана маалыматты ачып көрсөтүүнүн максаттарына жетишүү үчүн зарыл болгон тактоонун даражасын жана ар түрдүү талаптардын ар биринин маанилүүлүгүн аныктоого тийиш. Ишкана ачып көрсөтүлүп жаткан маалыматты ачып көрсөтүлүп жаткан маалыматка көп сандагы болор-болбос майда-бараттарды кошуунун натыйжасында же болбосо беренелерди олуттуу айырмаланган мүнөздөмөлөргө кошуунун натыйжасында пайдалуу маалымат жашырылбагыдай түрдө агрегациялоого же дезагрегациялоого тийиш.

112 Ишкана ушул стандартка ылайык маалыматты, эгерде ал бул маалыматты ФОЭСтин курамындагы башка стандартка ылайык берген болсо, ачып көрсөтүүгө тийиш эмес.

### Сатып алуучулар менен келишимдер

113 Төмөнкүдөй суммалар ФОЭСтин курамындагы башка стандарттарга ылайык жыйынды киреше жөнүндө отчетто өзүнчө көрсөтүлгөн учурларды кошпогондо, ишкана отчеттук мезгил үчүн төмөндө көрсөтүлгөн бардык суммаларды ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) сатып алуучулар менен келишимдер боюнча таанылган түшкөн кирешелер, аларды ишкана түшкөн кирешелердин башка булактарынан өзүнчө ачып көрсөтүүгө тийиш; жана

(b) келишимдер боюнча дебитордук карыз же активдер боюнча (ФОЭС (IFRS) 9га ылайык) таанылган нарктын түшүшүнөн зыяндар, алар ишкананын сатып алуучулар менен келишимдерине тиешелүү, аларды ишкана башка

келишимдер боюнча нарктын түшүшүнөн зыяндардан өзүнчө ачып көрсөтүүгө тийиш.

## Түшкөн кирешелер жөнүндө маалыматты тактоо

114 Ишкана сатып алуучулар менен келишимдер боюнча таанылган түшкөн кирешелер жөнүндө маалыматты экономикалык факторлор түшкөн кирешелердин жана акча каражаттарынын агымдарынын пайда болушунун мүнөзүнө, көлөмүнө, мөөнөттөрүнө жана айкын эместигине кандай түрдө таасир этээрин чагылдырган категориялар боюнча тактоого тийиш. Ишкана түшкөн кирешелер жөнүндө маалыматты тактоо үчүн колдонула турган категорияларды тандоодо B87 - B89-пункттардагы колдонмону пайдаланууга тийиш.

115 Эгерде ишкана «*Операциялык сегменттер*» ФОЭС (IFRS) 8ди колдонсо, мындан тышкары, ишкана финансылык отчетту пайдалануучуларга тактaлган түшкөн кирешелер жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүүнүн (114-пунктка ылайык) жана ар бир отчеттук сегмент боюнча ачып көрсөтүлүүчү түшкөн кирешелер жөнүндө маалыматтын ортосундагы катышты түшүнүүгө мүмкүндүк бере турган жетиштүү маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш.

## Келишим боюнча калдыктар

116 Ишкана төмөндө саналгандардын бардыгы жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) эгерде төмөнкүлөр өз-өзүнчө көрсөтүлбөгөн же башкача түрдө ачып көрсөтүлбөгөн болсо, келишимдер боюнча дебитордук карыз, активдер жана сатып алуучулар менен келишимдерге тиешелүү келишимдер боюнча милдеттенмелер үчүн баштапкы жана аяккы калдыктар;

(b) отчеттук мезгилде таанылган, мезгилдин башына карата сатып алуучулар менен келишимдер боюнча милдеттенмелердин калдыгынын курамына киргизилген түшкөн кирешелер; жана

(c) мурдагы мезгилдерде аткарылган (же жарым-жартылай аткарылган) аткарыла турган милдеттерге (мисалы, операциянын баасын өзгөртүүлөр) тиешелүү отчеттук мезгилде таанылган түшкөн кирешелер.

117 Ишкана аткарыла турган милдеттерди аткаруу мөөнөттөрү (119(a)-пунктту караңыз) кандай түрдө акы төлөөнүн демейки мөөнөттөрүнө кирээрин (119(b)-пунктту караңыз), ошондой эле мындай факторлордун келишимдер боюнча активдин калдыктарына жана келишимдер боюнча милдеттенмелерге таасирин түшүндүрүүгө тийиш. Берилип жаткан түшүндүрүүнүн алкагында сапаттык маалыматты колдонууга болот.

118 Ишкана отчеттук мезгилдин ичиндеги келишимдер боюнча активдин калдыктарынын жана келишимдер боюнча милдеттенмелердин кыйла өзгөрүүлөрүн түшүндүрүүгө тийиш. Түшүндүрүү өзүнө сапаттык жана сандык маалыматтарды камтууга тийиш. Ишкананын келишимдер боюнча активдеринин жана келишимдер боюнча милдеттенмелеринин калдыктарынын өзгөрүүлөрүнүн мисалдары болуп төмөнкүлөр саналат:

(a) бизнести бириктирүүнүн натыйжасындагы өзгөрүүлөр;

(b) тиешелүү келишим боюнча активге же келишим боюнча милдеттенмеге таасир этүүчү түшкөн кирешелерди кумулятивдик оңдоп-түзөө, анын ичинде келишим боюнча аткаруунун даражасын баалоонун өзгөрүшү, операциянын баасынын өзгөрүшү (анын ичинде өзгөрүлмө ордун толтурууну баалоо чектелүү болуп санала тургандыгы же жоктугу жагынан талдоонун

 © ФОЭС Фонду

натыйжаларындагы өзгөртүүлөр) же келишимди модификациялоо менен шартталган оңдоп-түзөөлөр;

(c) келишим боюнча активдин наркынын түшүшү;

(d) өтүп жатышы ордун толтурууга укук шартсыз болуп калышы үчүн зарыл болгон убакыт мезгилинин өзгөрүшү (башкача айтканда, сатып алуучу менен келишим боюнча актив дебитордук карыздын курамына кайра классификацияланган); жана

(e) ал өтүп жатканда аткарыла турган милдет аткарылууга тийиш болгон убакыт мезгилинин (башкача айтканда, келишим боюнча милдеттенме боюнча келип чыккан түшкөн кирешелерди таануу үчүн убакыт мезгилинин) өзгөрүшү.

## Аткарыла турган милдеттер

119 Ишкана сатып алуучулар менен келишимдерде аткарууга карата өзүнүн милдеттери жөнүндө маалыматты, анын ичинде төмөндө саналгандардын бардыгынын баяндалышын ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) ишкана демейде аткарыла турган милдетти аткарып жаткандагы (мисалы, жүктөп жөнөтүү учурунда, жеткирүү учурунда, кызмат көрсөтүүгө жараша же кызмат көрсөтүү аяктагандан кийин), анын ичинде төлөмдү талап кылуу жана берүүнү кийинкиге калтыруу менен сатуу жөнүндө макулдашууда аткарыла турган милдеттер аткарылып жаткандагы учур;

(b) акы төлөөнүн маанилүү шарттары (мисалы, ордун толтуруу төлөнүүгө тийиш болуп калган, келишимде каржылоонун маанилүү компоненти барбы, ордун толтуруунун суммасы өзгөрүлмө болуп саналабы, демейде өзгөрүлмө ордун толтуруунун баасы 56 – 58-пункттарга ылайык чектелеби деген учур демейде келет);

(c) башка тарап сатып алуучуга товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү өткөрүп берүүнү уюштуруу боюнча аткарыла турган милдеттерди көрсөтүү менен ишкана өткөрүп берүүгө убада кылган товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн мүнөзү (башкача айтканда, эгерде ишкана агент болуп саналса);

(d) товарларды кайра кайтаруу, каражаттарды кайра кайтаруу жагынан милдеттенмелер жана башка ушундай милдеттенмелер; жана

(e) кепилдиктердин жана тиешелүү милдеттенмелердин түрлөрү.

## Аткарууга карата калган милдеттерге бөлүштүрүлүүчү операциянын баасы

120 Ишкана аткарууга карата калган милдеттер жөнүндө төмөнкүдөй маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) отчеттук мезгилдин аягына карата аткарылбаган (же жарым-жартылай аткарылбаган) болуп саналган аткарыла турган милдеттерге бөлүштүрүлгөн операциянын баасынын жыйынды суммасын; жана

(b) 120(a)-пунктка ылайык ачып көрсөтүлгөн, ишкана төмөнкүдөй ыкмалардын бири менен ачып көрсөтүүгө тийиш болгон сумманы ишкана качан түшкөн кирешелер катары таанууну күтүп жатканын түшүндүрүү;

(i) аткарууга карата калган милдеттерди аткаруу мезгилине алда канча көп даражада ылайык келген убакыт интервалдарын пайдаланып, сандык негизде; же болбосо

(ii) сапаттык маалыматты пайдаланып.

121 Практикалык мүнөздөгү жөнөкөйлөтүү катарында ишкана төмөндөгү ар кандай шарттар сакталган учурда аткарыла турган милдеттер үчүн 120-пункттагы маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш эмес:

(a) аткарыла турган милдет колдонулушунун күтүлгөн алгачкы мөөнөтү бир жылдан ашык эмести түзгөн келишимдин бир бөлүгү болуп саналат; же болбосо

(b) ишкана 16-пунктка ылайык аткарыла турган милдеттерди аткаруудан түшкөн кирешелерди тааныйт.

122 Ишкана сапаттык маалыматты пайдаланып, ал 121-пункттагы практикалык мүнөздөгү жөнөкөйлөтүүнү колдоно тургандыгын же жоктугун, ошондой эле сатып алуучулар менен келишимдер боюнча кандайдыр-бир ордун толтуруу операциянын баасына киргизилбегенинин жана тиешелүү түрдө 120-пунктка ылайык ачып көрсөтүлүүчү маалыматтын курамына киргизилбегенинин фактысын түшүндүрүүгө тийиш. Мисалы, операциянын баасын баалоо чектелүү болуп саналган өзгөрүлмө ордун толтуруунун эсептик суммаларын өзүнө камтыбайт (56 – 58-пункттарды караңыз).

## Ушул стандартты колдонуу учурундагы маанилүү ой жүгүртүүлөр

123 Ишкана сатып алуучулар менен келишимдер боюнча түшкөн кирешелердин суммасын аныктоого жана аларды убакытта бөлүштүрүүгө кыйла таасир эте турган ушул стандартты колдонуу учурунда пайдаланылган ой жүгүртүүлөр жана ой жүгүртүүлөрдөгү өзгөрүүлөр жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш. Атап айтканда, ишкана төмөндөгү эки позицияны аныктоодо колдонулган ой жүгүртүүлөрдү жана ой жүгүртүүлөрдөгү өзгөрүүлөрдү түшүндүрүүгө тийиш:

(a) аткарыла турган милдеттерди аткарууну убакытта бөлүштүрүү (124 – 125-пункттарды караңыз); жана

(b) операциянын баасы жана аткарыла турган милдеттерге бөлүштүрүлгөн суммалар (126-пунктту караңыз).

## Аткарыла турган милдеттерди аткарууну убакытта бөлүштүрүүнү аныктоо

124 Ишкана мезгил аралыгында аткарып жаткан аткарыла турган милдеттер үчүн төмөнкүлөрдү ачып көрсөтүү зарыл:

(a) түшкөн кирешелерди таануу үчүн колдонулуучу методдорду (мисалы, колдонулуп жаткан натыйжалардын методдорун жана ресурстардын методдорун баяндоону, ошондой эле бул методдор кандай түрдө колдонулуп жатканын); жана

(b) эмне үчүн колдонулуп жаткан методдор товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү өткөрүп берүүнү туура чагылдырууну камсыз кыла тургандыгын түшүндүрүүнү.

125 Ишкана айрым мезгил убактысында аткара турган аткарыла турган милдеттер үчүн сатып алуучу убада кылынган товарларга же кызмат көрсөтүүлөргө кайсы учурда контролдукту алаарын баалоо учурунда колдонулган маанилүү ой жүгүртүүлөрдү ачып көрсөтүү зарыл.

## Операциянын баасын жана аткарыла турган милдеттерге бөлүштүрүлүүчү суммаларды аныктоо

126 Ишкана төмөндөгү бардык учурларда колдонулуучу методдор, баштапкы маалыматтар жана божомолдор жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш:

 © ФОЭС Фонду

(a) башкалардан тышкары, өзгөрүлмө ордун толтурууну баалоону, акчанын убакыт ичиндеги наркынын таасирин эске алуу менен ордун толтурууну оңдоп-түзөөнү жана акчалай эмес ордун толтуруунун баасын билдирген операциянын баасын аныктоо;

(b) өзгөрүлмө ордун толтуруунун баасы чектелүү болуп санала тургандыгын же жоктугун талдоо;

(c) операциянын баасын, анын ичинде убада кылынган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү бөлөк сатуунун баасын баалоону бөлүштүрүү жана арзандатууларды жана өзгөрүлмө ордун толтурууну келишимдин тиешелүү бөлүгүнө бөлүштүрүү (эгерде колдонууга мүмкүн болсо); жана

(d) товарларды кайра кайтаруу, каражаттарды жана башка окшош милдеттенмелерди кайра кайтаруу жагынан милдеттенмелерди баалоо.

## Сатып алуучу менен келишимди түзүүгө же аткарууга чыгымдарга байланыштуу таанылуучу активдер

127 Ишкана төмөнкүлөрдүн сыпаттамасын берүүгө тийиш:

(a) сатып алуучу менен келишимди түзүү же аткаруу учурунда тарткан чыгымдардын суммаларын аныктоо учурунда (91 же 95-пункттарга ылайык) колдонулган ой жүгүртүүлөрдүн; жана

(b) ар бир отчеттук мезгил үчүн амортизацияны аныктоо үчүн ал колдонгон методдун.

128 Ишкана төмөндө саналган маалыматтарды ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) активдин негизги категорияларынын өңүтүндө (91 же 95-пункттарга ылайык) сатып алуучу менен келишимди түзүү же аткаруу учурунда кеткен чыгымдарга байланыштуу таанылган активдер боюнча аякку калдыктарды (мисалы, келишим түзгөнгө чейин тарткан сатып алуучу менен келишим түзүүгө чыгымдар жана келишим боюнча даярдоо чыгымдары); жана

(b) амортизациянын суммасы жана отчеттук мезгилде таанылган нарктын түшүшүнөн зыян.

## Практикалык мүнөздөгү жөнөкөйлөтүүлөр

129 Эгерде ишкана 63-пункттагы (каржылоонун маанилүү компонентинин болушу жөнүндө) же 94-пункттагы (келишим түзүүгө кошумча чыгымдар жөнүндө) практикалык мүнөздөгү жөнөкөйлөтүүнү пайдаланууну чечсе, ишкана бул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.

## А тиркемеси
## Терминдердин аныктамалары

*Бул тиркеме ушул стандарттын ажыралгыс бөлүгү болуп саналат.*

| | |
|---|---|
| **Келишим** | Юридикалык жактан корголгон укуктарды жана милдеттенмелерди түзгөн эки же бир нече тараптардын ортосундагы макулдашуу. |
| **Келишим боюнча актив** | Ишкана **сатып алуучуга** берген товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн ордуна ордун толтурууга ишкананын укугу, мында бул укук айрым мезгил өтүшүнөн айырмаланган кандайдыр-бир нерсеге (мисалы, ишкана келечекте белгилүү бир милдеттенмелерди аткарышына) байланыштуу. |
| **Келишим боюнча милдеттенме** | Алар үчүн ишкана сатып алуучудан ордун толтурууну (же төлөнүүгө тийиш болгон ордун толтуруу суммасын) алган **сатып алуучуга** товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү өткөрүп берүүгө ишкананын милдети. |
| **Сатып алуучу, кардар** | Ордун толтуруунун ордуна ишкананын демейки ишмердүүлүгүнүн натыйжасы болуп саналган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү алууга аны менен келишим түзгөн тарап. |
| **Киреше** | Отчеттук мезгил ичиндеги, ишкана ээлеринин салымдарына тиешелүү болгондордон тышкары, өздүк капиталдын көбөйүшүнө алып келген, активдердин келишинин же көбөйүшүнүн, же милдеттенмелердин азайышынын натыйжасында келип чыккан экономикалык пайдалардын көбөйүшү. |
| **Аткарыла турган милдет** | **Сатып алуучу менен келишимде сатып алуучуга** төмөнкүлөрдү өткөрүп берүүгө убада:<br>(a) айырмалануучу болуп саналган товарды же кызмат көрсөтүүнү (же товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн пакетин); же болбосо<br>(b) иш жүзүндө бирдей болуп саналган жана сатып алуучуга бирдей схема боюнча өткөрүп берилүүчү бир катар айырмаланган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү. |
| **Түшкөн киреше** | Ишкананын демейки ишмердүүлүгүнүн жүрүшүндө келип чыгуучу **киреше**. |
| **Бөлөк сатуунун баасы** (товарды же кызмат көрсөтүүнү) | Ишкана **сатып алуучуга** убада кылынган товарды же кызмат көрсөтүүнү өзүнчө сата турган баа. |
| **Операциянын баасы** (сатып алуучу менен келишим үчүн) | Үчүнчү тараптардын атынан алынган суммаларды кошпогондо, **сатып алуучуга** убада кылынган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү өткөрүп берүүнүн ордуна ишкана ага укук алууну күтүп жаткан ордун толтуруунун суммасы. |

 © ФОЭС Фонду

## В тиркемеси
## Пайдалануу боюнча колдонмо

*Бул тиркеме ушул стандарттын ажыралгыс бөлүгү болуп саналат. Ал 1 – 129-пункттарды колдонууну баяндайт жана ушул стандарттын башка бөлүктөрү сыяктуу эле күчкө ээ.*

B1 Пайдалануу боюнча ушул колдонмо төмөнкүдөй категорияларга бөлүнгөн:

(a) мезгил аралыгында аткарыла турган милдеттер (B2 - B13-пункттар);

(b) аткарыла турган милдеттерди аткаруу даражасын баалоо методдору (B14 - B19-пункттар);

(c) кайра кайтарууга укук менен сатуу (B20 - B27-пункттар);

(d) кепилдиктер (B28 - B33-пункттар);

(e) принципалдын же агенттин ролу (B34 - B38-пункттар);

(f) кошумча товарлар же кызмат көрсөтүүлөр жагынан сатып алуучунун опциону (B39 - B43-пункттар);

(g) сатып алуучулардын пайдаланылбаган укуктары (B44 - B47-пункттар);

(h) орду толтурулбай турган алгачкы төлөм (жана айрым байланышкан чыгымдар (B48 - B51-пункттар);

(i) лицензиялоо (B52 - B63-пункттар);

(j) кайра артка сатып алуу келишимдери (B64 - B76-пункттар);

(k) консигнациялык макулдашуулар (B77 - B78-пункттар);

(l) төлөмдү талап кылуу жана берүүнү кийинкиге калтыруу менен сатуу жөнүндө макулдашуу (B79 - B82-пункттар);

(m) сатып алуучунун кабыл алышы (B83 - B86-пункттар); жана

(n) такталган түшкөн кирешелер жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү (B87 - B89-пункттар).

### Мезгил аралыгында аткарыла турган милдеттер

B2 35-пунктка ылайык аткарыла турган милдет төмөнкүдөй критерийлердин бири аткарылган учурда аткарылат:

(a) сатып алуучу ишкананын ишмердүүлүгүнүн натыйжаларынан пайданы аны ишкана жүзөгө ашырышына жараша бир эле учурда алат жана керектейт (B3 - B4-пункттарды караңыз);

(b) ишкананын ишмердүүлүгүнүн натыйжалары активди түзүүгө же анын сапатын жакшыртууга алып келет (мисалы, бүткөрүлбөгөн өндүрүш), аны сатып алуучу аны түзүүгө же анын сапатын жакшыртууга жараша контролдойт (B5-пунктту караңыз); же болбосо

(c) ишкананын ишмердүүлүгү ишкана үчүн альтернативдүү пайдалануу мүмкүнчүлүгү менен активди түзүүгө алып келбейт (B6 - B8-пункттарды караңыз) жана ишканада учурдагы датага чейин бүткөрүлгөн ишмердүүлүктүн натыйжаларына акы төлөөгө укуктук коргоо менен камсыз кылынган укук бар (B9 - B13-пункттарды караңыз).

### Ишкананын ишмердүүлүгүнүн натыйжаларынан пайданы бир эле учурда алуу жана керектөө (35(a)-пункт)

B3 Аткарыла турган милдеттердин айрым түрлөрүнүн учурунда сатып алуучу ишкананын ишмердүүлүгүнүн натыйжаларынан пайданы ишкана аны жүзөгө ашырышына жараша алаарын же жоктугун жана ал ушундай пайдаларды аларды алууга жараша бир эле учурда керектей тургандыгын же жоктугун баалоо оңой болот. Мисалдарга күндөлүк же мезгилдүү кызмат көрсөтүүлөрдү (мисалы, жууп-тазалоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү) кошууга болот, алардын учурунда сатып алуучу ишкананын ишмердүүлүгүнүн натыйжаларынан пайданы алышы жана бир эле учурда керектеши оңой идентификацияланышы мүмкүн.

B4 Аткарыла турган милдеттердин башка түрлөрүнүн учурунда ишкана сатып алуучу ишкананын ишмердүүлүгүнүн натыйжаларынан пайданы бир эле учурда алышын жана керектешин аны ишкана жүзөгө ашырышына жараша оңой идентификациялоого кудуретсиз болушу мүмкүн. Мындай кырдаалдарда, эгерде ишкана учурдагы датага чейин ишкана жасаган ишти башка ишкана иш жүзүндө кайрадан аткарышына туура келген жок деген тыянакка келсе, эгерде ушундай башка ишкана сатып алуучунун алдында аткарууга карата калган милдетти аткарууга тийиш болсо, аткарыла турган милдет мезгил аралыгында аткарылат. Учурдагы датага чейин ишкана жасаган ишти башка ишкана иш жүзүндө кайрадан аткарышына туура келбегендиги жөнүндө тыянак жасап, ишкана төмөнкүдөй эки божомолду пайдаланууга тийиш:

(a) потенциалдуу келишимдик чектөөлөрдү же практикалык чектөөлөрдү эске албоо, андай болбогон учурда алар аткарууга карата калган милдетти башка ишканага өткөрүп берүүгө тоскоолдук кылмак; жана

(b) эгерде аткарууга карата милдет башка ишканага өтсө, башка ишкана аткарыла турган милдеттин калган бөлүгүн аткарып, ошол учурда ишкана тарабынан контролдонуп жаткан жана ишкананын контролунда кала турган ар кандай активден пайда албайт деген болжолго таянуу.

### Активди түзүүгө же анын сапатын жакшыртууга жараша сатып алуучу аны контролдойт (35(b)-пункт)

B5 Активди түзүүгө же анын сапатын жакшыртууга жараша сатып алуучу 35(b)-пунктка ылайык аны контролдой тургандыгын же жоктугун аныктап, ишкана 31 - 34 жана 38-пункттарда контролду алуунун баасына карата талаптарды колдонууга тийиш. Түзүлүп же сапаты жакшыртылып жаткан актив (мисалы, бүткөрүлбөгөн өндүрүштү билдирген актив) материалдык же болбосо материалдык эмес болушу мүмкүн.

### Ишкананын ишмердүүлүгүнүн натыйжалары альтернативдүү пайдалануу мүмкүнчүлүгү менен активди түзүүгө алып келбейт (35(c)-пункт)

B6 36-пунктка ылайык активде ишкана үчүн альтернативдүү пайдалануу мүмкүнчүлүгүнүн болушун баалап, ишкана активди пайдалануунун башка ыкмасын эркин тандоого, мисалы, аны башка сатып алуучуга сатууга ишкананын кудуретине келишимдик жана практикалык чектөөлөрдүн таасирин эске алууга тийиш. Активди пайдалануунун башка ыкмасын эркин тандоого ишкананын кудуретин баалоо учурунда сатып алуучу менен келишимди бузуу мүмкүнчүлүгү эске алынууга тийиш эмес.

B7 Актив ишкана үчүн пайдалануунун альтернативдүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болбосу үчүн активди пайдалануунун башка ыкмасын тандоого ишкананын кудуретин келишимдик чектөө маанилүү болууга тийиш. Эгерде сатып алуучу убада кылынган актив жагынан


© ФОЭС Фонду

өзүнүн укуктарын жүзөгө ашыра алса, ишкана активди пайдалануунун башка ыкмасын тандоого аракет кылса, келишимдик чектөө маанилүү болуп саналат. Жана тескерисинче, эгерде, мисалы, актив иш жүзүндө ишкана келишимди бузбастан жана андай болбогон учурда ушундай келишимге байланыштуу тартышы мүмкүн болгон кыйла чыгымдарды тартпастан башка сатып алуучуга өткөрүп бере ала турган башка активдерге оңой алмаштырылуучу болуп саналса, келишимдик чектөө маанилүү болуп саналбайт.

B8 Ишкананын активди пайдалануунун башка ыкмасын тандоого кудуретин практикалык чектөө активди пайдалануунун альтернативдүү ыкмасын тандоого байланыштуу ишкана кыйла экономикалык зыяндарды тартышы мүмкүн болгон учурда орун алат. Эгерде ишкана активди жеткире иштеп чыгууга байланыштуу кыйла чыгымдарды тартышы мүмкүн болсо же болбосо активди кыйла жоготуу менен гана сата ала турган болсо, олуттуу экономикалык зыян тартуу келип чыгышы мүмкүн. Мисалы, ишкана сатып алуучу үчүн кайталангыс болуп саналган мүнөздөмөлөрү бар же болбосо алыскы райондордо жайгашкан активдерди пайдалануу ыкмасын өзгөртүү жагынан практикалык чектөөлөргө ээ болушу мүмкүн.

## Учурдагы күнгө чейин бүткөрүлгөн ишмердүүлүктүн натыйжаларына акы төлөөгө укук (35(c)-пункт)

B9 Эгерде ишкана учурдагы датага чейин бүткөрүлгөн ишмердүүлүктүн натыйжаларын ишканага бери болгондо компенсациялаган суммага укук алса, эгерде сатып алуучу же башка тарап ишкана келишим боюнча өз милдеттерин аткарбагандыгынан айырмаланган себептер боюнча келишимди бузса, 37-пунктка ылайык, ишкана учурдагы датага чейин бүткөрүлгөн ишмердүүлүктүн натыйжаларына акы төлөөгө укукка ээ болот. Учурдагы күнгө чейин бүткөрүлгөн ишмердүүлүктүн натыйжаларын ишканага компенсациялай турган сумма келишим бузулган учурда ишканага колдон чыгарылган потенциалдуу пайданы компенсациялоо гана болбостон, учурдагы күнгө чейин өткөрүп берилген (мисалы, аткарыла турган милдеттерди аткаруу учурунда ишкана тарткан чыгымдардын ордун толтуруу плюс пайданын негиздүү ченеми) товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү сатуунун баасына болжол менен барабар болгон сумма болуп саналат. Пайданын негиздүү ченеми жагынан компенсация, эгерде келишим анда камтылган убадаларга ылайык аткарылган болсо, бирок ишкана төмөнкүдөй суммалардын бири жагынан компенсацияга укукка ээ болууга тийиш болсо, күтүлө турган пайданын ченемине сөзсүз эле барабар болууга тийиш эмес:

(a) келишим боюнча пайданын күтүлгөн ченеминин пропорционалдуу бөлүгү, ал сатып алуучу (же башка тарап) келишимди бузганга чейин бүткөрүлгөн ал боюнча ишкананын ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын негиздүү чагылдырат; же болбосо

(b) эгерде келишим үчүн мүнөздүү пайданын ченеми ишкана демейде окшош келишимдер боюнча алган кирешеге караганда жогору болсо, окшош келишимдер үчүн ишкананын капиталынын наркына негиздүү киреше (же окшош келишимдер үчүн ишкананын операциялык пайдасынын демейки ченеми).

B10 Учурдагы датага чейин бүткөрүлгөн ишмердүүлүктүн натыйжаларына акы төлөөгө ишкананын укугу сөзсүз эле акы төлөөгө учурдагы анык укук болууга тийиш эмес. Көпчүлүк учурларда ишкана айтылган этап аяктагандан кийин же аткарыла турган милдетти толук аткаргандан кийин шартсыз укукка ээ болот. Эгерде келишим ал толук аткарылганга чейин ишкана келишим боюнча өзүнүн милдеттерин аткарбай коюшунан айырмаланган себептер боюнча бузулган болсо, учурдагы датага чейин бүткөрүлгөн ишмердүүлүктүн натыйжаларына акы төлөөгө укуктун болушун баалап, ишкана учурдагы датага чейин бүткөрүлгөн ишмердүүлүктүн натыйжаларына акы

төлөөгө же алынган төлөмдү өзүндө кармап калууга укуктук коргоо менен камсыз кылынган укукка ал ээ болгонун же жоктугун талдоого тийиш.

B11 Айрым келишимдер анын колдонулушунун мөөнөтүнүн аралыгында айрым мезгил учурларында гана келишимди бузууга ишкананын укугун карашы мүмкүн же мындай укук сатып алуучуда жок болушу мүмкүн. Эгерде сатып алуучу ушул учурда келишимди бузууга укугу болбой туруп келишимди бузуу үчүн кандайдыр-бир аракеттерди жасаса (анын ичинде сатып алуучу өз милдеттерин аткарбай коюшу), келишим (же башка юридикалык документтер) сатып алуучуга келишим боюнча убада кылынган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү өткөрүп берүүнү улантууга жана ушундай товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн ордуна убада кылынган ордун толтурууну төлөөнү сатып алуучудан талап кылууга ишканага укук бериши мүмкүн. Мындай жагдайларда ишкана учурдагы датага чейин бүткөрүлгөн ишмердүүлүктүн натыйжаларына акы төлөөгө укукка ээ болот, анткени ишкана келишимге ылайык милдеттенмелерди аткарууну улантууга укукка, ошондой эле сатып алуучудан ал кабыл алган милдеттенмелерди (алар убада кылынган ордун толтурууну төлөөнү өзүнө камтыйт) аткарууну талап кылууга укукка ээ.

B12 Учурдагы датага чейин бүткөрүлгөн ишмердүүлүктүн натыйжаларына акы төлөөгө укуктун болушун жана укуктук коргоо менен камсыз кылынышын баалап, ишкана келишимдик шарттарды, ошондой эле мыйзамдарды же ушундай келишимдик шарттарды толукташы же жокко чыгарышы мүмкүн болгон укуктук прецедентти эске алууга тийиш. Мындай талдоо төмөнкүлөрдү камтыйт:

(a) мыйзамдар, административдик практика же укуктук прецедент ишканага учурдагы күнгө чейин бүткөрүлгөн ишмердүүлүктүн натыйжаларына акы төлөөгө укукту, эгерде мындай укук сатып алуучу менен келишимде көрсөтүлбөгөн болсо да, бере тургандыгын же жоктугун;

(b) тиешелүү укуктук прецедент учурдагы датага чейин бүткөрүлгөн ишмердүүлүктүн натыйжаларына акы төлөөгө окшош укуктар ушундай келишимдерде милдеттүү юридикалык күчкө ээ эместигин көрсөтөөрүн же жоктугун; же болбосо

(c) акы төлөөгө укукту пайдаланбай коюуда турган ишкананын демейки иштиктүү практикасы ушул укуктук чөйрөдө укук укуктук коргоо менен камсыз кылынган деп эсептелишине алып келгенин же жоктугун. Бирок, ишкана окшош келишимдерде акы төлөөгө укуктан баш тартууну чече алаарына карабастан, эгерде сатып алуучу менен келишимде учурдагы датага чейин бүткөрүлгөн ишмердүүлүктүн натыйжаларына акы төлөөгө анын укугу укуктук коргоо менен камсыз кылынган бойдон калса, ишкана мурдагыдай эле учурдагы датага чейин бүткөрүлгөн ишмердүүлүктүн натыйжаларына акы төлөөгө укукка ээ болот.

B13 Келишимде көрсөтүлгөн төлөмдөрдүн графиги учурдагы датага чейин бүткөрүлгөн ишмердүүлүктүн натыйжаларына акы төлөөгө укуктук коргоо менен камсыз кылынган укук ишканада бар экенин же жоктугун сөзсүз эле көрсөтпөйт. Келишимдеги төлөмдөрдүн графиги сатып алуучу тарабынан төлөнүүгө тийиш болгон ордун толтуруунун убактысын жана суммасын бөлүштүрүүнү аныктаганына карабастан, төлөмдөрдүн графиги сөзсүз эле учурдагы датага чейин бүткөрүлгөн ишмердүүлүктүн натыйжаларына акы төлөөгө ишкананын укугунун ырастоосу болуп саналбайт. Бул, мисалы, келишимде сатып алуучудан алынган ордун толтуруу келишим боюнча өз милдеттерин ишкана аткарбай коюшунан айырмаланган себептер боюнча кайра кайтарылууга тийиш экендигин көрсөтүшү мүмкүндүгү менен шартталган.

 © ФОЭС Фонду

## Аткарыла турган милдетти аткаруу даражасын баалоо методу

B14 35 – 37-пункттарга ылайык ишкана аткарыла турган милдеттерди аткарышынын даражасын баалоо үчүн колдонулушу мүмкүн болгон методдор өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

(a) натыйжалардын методдору (B15 - B17-пункттарды караңыз); жана

(b) ресурстардын методдору (B18 - B19-пункттарды караңыз).

### Натыйжалардын методдору

B15 Натыйжалардын методдору келишим боюнча убада кылынган калган товарларга же кызмат көрсөтүүлөргө карата учурдагы датага чейин өткөрүп берилген товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн сатып алуучу үчүн наркын түздөн-түз баалоонун негизинде түшкөн кирешелерди таанууну карайт. Натыйжалардын методдору өзүнө учурдагы датага чейин бүткөрүлгөн ишмердүүлүктүн натыйжаларынын баяндамалары сыяктуу методдорду, алынган натыйжаларды, бүткөрүлгөн этаптарды, өткөн убакытты жана өндүрүлгөн же берилген бирдиктерди баалоону камтыйт. Ишкана аткаруунун даражасын баалоо үчүн ал натыйжалардын кандай методу колдонушу керектигин баалаган учурда, ишкана тандалган натыйжалар аткарыла турган милдетти аткаруу боюнча ишкананын ишмердүүлүгүн туура чагылдыраарын же жоктугун талдоого тийиш. Эгерде тандалган натыйжа аларга контролдук кылуу сатып алуучуга өткөн айрым товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн баасын камтыбаса, натыйжалардын методу ишкананын ишмердүүлүгүн туура чагылдырбайт. Мисалы, эгерде сатып алуучунун контролунда болгон, натыйжанын баасына киргизилбеген бүткөрүлбөгөн өндүрүш же даяр продукция отчеттук мезгилдин аягына карата ишкананын ишмердүүлүгүнүн натыйжасы болуп саналса, өндүрүлгөн же берилген бирдиктерди пайдаланган натыйжалардын методдору аткарыла турган милдетти аткаруу боюнча ишкананын ишмердүүлүгүн туура чагылдырбайт.

B16 Практикалык мүнөздөгү жөнөкөйлөтүү катарында, эгерде ишканада учурдагы датага чейин бүткөрүлгөн ишкананын ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын сатып алуучу үчүн наркка түздөн-түз ылайык келген суммага сатып алуучудан ордун толтурууга укук бар болсо, (мисалы, ишкана көрсөтүлгөн кызматтардын ар бир сааты үчүн бекитилген суммага төлөмдү талап кылган кызматтарды көрсөтүү келишими), ишкана түшкөн кирешелерди ишкананын төлөмдү талап кылууга укугу бар суммада тааный алат.

B17 Натыйжалардын методдорунун кемчиликтери буларда турат: аткаруу даражасын баалоо үчүн колдонулуучу натыйжалар түздөн-түз байкоо жүргүзүлүүчү болушу мүмкүн жана ишкана аларды колдонуу үчүн зарыл болгон маалыматты ашкере чыгымдарсыз алууга кудуретсиз болушу мүмкүн. Ошентип, ресурстар методун колдонуу талап кылынышы мүмкүн.

### Ресурстар методдору

B18 Ресурстар методдору ишкана аткарыла турган милдетти аткаруу үчүн көрүп жаткан же аткарууга карата ушундай милдетти аткаруу үчүн керектелүүчү күтүлгөн жыйынды ресурстар жагынан ушул ресурстар үчүн керектелген (мисалы, керектелген ресурстар, коротулган жумуш убактысы, тарткан чыгымдар, өткөн убакыт же колдонулган машина убактысы) күч-аракеттердин негизинде түшкөн кирешелерди таанууну карайт. Эгерде ишкана жасап жаткан күч-аракеттер же керектелип жаткан ресурстар аткарыла турган милдетти аткаруу мезгилинин аралыгында бир кылка бөлүштүрүлсө, ишкана линиялык метод боюнча түшкөн кирешелерди тааный алат.

B19 Ресурстар методдорунун кемчилиги болуп ишкана керектеп жаткан ресурстардын жана товарларга же кызмат көрсөтүүлөргө контролдук кылууну сатып алуучуга өткөрүп берүүнүн ортосундагы түздөн-түз байланыштын ыктымалдуу жоктугу

саналат. Ошентип, ресурстар методун колдонууда ишкана 39-пунктта аткаруу даражасын баалоо максатында товарларга же кызмат көрсөтүүлөргө контролдук кылууну сатып алуучуга өткөрүп берүү боюнча ишкананын ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын чагылдырбаган керектелүүчү ресурстардын таасирин жокко чыгарууга тийиш. Мисалы, иш жүзүндөгү чыгымдарга негизделген методду пайдалануу учурунда аткаруу даражасын баалоону оңдоп-түзөө төмөнкүдөй учурларда талап кылынышы мүмкүн:

(a) Тарткан чыгымдар ишкана аткарыла турган милдетти аткарышынын учурдагы даражасына жетишүүгө салым кошкон жок. Мисалы, ишкана анын ишмердүүлүгүнүн кыйла натыйжасыздыгына байланыштуу тартылган, келишимдин баасында чагылдырылган чыгымдардын негизинде түшкөн кирешелерди таанnetwork (мисалы, аткарыла турган милдетти аткаруу үчүн колдонулган материалдардын, эмгектик же башка ресурстардын өндүрүмсүз ашкере чыгашасы менен байланышкан күтүлбөгөн чыгымдардын наркы).

(b) Тарткан чыгымдар аткарыла турган милдетти аткаруунун ишкана жетишкен даражасына пропорционалдуу эмес. Мындай жагдайларда түшкөн кирешелерди ушундай тартылган чыгымдардын көлөмүндө гана таануу максатында ресурстар методун оңдоп-түзөө ишкананын ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын эң мыкты чагылдыруу болушу мүмкүн. Мисалы, эгерде келишим түзүү учурунда ишкана төмөндөгү бардык шарттарды аткарууну күтсө, түшкөн кирешелерди аткарыла турган милдетти аткаруу үчүн колдонулуучу товарга иш жүзүндөгү чыгымдарга барабар болгон суммада таануу аткарыла турган милдетти аткаруу боюнча ишкананын ишмердүүлүгүн туура чагылдыруу боло алат:

(i) товар айырмалануучу болуп саналбайт;

(ii) сатып алуучу товарга контролдукту товар менен байланышкан кызмат көрсөтүүлөрдү алуудан кыйла мурда алат деп күтүлүүдө;

(iii) өткөрүп берилген товар жагынан иш жүзүндөгү чыгымдар толук көлөмдө аткарыла турган милдетти аткарууга күтүлгөн жыйынды чыгымдарга салыштырганда кыйла болуп саналат; жана

(iv) ишкана товарды үчүнчү тараптан сатып алат жана товарды иштеп чыгууга жана өндүрүүгө өтө катышпайт (бирок ишкана B34 - B38-пункттарга ылайык принципал катары иш алып барат).

## Кайра кайтаруу укугу менен сатуу

B20 Айрым келишимдерде ишкана сатып алуучуга продукцияга контролдукту өткөрүп берет, ошондой эле сатып алуучуга ар кандай себептер (мисалы, продукцияга канааттанбагандык) продукцияны кайра кайтарууга жана төмөндө саналгандардын ичинен ар кандай комбинацияны алууга укук берет:

(a) акы төлөнгөн ордун толтурууну толугу менен же жарым-жартылай кайра кайтаруу;

(b) ишканага таандык болгон же таандык боло турган суммалар жагынан колдонулушу мүмкүн болгон кемитүү;

(c) кайра кайтарылгандын ордуна башка товар.

B21 Кайра кайтаруу укугу менен продукцияны өткөрүп берүүнү эсепке алуу үчүн (ошондой эле каражаттарды кайра кайтаруу шарты менен берилүүчү айрым кызмат көрсөтүүлөрдү эсепке алуу үчүн) ишкана төмөндө саналгандардын бардыгын таанууга тийиш:

 © ФОЭС Фонду

(a) ишкана ага укук алууну күтүп жаткан ордун толтуруунун өлчөмүндө өткөрүп берилген продукциядан түшкөн кирешелерди (ошентип, түшкөн кирешелер, күтүлүп жаткандай, кайра кайтарыла турган продукция жагынан таанылбайт);

(b) каражаттарды кайра кайтаруу жагындагы милдеттенмени; жана

(c) каражаттарды кайра кайтаруу жагындагы милдеттенмелерди аткаруу учурунда сатып алуучулардан продукцияны алууга укук жагынан активди (жана сатуулардын баштапкы наркын тиешелүү оңдоп-түзөөнү).

B22 Кайра кайтарылып жаткан товарды кайра кайтаруунун белгиленген мезгилинин ичинде кабыл алууга даяр абалда болууга ишкананын убадасы каражаттарды кайра кайтаруу боюнча милдеттенмеге кошумча түрдө аткарыла турган милдет катары эске алынууга тийиш эмес.

B23 Ишкана ага укук алууну күтүп жаткан ордун толтуруунун (башкача айтканда, күтүлүп жаткандай, кайра кайтарыла турган товарлар үчүн ордун толтурууну кошпогондо) суммасын аныктоо үчүн 47 – 72-пункттардагы талаптарды (анын ичинде 56 – 58-пункттардагы өзгөрүлмө ордун толтуруунун бааларын чектөө жагынан талаптарды) колдонууга тийиш. Товарларды кардарларга өткөрүп берүүдө ишкана аларга укук алууну күтүп жаткан алынган (же алынууга тийиш болгон) суммаларды түшкөн кирешелер катары таанууга тийиш эмес. Анын ордуна мындай суммалар каражаттарды кайра кайтаруу боюнча милдеттенмелер катары таанылууга тийиш. Кийин, ар бир отчеттук мезгилдин аягында ишкана өткөрүп берилген товарлардын ордуна аларга укук алууну күтүп жаткан суммаларды баалоону оңдоп-түзөөгө жана ойдогудай түрдө операциянын баасын жана, тиешелүү түрдө, таанылган түшкөн кирешелердин суммасын оңдоп-түзөөгө тийиш.

B24 Ишкана кайра кайтарылууга тийиш болгон суммалар жагынан үмүт-тилектердин өзгөрүшүн эске алуу менен ар бир отчеттук мезгилдин аягына карата каражаттарды кайра кайтаруу боюнча милдеттенмелерди баалоону оңдоп-түзөөгө тийиш. Ишкана тиешелүү оңдоп-түзөөлөрдү түшкөн кирешелер (же түшкөн кирешелерди азайтуу) катары таанууга тийиш.

B25 Каражаттарды кайра кайтаруу боюнча милдеттенмелерди аткарууда сатып алуучу товарларды кайра кайтарышына ишкананын укугу жагынан таанылуучу актив адегенде товардын (мисалы, запастардын) мурдагы баланстык наркынын негизинде бааланууга тийиш, мында ушундай товарды алуу (анын ичинде ишкана үчүн кайра кайтарылып жаткан товардын наркын потенциалдуу азайтуу) менен байланышкан ар кандай күтүлүп жаткан чыгымдар алып салынат. Ар бир отчеттук мезгилдин аягына карата ишкана кайра кайтарыла турган товарлар жагынан үмүт-тилектердин өзгөрүшүнүн натыйжасында активди баалоону оңдоп-түзөөгө тийиш. Ишкана мындай активди каражаттарды кайра кайтаруу боюнча милдеттенмеден өзүнчө көрсөтүүгө тийиш.

B26 Сатып алуучу бир товарды ушундай эле түрдөгү, сапаттагы, ушундай эле абалдагы жана ушундай эле баадагы товарга (мисалы, бир түстөгү же өлчөмдөгү товарды ушундай эле, бирок башка түстөгү же өлчөмдөгү товарга) алмашуусу ушул стандартты колдонуу максаттары үчүн кайра кайтаруу деп эсептелбейт.

B27 Аларга ылайык сатып алуучу кемчилиги бар товарды оң товарга алмаша ала турган келишимдер B28 - B33-пункттардагы кепилдиктерди эске алуу жөнүндө колдонмого ылайык талданууга тийиш.

## Кепилдиктер

B28 Көп учурда ишкана продукцияны (ал товар же кызмат көрсөтүү болбосун) сатууга байланыштуу (келишимге, мыйзам актысына же демейки иштиктүү практикага ылайык) кепилдик берет. Кепилдиктин мүнөзү тармакка же келишимге жараша кыйла

айырмаланышы мүмкүн. Айрым кепилдиктер тиешелүү продукт тараптар макулдашкан шарттарга ылайык колдонулаары жагынан сатып алуучу үчүн камсыз кылуу каражаты болуп саналат, анткени ал макулдашылган параметрлерге ылайык келет. Башкалары – буга кошумча түрдө ошондой эле сатып алуучуга айрым кызматты көрсөтөт.

B29 Эгерде сатып алуучуда кепилдикти өзүнчө алуу укугу бар болсо (мисалы, кепилдикке баа өзүнчө белгиленишинин себеби боюнча же болбосо эгерде кепилдик өзүнчө макулдашылса), кепилдик айырмалануучу кызмат көрсөтүү болуп саналат, анткени ишкана келишимде баяндалган функциялык мүнөздөмөлөргө ээ болгон продукцияга кошумча түрдө сатып алуучуга кызмат көрсөтүүнү убада кылат. Мындай кырдаалдарда ишкана убада кылынган кепилдикти 22 – 30-пункттарга ылайык аткарыла турган милдет катарында эске алууга жана операциянын баасынын бир бөлүгүн 73 – 86-пункттарга ылайык аткарууга карата ушундай милдетке бөлүштүрүүгө тийиш.

B30 Эгерде сатып алуучуда кепилдикти өзүнчө сатып алууга укук жок болсо, ишкана *«Бааланууучу милдеттенмелер, шарттуу милдеттенмелер жана шарттуу активдер»* ФОЭС (IAS) 37ге ылайык кепилдиктерди эске алууга тийиш, буга убада кылынган кепилдик же убада кылынган кепилдиктин бир бөлүгү продукция макулдашылган параметрлерге ылайык келе тургандыгын камсыз кылуунун каражаты болуп саналгандыгына кошумча түрдө сатып алуучуга айрым кызматты көрсөткөн учурлар кирбейт.

B31 Продукция макулдашылган параметрлерге ылайык келе тургандыгын камсыз кылуунун каражаты болуп саналгандыгына кошумча түрдө кепилдик сатып алуучуга кызмат көрсөтөрүн же жоктугун талдоо учурунда ишкана төмөнкүдөй факторлорду эске алууга тийиш:

(a) мыйзамдар тарабынан кепилдиктерди берүү талап кылынабы – эгерде мыйзамдар ишканадан кепилдик берүүнү талап кылса, ушундай мыйзам талабынын болушу убада кылынган кепилдик аткарыла турган милдет болуп саналбай тургандыгын көрсөтүп турат, анткени мындай талаптар демейде сатып алуучуларды кемтиги бар продукцияны сатып алуу тобокелдигинен коргоо үчүн колдонулат.

(b) Кепилдик мезгилинин узактыгы – кепилдик мезгили канчалык узак болсо, убада кылынган кепилдик аткарыла турган милдет болуп санала тургандыгынын ыктымалдуулугу ошончолук жогору, анткени ал продукция макулдашылган параметрлерге жооп берээрин камсыз кылуунун каражаты болуп саналгандыгына кошумча түрдө кызмат көрсөтүшүнүн ыктымалдуулугу жогору.

(c) Ишкана аткарууга убада кылып жаткан милдеттердин мүнөзү – эгерде ишкана продукциянын макулдашылган параметрлерге шайкештигин камсыз кылуу үчүн айрым милдеттерди аткарууга тийиш болсо (мисалы, кемтиги бар продукцияны кайра кайтарган учурда аны ташуу боюнча кызмат көрсөтүү), анда көбүнесе мындай милдеттер аткарыла турган милдеттин келип чыгышын шарттабайт.

B32 Кепилдик же кепилдиктин бир бөлүгү сатып алуучуга продукция макулдашылган параметрлерге жооп беришин камсыз кылуунун каражаты болуп саналгандыгына кошумча түрдө кызмат көрсөтсө, убада кылынган кызмат көрсөтүү аткарыла турган милдет болуп саналат. Ошентип, ишкана операциянын баасын продуктуга, ошондой эле кызмат көрсөтүүгө бөлүштүрүүгө тийиш. Эгерде ишкана ишендирүү тибиндеги кепилдикти, ошондой эле сервистик типтеги кепилдикти убада кылса, бирок аларды өз-өзүнчө негиздүү эске ала албаса, ишкана эки кепилдикти бирге аткарыла турган бирдиктүү милдет катары эске алууга тийиш.

 © ФОЭС Фонду

B33 Ишкананын продукциясы залал же зыян келтирген учурда аны компенсация төлөөгө милдеттендирүүчү мыйзамдык акт аткарыла турган милдеттин келип чыгышын шарттабайт. Мисалы, керектөөчү продукцияны анын багытына ылайык пайдаланышынын натыйжасында келтирилиши мүмкүн болгон ар кандай зыян (мисалы, жеке мүлккө) үчүн мыйзамга ылайык өндүрүүчү жоопкерчилик тарта турган юрисдикциядагы продукцияны өндүрүүчү сата алат. Ошондой түрдө ишкана милдеттенмелер боюнча төлөмдөрдү жана ишкананын продукциясы патенттерди, автордук укуктарды, соода маркасына укуктарды бузушуна байланыштуу, ошондой эле башка бузууларга байланыштуу үчүнчү тараптардын дооматтарынан келип чыккан зыянды компенсациялоону убада кылышы аткарыла турган милдеттин келип чыгышын шарттабайт. Ишкана ФОЭС (IAS) 37ге ылайык ушундай милдеттенмелерди эске алууга тийиш.

### Принципалдын же агенттин ролу

B34 Башка тарап сатып алуучуга товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү берүүгө катышып жатканда, ишкана анын убадасынын мүнөзү аталган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү өз алдынча берүүгө аткарыла турган милдет болуп саналарын (б.а. ишкана принципал болуп саналат) аныктоого же ушул товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү башка тараптын (б.а. ишкана агент болуп саналат) беришин уюштурууга тийиш. Ишкана сатып алуучуга убада кылынган, ар бир макулдашылган товар же кызмат көрсөтүүлөр жагынан өзү принципал же агент болуп санала тургандыгын же жоктугун аныктайт. Сатып алуучуга берилүүгө тийиш болгон айырмалануучу товар же кызмат көрсөтүү (же товарлар менен кызмат көрсөтүүлөрдүн айырмалануучу пакети) макулдашылган товар же кызмат көрсөтүү болуп саналат (27 – 30-пункттарды караңыз). Эгерде сатып алуучу менен келишим өзүнө макулдашылган бир нече товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү камтыса, ишкана бир макулдашылган товарлар же кызмат көрсөтүүлөр жагынан принципал катары жана башка макулдашылган товарлар же кызмат көрсөтүүлөр жагынан агент катары аракеттене алат.

B34A Өзүнүн убадасынын мүнөзүн (B34-пунктта сыпатталгандай) аныктоо үчүн ишкана төмөнкүлөрдү жасоого тийиш:

(a) сатып алуучуга берилген, макулдашылган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү идентификациялоого (мисалы, башка тарапка берилүүгө тийиш болгон товарларга же кызмат көрсөтүүлөргө укук болушу мүмкүн (26-пунктту караңыз)); жана

(b) ушул товар же кызмат көрсөтүү сатып алуучуга берилгенге чейин ар бир макулдашылган товарды же кызмат көрсөтүүнү ал (33-пунктта көрсөтүлгөндөй) контролдой тургандыгына же жоктугуна баа берүүгө.

B35 Эгерде ишкана убада кылынган товарды же кызмат көрсөтүүнү алар сатып алуучуга өткөрүп берилгенге чейин контролдосо, ал принципал болуп саналат. Бирок, эгерде ишкана продукцияга менчик укугун аны сатып алуучуга түздөн-түз өткөрүп берүүнүн алдында гана алган болсо, ал сөзсүз эле принципал катарында иш алып барууга тийиш эмес. Келишим боюнча принципал болуп саналган ишкана аткарыла турган милдетти өз алдынча аткарып жана аткарууга карата бүткүл милдетти же анын айрым бир бөлүгүн ишкананын атынан аткаруу үчүн башка тарапты (мисалы, субподрядчыны) тарта алат.

B35A Сатып алуучуга товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү берүү үчүн башка тарапты тарткан учурда принципал болуп саналган ишкана төмөнкүдөй аспекттердин бирине контролдукту алат:

(a) кийин ал сатып алуучуга өткөрүп бере турган башка тараптын товарына же башка активине;

(b) башка тарап бере турган кызмат көрсөтүүгө укукка, ал ишканага ушундай кызмат көрсөтүүнү ишкананын атынан сатып алуучуга көрсөтүүнү бул тарапка тапшырууга мүмкүнчүлүк берет;

(c) башка тараптын товарына же кызмат көрсөтүүсүнө, аларды ал кийин макулдашылган товарды же кызмат көрсөтүүнү берүүдө башка товарлар же кызмат көрсөтүүлөр менен бириктирет. Мисалы, эгерде ишкана башка тарапка берилүүчү товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү (29(a)-пунктту кара) сатып алуучу аларды алуу үчүн келишим түзгөн, макулдашылган товарга же кызмат көрсөтүүгө интеграциялоо боюнча кызмат көрсөтсө, ишкана макулдашылган товарды же кызмат көрсөтүүнү мындай товар же кызмат көрсөтүү сатып алуучуга өткөрүп берилгенге чейин контролдойт. Бул төмөнкүлөр менен шартталган: ишкана адегенде макулдашылган (өзүнө башка тараптардын товарларын жана кызмат көрсөтүүлөрүн камтыган) товар же кызмат көрсөтүү үчүн баштапкы ресурстарга контролдукту алат жана макулдашылган товар же кызмат көрсөтүү болуп саналган жыйынды натыйжаны түзүү үчүн аларды пайдалануу ыкмаларын аныктайт.

B35B Принципал болуп саналган ишкана аткарыла турган милдетти аткарып жатканда (же аткарышына жараша) берилип жаткан макулдашылган товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн ордуна ага укукту ал алууну күтүп жаткан ордун толтуруунун дүң суммасындагы түшкөн кирешелерди тааныйт.

B36 Эгерде ишкана кабыл алган аткарыла турган милдет башка тарап товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү беришин уюштурууда турса, ал агент болуп саналат. Агент болуп саналган ишкана башка тарап берген аталган товарды же кызмат көрсөтүүнү ушул товар же кызмат көрсөтүү сатып алуучуга өткөрүп берилгенге чейин контролдобойт. Агент болуп саналган ишкана аткарууга карата милдетти аткарууда (же аткарышына жараша) түшкөн кирешелерди башка тарап товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү беришин уюштуруунун ордуна ал ага укукту алууну күтүп жаткан сыйакынын же комиссиянын суммасында тааныйт. Ишкананын сыйакысы же комиссиясы ордун толтуруунун таза суммасын билдирет, аны ишкана башка тарап берүүгө тийиш болгон товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн ордуна алынган ордун толтурууну ушундай тарапка төлөгөндөн кийин кармап калат.

B37 Ишкана макулдашылган товар же кызмат көрсөтүү сатып алуучуга берилгенге чейин аларды контролдогонунун (жана тиешелүү түрдө принципал болуп санала тургандыгынын (B35-пунктту караңыз)) белгилери өзүнө башкалардын арасында төмөнкүлөрдү камтыйт:

(a) ишкана макулдашылган товарды же кызмат көрсөтүүнү берүү убадасын аткаргандыгы үчүн негизги жоопкерчиликти тартат. Эреже катары, бул макулдашылган товардын же кызмат көрсөтүүнүн алгылыктуулугу үчүн жоопкерчиликти (мисалы, товардын же кызмат көрсөтүүнүн сатып алуучунун талаптарына шайкештиги үчүн негизги жоопкерчилик) камтыйт. Эгерде ишкана макулдашылган товарды же кызмат көрсөтүүнү берүү убадасын аткаргандыгы үчүн негизги жоопкерчиликти тартса, бул макулдашылган товарды же кызмат көрсөтүүнү берүүгө тартылган башка тарап ишкананын атынан аракеттенип жатканын көрсөтүшү мүмкүн.

(b) макулдашылган товар же кызмат көрсөтүү сатып алуучуга берилгенге чейин же контролдоо сатып алуучуга берилгенден кийин ишкана запастардын наркы түшүшүнүн тобокелдигине кабылышы мүмкүн (мисалы, эгерде сатып алуучуда кайра кайтаруу укугу бар болсо). Мисалы, эгерде ишкана сатып алуучу менен келишим түзүлгөнгө чейин макулдашылган товарды же кызмат көрсөтүүнү алса же алууга өзүнө милдеттенме алса, бул ишкана мындай товарды же кызмат көрсөтүүнү пайдалануу ыкмасын аныктоо жана алардан

 © ФОЭС Фонду

түшкөн иш жүзүндө бардык калган пайданы алар сатып алуучуга берилгенге чейин алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ экендиги көрсөтүшү мүмкүн.

(c) ишкана макулдашылган товарга же кызмат көрсөтүүгө бааны өз алдынча белгилөөгө укуктуу. Макулдашылган товар же кызмат көрсөтүү үчүн сатып алуучу төлөй турган бааны белгилөө мүмкүнчүлүгү ишканада мындай товарды же кызмат көрсөтүүнү пайдалануу ыкмасын аныктоо жана иш жүзүндө бардык калган пайданы алуу мүмкүнчүлүгү бар экенин көрсөтүшү мүмкүн. Бирок айрым учурларда агент бааны өз алдынча белгилөө укугуна ээ болушу мүмкүн. Мисалы, башка тараптар сатып алуучуларга товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү беришин уюштуруу боюнча өзү берген кызмат көрсөтүүлөрдөн кошумча кирешени табуу максатында агент бааны белгилөөдө айрым өз алдынчалыкка ээ болушу мүмкүн.

B37A Макулдашылган товардын же кызмат көрсөтүүнүн мүнөзүнө, ошондой эле келишимдин шарттарына жараша B37-пунктта саналган белгилер көп же аз даражада контролду баалоо үчүн жөндүү болушу мүмкүн. Мындан тышкары, ар түрдүү келишимдерде ар түрдүү белгилер алда канча ишенимдүү ырастоо болушу мүмкүн.

B38 Эгерде башка тарап аткарыла турган милдетти өзүнө алса жана келишимде каралган ишкананын укуктарын сатып алса жана ушунун натыйжасында ишкана мындан ары убада кылынган товарды же кызмат көрсөтүүнү сатып алуучуга өткөрүп берүү жагынан аткарыла турган милдетти аткарууга милдеттүү болуп саналбаса (башкача айтканда, ишкана мындан ары принципал катары иш алып барбайт), ишкана аткарыла турган милдет жагынан түшкөн кирешелерди таанууга тийиш эмес. Мунун ордуна ишкана башка тарап үчүн келишим түзүү боюнча аткарыла турган милдетти аткаруу жагынан түшкөн кирешелерди таануу зарылчылыгын баалоого тийиш (башкача айтканда, ишкана агент катарында иш алып барат).

## Сатып алуучуга берилген кошумча товарлар же кызмат көрсөтүүлөр жагынан опциондор

B39 Кошумча товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү акысыз же арзандатуу менен алууга сатып алуучуларга берилүүчү опциондордун көп сандаган формалары бар, анын ичинде булар сатууларга кызыктыруу каражаттары, сатып алуучуга чегерилүүчү бонустук баллдар (же бирдиктер), келишимди узартууга укук же келечектеги товарларга же кызмат көрсөтүүлөргө башка арзандатуулар болушу мүмкүн.

B40 Эгерде келишим ишкана кошумча товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга опционду сатып алуучуга беришин караса, анда бул опцион келишим боюнча аткарыла турган милдеттин келип чыгышын ал сатып алуучуга ал келишим түзбөй туруп ала албай турган олуттуу укукту берген учурда гана шарттайт (мисалы, тиешелүү региондо же тиешелүү рынокто сатып алуучулардын тиешелүү категориясы үчүн ушундай товарлар же кызмат көрсөтүүлөр жагынан демейде берилүүчү арзандатуулардын топтомуна карата кошумча түрдө берилүүчү арзандатууга укук). Эгерде опцион сатып алуучуга олуттуу укук берсе, сатып алуучу келечектеги товарлар же кызмат көрсөтүүлөр үчүн ишканага иш жүзүндө аванс менен төлөйт, жана ишкана түшкөн кирешелерди ушундай товарлар же кызмат көрсөтүүлөр өткөрүп берилген учурда же болбосо опциондун колдонулушунун мөөнөтү аяктаган учурда тааныйт.

B41 Эгерде сатып алуучуда ушундай товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү бөлөк сатуунун баасын чагылдырган баа боюнча кошумча товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга опцион бар болсо, мындай опцион сатып алуучуга опцион мурдагы келишимди түзүүнүн натыйжасында гана аткарылышы мүмкүн болгон учурда да олуттуу укук бербейт. Мындай учурларда ишкана маркетингдик сунуш жасайт, аны ал сатып алуучу кошумча товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга опционду аткарган учурда гана ушул стандартка ылайык эске алууга тийиш.

B42 74-пунктка ылайык ишкана операциянын баасын бөлөк сатуунун салыштырма баасынын негизинде аткарыла турган милдеттердин ортосунда бөлүштүрүүгө тийиш. Эгерде сатып алуучуга берилген кошумча товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга опционду бөлөк сатуунун баасы түздөн-түз байкоо жүргүзүлүүчү болуп саналбаса, ишкана аны баалоого тийиш. Мындай баалоо опционду аткаруу учурунда сатып алуучу ала турган арзандатууну чагылдырууга жана төмөнкүлөрдү эске алуу менен оңдоп-түзөтүлүүгө тийиш:

(a) сатып алуучу опционду аткарбай туруп алышы мүмкүн болгон ар кандай арзандатууларды; жана

(b) опционду аткаруу ыктымалдуулугун.

B43 Эгерде сатып алуучуда келечекте товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга олуттуу укук бар болсо жана мындай товарлар же кызмат көрсөтүүлөр баштапкы келишимде каралган товарларга же кызмат көрсөтүүлөргө окшош болсо жана ушул келишимдин шарттарына ылайык берилсе, анда ишкана опционду бөлөк сатуунун баасын баалоого практикалык альтернатива катары опциондо каралган кошумча товарларга же кызмат көрсөтүүлөргө операциянын баасын, күтүлүп жаткандай, өткөрүп бериле турган товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмүнө жана күтүлгөн тиешелүү ордун толтурууга негизденүү менен бөлүштүрүүгө укуктуу. Эреже катары, опциондордун мындай түрлөрү келишимди узартуу үчүн берилет.

## Сатып алуучулардын ишке ашырылбаган укуктары

B44 106-пунктка ылайык, сатып алуучудан алдын ала акы алгандан кийин ишкана өзү кабыл алган, келечекте товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү берүүдө же берүүгө даярдыкта турган аткарыла турган милдет жагынан келишим боюнча милдеттенмени алынган алдын ала акынын өлчөмүндө таанууга тийиш. Ишкана ушундай товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү өткөрүп бергенде жана тиешелүү түрдө аткарыла турган милдетти аткарганда келишим боюнча милдеттенмелерди таанууну токтотууга (жана түшкөн кирешелерди таанууга) тийиш.

B45 Сатып алуучудан алынган, кайра кайтарылууга тийиш болбогон алдын ала акы сатып алуучуга келечекте товарды же кызмат көрсөтүүнү алууга укук берет (жана ишканага товарды же кызмат көрсөтүүнү өткөрүп берүүгө даяр болуу милдетин жүктөйт). Бирок сатып алуучулар өзүндө болгон бардык келишимдик укуктарды ишке ашыра албашы мүмкүн. Ушундай ишке ашырылбаган укуктар демейде «талап кылынбаган укуктар» деп аталат.

B46 Эгерде ишкана келишим боюнча милдеттенменин курамына киргизилген талап кылынбаган бөлүктүн көлөмүнө укукту алууну күтүп жатса, анда ишкана талап кылынбаган бөлүктүн күтүлүп жаткан көлөмүн сатып алуучу укуктарды кандай түрдө ишке ашырышына пропорционалдуу түшкөн кирешелер катары таанууга тийиш. Эгерде ишкана талап кылынбаган бөлүктүн көлөмүнө укукту алууну күтүп жатса, ишкана талап кылынбаган бөлүктүн күтүлүп жаткан көлөмүн сатып алуучу өзүндө калган укуктарды ишке ашырышы күмөн болгон учурда түшкөн кирешелер катары таанууга тийиш. Ишкана талап кылынбаган бөлүктүн көлөмүнө укук алууну күтүп жатканын аныктоо үчүн ишкана өзгөрүлмө ордун толтурууну баалоону чектөө жагынан 56 – 58-пункттардагы талаптарды кароого тийиш.

B47 Талап кылынбаган мүлк жөнүндө колдонуудагы мыйзам актыларына ылайык ишкана башка тарапка, мисалы, мамлекеттик ишканага, өткөрүп берүүгө тийиш болгон сатып алуучунун ишке ашырылбаган укуктарына тиешелүү ар кандай алынган ордун толтуруу жагынан милдеттенмени (түшкөн кирешелерди эмес) ишкана таанууга тийиш.

 © ФОЭС Фонду

## Орду толтурулбай турган алгачкы төлөм (жана айрым байланыштуу чыгымдар)

B48 Айрым келишимдерге ылайык келишим түзүү учурунда же ага жакын учурда сатып алуучулар орду толтурулбай турган алгачкы төлөмдү ишканага төлөйт. Мындай төлөмдөрдүн мисалдары спорттук-ден соолукту чыңдоо клубуна мүчөлүк жөнүндө келишимдерде каралган кирүү төгүмдөрүн, телекоммуникациялык тармактын ишканалары менен түзүлүүчү келишимдердеги активация үчүн акыны, тейлөөгө айрым келишимдердеги белгилөөчү акыны жана берүүнүн айрым келишимдериндеги баштапкы комиссияны камтыйт.

B49 Мындай келишимдердеги аткарыла турган милдеттерди идентификациялоо үчүн ишкана ушундай сыйакы убада кылынган товар же кызмат көрсөтүү үчүн өткөрүп берүүгө таандык экенин же жоктугун баалоого тийиш. Көпчүлүк учурларда, орду толтурулбай турган алгачкы төлөм келишимди аткаруу үчүн ишкана келишимди түзүү учурунда же ага жакын учурда жүзөгө ашырууга тийиш болгон ишмердүүлүккө кирээрине карабастан, мындай ишмердүүлүк сатып алуучуга убада кылынган товарды же кызмат көрсөтүүнү өткөрүп берүүгө алып келбейт (25-пунктту караңыз). Мунун ордуна, алгачкы төлөм келечекте өткөрүп берилүүгө тийиш болгон товарлар же кызмат көрсөтүүлөр үчүн аванстык төлөм болуп саналат жана тиешелүү түрдө тиешелүү товарлар же кызмат көрсөтүүлөр өткөрүп берилген учурда түшкөн кирешелер катарында таанылууга тийиш. Эгерде ишкана сатып алуучуга келишимди узартууга опционду берсе жана мындай опцион сатып алуучуга B40-пунктта сыпатталгандай олуттуу укукту берсе, түшкөн кирешелерди таануу мезгили алгачкы келишимдик мезгилге караганда алда канча узак болот.

B50 Эгерде орду толтурулбай турган баштапкы төлөм товарга же кызмат көрсөтүүгө кирсе, ишкана ушундай товарды же кызмат көрсөтүүнү 22 – 30-пункттарга ылайык аткарууга карата өзүнчө милдет катары эске алуу зарылчылыгын баалоого тийиш.

B51 Ишкана келишим түзүү учурунда кеткен чыгымдардын ордун толтуруу максаттары үчүн орду толтурулбай турган төлөмдү (же 25-пунктта сыпатталгандай, башка административдик чыгымдарды) төлөөнү талап кыла алат. Эгерде келишим түзүү боюнча мындай иш аткарыла турган милдетти аткарууга алып келбесе, ишкана B19-пунктка ылайык аткарыла турган милдетти аткаруунун даражасын баалоо учурунда ушундай ишмердүүлүктү (жана тиешелүү чыгымдарды) эске алууга тийиш эмес. Бул келишим түзүү боюнча ишмердүүлүк менен байланышкан чыгымдар сатып алуучуга товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү өткөрүп берүүнү чагылдырбай тургандыгы менен байланышкан. Ишкана келишим түзүүгө кеткен чыгымдардын натыйжасында 95-пунктка ылайык таанылууга тийиш болгон актив келип чыкканын же жоктугун талдоого тийиш.

## Лицензиялоо

B52 Лицензия ишкананын интеллектуалдык менчигине сатып алуучунун укугун белгилейт. Интеллектуалдык менчикке лицензиялар өзүнө, башкалардан тышкары, төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

(a) программалык камсыздоого жана технологияларга лицензияларды;

(b) кинофильмдерге, музыкага жана аудиовизуалдык маалыматтын жана оюн-зооктун башка каражаттарына лицензияларды;

(c) франшизаларды; жана

(d) патенттерди, соода маркаларын жана автордук укуктарды.

B53 Сатып алуучуга лицензия берүүгө убададан тышкары, ишкана ошондой эле сатып алуучуга башка товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү өткөрүп берүүнү убада кыла

алат. Мындай убадалар келишимде айкын көрсөтүлүшү же ишкананын демейки иштиктүү практикасында, жарыяланган саясатта же конкреттүү билдирүүдө түшүндүрүлүшү мүмкүн (24-пунктту караңыз). Келишимдердин башка түрлөрүнүн учурундагыдай эле, сатып алуучу менен келишим башка убада кылынган товарларга же кызмат көрсөтүүлөргө кошумча түрдө лицензия берүү жагынан убадаларды өзүнө камтыган учурда, ишкана келишимде аткарууга карата ар бир милдетти идентификациялоо үчүн 22 – 30-пункттарды колдонот.

B54 Эгерде лицензия берүүгө милдеттенме 26 – 30-пункттарга ылайык келишимде убада кылынган башка товарлардан же кызмат көрсөтүүлөрдөн айырмалануучу болуп саналбаса, ишкана аткарууга карата бир милдет катарында лицензияны жана ошондой эле убада кылынган башка товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү бирге берүүгө убаданы эске алууга тийиш. Келишимде убада кылынган башка товарлардан же кызмат көрсөтүүлөрдөн айырмаланбаган лицензиялардын мисалдары өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

(a) физикалык формасы бар товардын компоненти болуп саналган жана анын функциялык мүмкүнчүлүктөрүнүн ажыралгыс бөлүгүн түзгөн лицензияны; жана

(b) сатып алуучу андан пайданы тиешелүү кызмат көрсөтүүгө байланыштуу гана ала турган лицензияны (мисалы, ишкана көрсөтүүчү онлайн, ал лицензияны берүү аркылуу сатып алуучуга контентке жеткиликтүүлүктү берет).

B55 Эгерде лицензия айырмалануучу болуп саналбаса, ишкана аткарыла турган милдет (ал убада кылынган лицензияны өзүнө камтыйт) мезгил аралыгында аткарыла турган милдет же болбосо айрым учурда аткарылуучу милдет болуп санала тургандыгын же жоктугун аныктоо үчүн 31 – 38-пункттарды колдонууга тийиш.

B56 Эгерде лицензия берүүгө убада келишимде каралган башка убада кылынган товарлардан же кызмат көрсөтүүлөрдөн айырмаланган болуп саналса жана тиешелүү түрдө лицензия берүүгө убада аткарууга карата өзүнчө милдет болуп саналса, ишкана лицензия айрым убакытта же мезгил аралыгында сатып алуучуга өтөөрүн же жоктугун аныктоого тийиш. Муну аныктоодо, ишкана сатып алуучуга лицензия берүүгө ишкананын убадасы өзүнүн мүнөзү боюнча сатып алуучуга төмөнкүлөрдү берүүгө убада болуп саналаарын же жоктугун талдоого тийиш:

(a) ишкананын интеллектуалдык менчигине жеткиликтүүлүк укугун ал лицензиянын мөөнөтүнүн аралыгында өкүм сүргөн түрдө; же болбосо

(b) ишкананын интеллектуалдык менчигин пайдалануу укугун ал лицензия берилген учурда өкүм сүргөн түрдө.

### Лицензия берүүгө ишкананын убадасынын мүнөзүн аныктоо

B57 [Алып салынган]

B58 Лицензия берүү учурунда ишкананын убадасы өзүнүн мүнөзү боюнча төмөндөгү бардык критерийлер сакталган шартта ишкананын интеллектуалдык менчигине жеткиликтүүлүк укугун берүүгө убада болуп саналат:

(a) сатып алуучу ага укукка ээ болгон интеллектуалдык менчикке олуттуу түрдө таасир этүүчү ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууну ишканадан келишим талап кылат же сатып алуучу негиздүү күтөт (B59 жана B59A-пункттарын караңыз);

(b) лицензия берүүчү укуктар сатып алуучуну B58(a)-пунктта идентификацияланган ишкананын ишмердүүлүгүнүн ар кандай оң же терс таасирине тикелей дуушарлантат; жана

(c) мындай ишмердүүлүк аны жүзөгө ашырууга жараша сатып алуучуга товарды же кызмат көрсөтүүнү өткөрүп берүүгө алып келбейт (25-пунктту караңыз).


© ФОЭС Фонду

B59 Ишкана интеллектуалдык менчикке олуттуу түрдө таасир эте турган ишмердүүлүктү жүзөгө ашырат деп сатып алуучу негизсиз күтүшүн көрсөтүшү мүмкүн болгон факторлор өзүнө ишкананын демейки иштиктүү практикасын, жарыяланган саясатты же конкреттүү билдирүүлөрдү камтыйт. Сатып алуучу ага укукка ээ болгон интеллектуалдык менчиктин контекстинде ишканада жана сатып алуучуда жалпы экономикалык кызыкчылыктын (мисалы, сатууга негизделген роялти) болушу чечүүчү ролду ойнобогонуна карабастан, ал ошондой эле сатып алуучу ушундай ишмердүүлүктү ишкана жүзөгө ашырат деп негиздүү түрдө күтүшү мүмкүн экенин көрсөтө алат.

B59A Ишкананын ишмердүүлүгү сатып алуучу укуктарга ээ болгон интеллектуалдык менчикке олуттуу түрдө таасир этет, эгерде:

(a) мындай ишмердүүлүк интеллектуалдык менчиктин формасын (мисалы, түзүмүн же мазмунун) же функциялык мүнөздөмөлөрүн (мисалы, функцияны же милдетти аткаруу жөндөмүн) олуттуу түрдө өзгөртөт деп күтүлсө; же болбосо

(b) интеллектуалдык менчиктен пайда алууга сатып алуучунун кудурети олуттуу түрдө ушундай ишмердүүлүк менен шартталса же ага байланыштуу болсо. Мисалы, брендди пайдалануудан алынган пайда көп учурда интеллектуалдык менчиктин баалуулуктарын сактоо же көбөйтүү боюнча ишкананын туруктуу ишмердүүлүгү менен шартталат же ага байланыштуу болот.

Тиешелүү түрдө, эгерде сатып алуучу укуктарга ээ болгон интеллектуалдык менчик олуттуу функциялык мүнөздөмөлөргө ээ болсо, мындай интеллектуалдык менчиктен пайданын кыйла бөлүгү ушул мүнөздөмөлөр менен шартталат. Ошентип, ишкананын ишмердүүлүгү, эгерде мындай ишмердүүлүк интеллектуалдык менчиктин формасын же функциялык мүнөздөмөлөрүн олуттуу өзгөртпөсө гана, ушундай интеллектуалдык менчиктен пайда алууга сатып алуучунун кудуретине олуттуу түрдө таасир этпейт. Көп учурда өзүнөн өзү олуттуу функциялык мүнөздөмөлөргө ээ болгон интеллектуалдык менчиктин мисалдары программалык камсыз кылууну, дары-дармек каражаттарынын биологиялык биригүүлөрүн же формулаларын, ошондой эле даяр медиа контентти (мисалы, фильмдерди, телекөрсөтүү шоуларын жана музыкалык жазууларды) камтыйт.

B60 Эгерде B58-пункттагы критерийлер аткарылса, ишкана мезгил аралыгында аткарыла турган милдет катарында лицензия берүүгө убаданы эске алууга тийиш, анткени сатып алуучу интеллектуалдык менчикке жеткиликтүүлүктү берүү боюнча ишкананын ишмердүүлүгүнүн натыйжаларынан пайданы ал жүзөгө ашырылышына жараша бир эле учурда алат жана керектейт (35(а)-пунктту караңыз). Жеткиликтүүлүктү берүү боюнча аткарыла турган милдеттерди аткаруунун даражасын баалоонун ойдогудай методун тандоо үчүн ишкана 39 – 45-пункттарды колдонууга тийиш.

B61 Эгерде B58-пункттагы критерийлер аткарылбаса, ишкананын убадасы өзүнүн мүнөзү боюнча ишкананын интеллектуалдык менчигин пайдалануу укугун сатып алуучуга лицензия берүү учурунда ушудай интеллектуалдык менчиктин турган турпатында (форманын жана функциялык мүнөздөмөлөрдүн контекстинде) берүүгө убада болуп саналат. Бул сатып алуучу лицензияны пайдалануу ыкмасын аныктап жана лицензияны өткөрүп берүү жүзөгө ашырылган убакыттын учурунда лицензиядан иш жүзүндө калган бардык пайданы ала алаарын билдирет. Ишкана өзүнүн интеллектуалдык менчигин пайдаланууга укукту берүү убадасын убакыттын айрым учурунда аткарыла турган милдет катарында эске алууга тийиш. Ишкана лицензия сатып алуучуга өткөрүп берилип жаткан убакыттын учурун аныктоодо 38-пунктту колдонууга тийиш. Бирок ишкананын интеллектуалдык менчигин пайдаланууга укук берүүчү лицензия жагынан түшкөн кирешелер анын аралыгында сатып алуучу лицензияны пайдаланууга жана андан пайда алууга мүмкүнчүлүккө ээ болгон мезгил башталганга чейин таанылышы мүмкүн эмес. Мисалы, эгерде программалык

камсыздоого лицензиянын мезгили ишкана сатып алуучуга программалык камсыздоону тез арада пайдаланууга мүмкүндүк берүүчү программалык кодду бергенге (же башкача түрдө жеткиликтүү кылганга) чейин башталса, ишкана түшкөн кирешелерди ушундай программалык код берилгенге чейин таанытбайт (же ишкана сатып алуучуга аны башкача түрдө жеткиликтүү кылат).

B62 Ишкана лицензия ишкананын интеллектуалдык менчигине жеткиликтүүлүк укугун же болбосо ишкананын интеллектуалдык менчигин пайдаланууга укукту бере тургандыгын же жоктугун аныктоо учурунда төмөндө саналган факторлорду этибарга албоого тийиш:

(a) Убакытты, географиялык регионду же пайдалануу ыкмасын чектөөлөр – ушундай чектөөлөр убакыттын айрым учурунда же мезгил аралыгында ишкана аткарыла турган милдетти аткарып жатканын эмес, убада кылынган лицензиянын мүнөздөмөлөрүн аныктайт.

(b) Интеллектуалдык менчикке колдонуудагы патентке ишкана ээ экендиги жана ал патентти мыйзамсыз колдонуудан коргой тургандыгы жагынан ишкана берүүчү кепилдиктер – патентти коргоону камсыз кылууга ишкананын убадасы аткарыла турган милдет болуп саналбайт, анткени патентти коргоону камсыз кылуу боюнча аракеттер ишкананын интеллектуалдык менчиги тарабынан берилген анын активдеринин наркын коргойт жана өткөрүп берилген лицензия келишимде убада кылынган лицензиянын параметрлерин канааттандыра тургандыгын сатып алуучу үчүн камсыз кылуучу каражат болуп саналат.

## Сатууга негизделген роялти же интеллектуалдык менчиктин объектин пайдаланууга негизделген роялти

B63 56 – 59-пункттарда каралган талаптарга карабастан, ишкана интеллектуалдык менчикке лицензиянын ордуна убада кылынган интеллектуалдык менчик объектин сатууга же пайдаланууга негизделген роялти жагынан түшкөн кирешелерди төмөндөгү окуялардын ичинен алда канча кийинкиси болуп өткөн учурда гана (же ага жараша) танууга тийиш:

(a) кийинки сатуу же пайдалануу; жана

(b) сатууга негизделген роялти же интеллектуалдык менчиктин объектин пайдаланууга негизделген бүткүл роялти же анын кандайдыр-бир бөлүгү кирген аткарыла турган милдетти аткаруу (же жарым-жартылай аткаруу).

B63A Сатууларга негизделген роялти же пайдаланууга негизделген роялти жагынан B63-пунктта каралган талап роялти интеллектуалдык менчикке лицензияга карата гана тиешелүү болгон учурларда же интеллектуалдык менчикке лицензия роялти таандык болгон негизги берене болуп саналган учурларда гана колдонулат (мисалы, эгерде сатып алуучу лицензия таандык болгон башка товарларга же кызмат көрсөтүүлөргө караганда нарктын кыйла көп бөлүгүн лицензияга таандык кылат деп ишкана негиздүү күтсө, интеллектуалдык менчикке лицензия роялти таандык болгон негизги берене болушу мүмкүн).

B63B Эгерде B63A-пунктта каралган талап сакталса, сатууларга негизделген роялти же пайдаланууга негизделген роялти жагынан түшкөн кирешелер B63-пунктка ылайык толугу менен таанылууга тийиш. Эгерде B63A-пунктта каралган талап сатууларга негизделген роялти же пайдаланууга негизделген роялти жагынан сакталбаса, 50 - 59-пункттардагы өзгөрүлмө ордун толтуруу жагындагы талаптар колдонулат.

 © ФОЭС Фонду

### Кайра артка сатып алуу келишимдери

B64 Кайра артка сатып алуу келишими – бул ал боюнча ишкана активди саткан жана мында тигил же бул келишимдин алкагында активди сатып алууга убада берген же аны кайра артка сатып алууга опцион алган келишим. Сатып алынуучу актив баштапкы бүтүмдө сатып алуучуга сатылган актив, иш жүзүндө ушундай активге окшош актив же анын компоненти баштапкы бүтүмдө сатып алуучуга сатылган актив болуп саналган актив болушу мүмкүн.

B65 Эреже катары, кайра артка сатып алуу келишимдери төмөндө келтирилген үч форманын бирине ээ болот:

(a) активди кайра артка сатып алууга ишкананын милдеттенмеси (форвард);

(b) активди кайра артка сатып алууга ишкананын укугу (колл-опцион); жана

(c) сатып алуучунун талабы боюнча активди кайра артка сатып алууга ишкананын милдеттенмеси (пут-опцион).

### Форвард же колл-опцион

B66 Эгерде ишканада активди кайра артка сатып алуу жагынан милдеттенме же укук (форвард же колл-опцион) бар болсо, сатып алуучу активге контролдукту албайт, анткени сатып алуучу иш жүзүндө активге ээлик кылган күндө да сатып алуучунун активди пайдалануу ыкмасын аныктоого жана иш жүзүндө бардык калган пайданы алууга өз кудурети чектелген. Тиешелүү түрдө ишкана келишимди төмөнкүдөй катары эске алууга тийиш:

(a) келишим кайра артка ижаралоо менен сатуу операциясынын бир бөлүгү болуп саналган учурларды кошпогондо, эгерде ишкана активди анын баштапкы сатуу баасына караганда аз суммага кайра артка сатып алууга укуктуу же милдеттүү болсо, «*Ижара*» ФОЭС (IFRS) 16га ылайык ижара. Эгерде келишим кайра артка ижаралоо менен сатуу операциясынын бир бөлүгү болуп саналса, ишкана активди таанууну улантууга тийиш жана сатып алуучудан алынган ордун толтуруу жагындагы финансылык милдеттенмени таанууга тийиш. Ишкана ФОЭС (IFRS) 9га ылайык финансылык милдеттенмени эске алууга тийиш; же болбосо

(b) эгерде ишкана активди анын баштапкы сатуу баасына барабар же андан ашык суммага кайра артка сатып алууга укуктуу же милдеттүү болсо, B68-пунктка ылайык каржылоо жөнүндө макулдашуу.

B67 Кайра артка сатып алуу баасын сатуу баасы менен салыштырганда, ишкана акчанын убакыт ичиндеги наркын эске алууга тийиш.

B68 Эгерде кайра артка сатып алуу келишими каржылоо жөнүндө макулдашуу болуп саналса, ишкана активди таанууну улантууга, ошондой эле сатып алуучудан алынган ордун толтуруу жагынан финансылык милдеттенмени таанууга тийиш. Ишкана сатып алуучудан алынган ордун толтуруунун суммасынын жана сатып алуучуга төлөнүүгө тийиш болгон ордун толтуруунун суммасынын ортосундагы айырманы пайыз катарында жана, эгерде колдонууга мүмкүн болсо, иштетүүгө же сактоого (мисалы, камсыздандыруу) чыгымдар катарында таанууга тийиш.

B69 Эгерде опциондун колдонулушунун мөөнөтү аяктап жатса жана ал аткарылбаган бойдон калып жатса, ишкана милдеттенмени таанууну токтотууга жана түшкөн кирешелерди таанууга тийиш.

### Пут-опцион

B70 Эгерде ишканада сатып алуучунун талабы боюнча активди анын баштапкы сатуу баасынан төмөн баада кайра артка сатып алуу милдеттенмеси (пут-опцион) бар болсо, ишкана келишим түзүп жаткан учурда ушундай укукту ишке ашыруу үчүн сатып алуучуда кыйла экономикалык стимулдун болушун баалоого тийиш. Сатып алуучу бул укукту ишке ашырышы иш жүзүндө сатып алуучу макулдашылган активди айрым мезгил аралыгында пайдалануу укугу үчүн ордун толтурууну ишканага төлөөсүнө алып келет. Ошентип, келишим кайра артка ижаралоо менен сатуу операциясынын бир бөлүгү болуп саналган учурларды кошпогондо, эгерде сатып алуучуда мындай укукту ишке ашыруу үчүн кыйла экономикалык стимул бар болсо, ишкана макулдашууну ФОЭС (IFRS) 16га ылайык ижара катары эске алууга тийиш. Эгерде келишим кайра артка ижаралоо менен сатуу операциясынын бир бөлүгү болуп саналса, ишкана активди таанууну улантууга тийиш жана сатып алуучудан алынган ордун толтуруу жагындагы финансылык милдеттенмени таанууга тийиш. Ишкана ФОЭС (IFRS) 9га ылайык финансылык милдеттенмени эске алууга тийиш.

B71 Сатып алуучуда өзүнүн укуктарын ишке ашыруу үчүн кыйла экономикалык стимул бар же жок экенин аныктоо максаты үчүн ишкана ар түрдүү факторлорду, анын ичинде кайра артка сатып алуу баасынын кайра артка сатып алуу күнүнө активдин күтүлгөн рыноктук наркына карата катышын жана укуктун колдонулушунун мөөнөтү аяктаганга чейинки мезгилди талдоого тийиш. Мисалы, эгерде кайра артка сатып алуунун баасы активдин рыноктук наркынан кыйла ашат деп күтүлсө, бул сатып алуучуда пут-опционду аткаруу үчүн кыйла экономикалык стимул бар экенин көрсөтүшү мүмкүн.

B72 Эгерде сатып алуучуда активди баштапкы сатуунун баасына караганда төмөн баа боюнча аны кайра артка сатууга өзүнүн укугун ишке ашыруу үчүн кыйла экономикалык стимулу жок болсо, ишкана макулдашууну бул B20 - B27-пункттарда сыпатталгандай кайра кайтаруу укугу менен продуктуну сатуу болгондой эске алууга тийиш.

B73 Эгерде активди кайра артка сатып алуунун баасы аны баштапкы сатуу баасына барабар болсо же андан ашса, ошондой эле активдин күтүлгөн рыноктук наркынан ашса, келишим иш жүзүндө каржылоо жөнүндө макулдашуу болуп саналат жана тиешелүү түрдө B68-пунктка ылайык эске алынууга тийиш.

B74 Эгерде активди кайра артка сатып алуунун баасы аны баштапкы сатуу баасына барабар болсо же андан ашса, ошондой эле активдин күтүлгөн рыноктук наркынан төмөн же ага барабар болсо жана сатып алуучуда активди кайра артка сатууга өзүнүн укугун ишке ашыруу үчүн кыйла экономикалык стимул жок болсо, ишкана макулдашууну B20 - B27-пункттарда сыпатталгандай кайра кайтаруу укугу менен активди сатуу болгондой эске алууга тийиш.

B75 Кайра артка сатып алуунун баасын сатуу баасы менен салыштырган учурда ишкана акчанын убакыт ичиндеги наркын эске алууга тийиш.

B76 Эгерде опциондун колдонулушунун мөөнөтү аяктаса жана ал аткарылбаган бойдон калса, ишкана милдеттенмени таанууну токтотууга жана түшкөн кирешелерди таанууга тийиш.

### Консигнациялык макулдашуулар

B77 Ишкана акыркы сатып алуучуларга сатуу үчүн продукцияны башка тарапка (мисалы, дилерге же дистрибьюторго) берген учурда ишкана мындай тарап ушул учурда продукцияга контролдукту алганын же жоктугун баалоого тийиш. Башка тарапка берилген продукция, эгерде ушундай башка тарап продукцияга контролдукту албаган болсо, консигнациялык макулдашуу боюнча кармалып турушу мүмкүн. Тиешелүү

 © ФОЭС Фонду

түрдө, эгерде берилген продукция консигнациянын шарттарында кармалып турса, ишкана продукцияны башка тарапка берген учурда түшкөн кирешелерди таанууга тийиш эмес.

B78 Макулдашуу консигнациялык макулдашуу болуп санала тургандыгынын белгилерине башкалардын ичинде төмөнкүлөр кирет:

(a) айрым окуя болгонго, мисалы, продукция дилердин сатып алуучусуна сатылганга чейин же белгилүү бир убакыт мезгили аяктаганга чейин продукцияны ишкана контролдойт;

(b) ишкана продукцияны кайра кайтарууну же продукцияны үчүнчү тарапка (мисалы, башка дилерге) өткөрүп берүүнү талап кылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ; жана

(c) дилерде продукцияга акы төлөө жагынан шартсыз милдеттенме жок (бирок мында ал депозит киргизүүгө милдеттүү болушу мүмкүн).

## Төлөмдү талап кылуу жана берүүнү кийинкиге калтыруу менен сатуу жөнүндө макулдашуулар

B79 Төлөмдү талап кылуу жана берүүнү кийинкиге калтыруу менен сатуу жөнүндө макулдашуу – бул ага ылайык ишкана сатып алуучуга продукция үчүн төлөмдү талап кылган, бирок продукция келечекте белгилүү бир убакыт учурунда сатып алуучуга берилгенге чейин аны иш жүзүндө кармап турган келишим. Мисалы, сатып алуучу продукцияны сактоо үчүн өзүндө бош жайлар жоктугунан улам же болбосо ал пландаштырган өндүрүштүк графиктерди аткаруудагы создуктурууларга байланыштуу ушундай келишим түзүү жөнүндө суроо-талап менен ишканага кайрыла алат.

B80 Ишкана продукцияны өткөрүп берүү жагынан аткарыла турган милдетти аткаруу учурун сатып алуучу ушундай продукцияга контролдукту качан алганын баалоо аркылуу аныктоого тийиш (38-пунктту кара). Айрым келишимдер үчүн контролдук кылуу аларда каралган шарттарга (анын ичинде жеткирүү жана жүктөп жөнөтүү шарттары) жараша продукция сатып алуучуга жеткирилген учурда же болбосо аны жүктөп жөнөтүү жүргүзүлгөн учурда өткөрүп берилет. Бирок, айрым башка келишимдер үчүн сатып алуучу продукция иш жүзүндө али ишкана тарабынан кармалып турганына карабастан продукцияга контролдукту алышы мүмкүн. Мындай учурда сатып алуучу, эгерде ал продукцияга иш жүзүндө ээлик кылууга өз укугун ишке ашырбоону чечсе да, продукцияны пайдалануу ыкмасын аныктоо жана андан иш жүзүндө бардык калган пайданы алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Тиешелүү түрдө ишкана продукцияга контролдук кылбайт. Анын ордуна ишкана сатып алуучуга таандык болгон активди сактоо боюнча сатып алуучуга кызмат көрсөтөт.

B81 38-пункттагы талаптарды колдонууга кошумча түрдө сатып алуучу төлөмдү талап кылуу жана берүүнү кийинкиге калтыруу менен сатуу жөнүндө макулдашуу боюнча продукцияга контролдукту сатып алуучу алгандыгы жөнүндө тыянак жасоо үчүн төмөнкүдөй бардык критерийлерди аткаруу зарыл:

(a) төлөмдү талап кылуу жана берүүнү кийинкиге калтыруу менен сатуу жөнүндө макулдашууну түзүүнүн себеби олуттуу болууга тийиш (мисалы, сатып алуучу макулдашуунун ушундай түрүн пайдаланууга суроо-талап менен кайрылды);

(b) продукция сатып алуучуга таандык катары өзүнчө идентификациялануга тийиш;

(c) продукция ушул учурда сатып алуучуга иш жүзүндө өткөрүп берүүгө даяр болууга тийиш; жана

(d) ишканада продукцияны пайдалануу же аны башка сатып алуучуга өткөрүп берүү мүмкүнчүлүгү болууга тийиш эмес.

B82 Эгерде ишкана төлөмдү талап кылуунун жана берүүнү кийинкиге калтыруунун шарттарында продукцияны сатуу жагынан түшкөн кирешелерди тааныса, ишкана 22 – 30-пункттарга ылайык аткарууга карата өзүндө калган милдеттердин (мисалы, жооптуу сактоо боюнча кызмат көрсөтүү) болушун талдоого тийиш, милдеттерге ишкана 73 – 86-пункттарга ылайык операциянын баасынын бир бөлүгүн бөлүштүрүүгө тийиш.

### Сатып алуучунун кабыл алышы

B83 38(е)-пунктка ылайык сатып алуучу активди кабыл алышы сатып алуучу активге контролдукту алганын көрсөтүшү мүмкүн. Эгерде товар же кызмат көрсөтүү макулдашылган параметрлерге ылайык келбесе, сатып алуучунун кабыл алышы жөнүндө келишимдердин жоболору сатып алуучуга келишимди бузууга же кемчиликтерди жоюу боюнча иштерди жүргүзүүнү ишканадан талап кылууга мүмкүндүк берет. Ишкана ушундай жоболорду сатып алуучу кайсы учурда товарга же кызмат көрсөтүүгө контролдукту алганын баалоо учурунда эске алат.

B84 Эгерде ишкана товарга же кызмат көрсөтүүгө контролдук кылуу келишимде каралган макулдашылган параметрлерге ылайык сатып алуучуга өткөрүп берилгенин объективдүү аныктай алса, анда сатып алуучунун кабыл алышы формалдуулук болуп саналат жана сатып алуучу качан товарга же кызмат көрсөтүүгө контролдукту алганы жагынан ишкананын тыянагына таасир этпейт. Мисалы, эгерде сатып алуучу кабыл алышынын шарттары өлчөмдүн жана салмактын көрсөтүлгөн параметрлерине шайкештикке негизделген болсо, ишкана сатып алуучу кабыл алгандыгынын ырастоосун алганга чейин бул критерийлердин аткарылышын аныктоого кудуреттүү болот. Ишкананын окшош товарларга же кызмат көрсөтүүлөргө келишимдер менен байланышкан тажрыйбасы сатып алуучуга берилип жаткан товар же кызмат көрсөтүү келишимде каралган макулдашылган параметрлерге шайкеш экендиги жөнүндө тастыктай алат. Түшкөн кирешелер сатып алуучу кабыл алганга чейин таанылган күндө да, ишкана аткарууга карата калган милдеттердин (мисалы, жабдууну орнотуу боюнча милдеттенмелер) болушун талдоого жана аларды өзүнчө эске алуу керектигин же жоктугун баалоого тийиш.

B85 Бирок, эгерде ишкана сатып алуучуга өткөрүп берилген товардын же кызмат көрсөтүүнүн келишимде каралган макулдашылган параметрлерге шайкештигин объективдүү аныктай албаса, ишкана сатып алуучу контролдукту алгандыгы жөнүндө тыянакты сатып алуучу кабыл алгандыгы жөнүндө маалыматты ишкана алганга чейин чыгара албайт. Бул ушундай жагдайларда ишкана сатып алуучу товарды же кызмат көрсөтүүнү пайдалануу жана алардан иш жүзүндө бардык калган пайданы алуу ыкмасын аныктоо мүмкүнчүлүгүнө ээ экенин белгилей албагандыгы менен шартталган.

B86 Эгерде ишкана сынак тесттерди же баалоону жүргүзүү максаттары үчүн сатып алуучуга продукцияны жеткирсе жана кандайдыр-бир ордун толтурууну төлөөгө сатып алуучунун милдети сыноо мезгили аяктаганга чейин келип чыкпаса, продукцияга контролдук кылуу сатып алуучу продукцияны кабыл алгандан же болбосо сыноо мезгили аяктагандан кийин гана сатып алуучуга өткөрүп берилет.

### Такталган түшкөн кирешелер жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү

B87 114-пунктка ылайык ишкана түшкөн кирешелердин жана акча каражаттарынын агымдарынын мүнөзүнө, көлөмүнө, мөөнөтүнө жана айкын эместигине экономикалык факторлор кандай таасир этkендигин чагылдырган категориялар боюнча сатып алуучулар менен келишимдер боюнча түшкөн кирешелер жөнүндө маалыматты

тактоого тийиш. Тиешелүү түрдө, маалыматты ачып көрсөтүүгө бул талапты аткаруу максаттары үчүн түшкөн кирешелерди тактоо даражасы ишкананын сатып алуучулар менен келишимдерине тиешеси бар факторлорго жана жагдайларга байланыштуу. Айрым ишканаларга, балким, 114-пункттагы түшкөн кирешелерди тактоо максаттарына жетишүү үчүн бир нече категорияларды пайдаланууга туура келет. Башка ишканалар бул максатка түшкөн кирешелерди тактоо үчүн бир категорияны пайдалануу менен жетише алат.

B88 Түшкөн кирешелерди тактоо үчүн колдонулушу мүмкүн болгон категорияны (же категорияларды) тандоодо, ишкана өзүнүн түшкөн кирешелери жөнүндө маалымат башка максаттар үчүн кандай түрдө берилгенин, анын ичинде төмөндө саналгандардын бардыгын аныктоого тийиш:

(a) финансылык отчеттуулуктун алкагынан тышкаркы (мисалы, пайда жөнүндө отчеттогу, жылдык отчеттогу же инвесторлор үчүн презентациялардагы) маалыматтарды ачып көрсөтүүнү;

(b) операциялык сегменттердин финансылык натыйжаларын баалоо максатында операциялык чечимдерди кабыл алуучу жетекчилик дайыма талдай турган маалыматты; жана

(c) B88(a) жана (b) пунктта идентификацияланган маалыматтын түрлөрүнө окшош, ишкананын финансылык натыйжаларын баалоо же ресурстарды бөлүштүрүү жөнүндө чечимдерди кабыл алуу үчүн ишкана же ишкананын финансылык отчеттуулугун пайдалануучулар колдонуучу башка маалыматты.

B89 Тактоо үчүн максатка ылайык болушу мүмкүн болгон категориялардын мисалдары төмөндө саналгандардын бардыгын камтыйт:

(a) товардын же кызмат көрсөтүүнүн түрүн (мисалы, негизги продукт линейкаларын);

(b) географиялык регионду (мисалы, өлкө же регион);

(c) рынокту же сатып алуучулардын классын (мисалы, мамлекеттик жана мамлекеттик эмес секторлордун керектөөчүлөрү);

(d) келишимдин түрүн (мисалы, бекитилген баасы бар келишимдер жана коротулган жумуш убактысынын жана материалдардын наркын төлөө менен келишимдер);

(e) келишимдин колдонулушунун мөөнөтүн (мисалы, кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү келишимдер);

(f) товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү өткөрүп берүүнү убакытта бөлүштүрүүнү (мисалы, белгилүү бир убакыт учурунда сатып алуучуларга өткөрүп берилүүчү товарлардан жана кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн кирешелер жана мезгил аралыгында өткөрүп берилүүчү товарлардан же кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн кирешелер); жана

(g) сатып-өткөрүү каналдарын (мисалы, түздөн-түз керектөөчүлөргө сатылуучу товарлар жана ортомчулар аркылуу сатылуучу товарлар).

## С тиркемеси
## Күчүнө кирүү күнү жана эсепке алуунун жаңы тартибине өтүү

*Бул тиркеме ушул стандарттын ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана бул стандарттын башка курамдары сыяктуу эле күчкө ээ.*

## Күчүнө кирүү күнү

C1 Ишкана ушул стандартты 2018-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталуучу жылдык отчеттук мезгилдер жагынан колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет. Эгерде ишкана ушул стандартты мөөнөтүнөн мурда колдонсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.

C1A 2016-жылдын январында кабыл алынган «*Ижара*» ФОЭС (IFRS) 16 5, 97, B66 жана B70-пункттарга түзөтүүлөрдү киргизди. Ишкана ФОЭС (IFRS) 16ны пайдаланууда ушул түзөтүүлөрдү колдонууга тийиш.

C1B 2016-жылдын апрелинде кабыл алынган «*Сатып алуучулар менен келишимдер боюнча түшкөн киреше*» ФОЭС (IFRS) 15ке түшүндүрмөлөр. Бул жерде 26, 27, 29, B1, B34 – B38, B52 – B53, B58, C2, C5 жана C7-пункттарга түзөтүүлөр киргизилди, B57-пункт алып салынды жана B34A, B35A, B35B, B37A, B59A, B63A, B63B, C7A жана C8A-пункттар кошумчаланды. Ишкана бул түзөтүүлөрдү 2018-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталуучу жылдык отчеттук мезгилдер үчүн колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет. Эгерде ишкана ушул түзөтүүлөрдү алда канча эрте мезгил үчүн колдонсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.

C1C *[Бул пункт али күчүнө кире элек түзөтүүлөргө кирет жана ошондуктан бул басылмага киргизилген жок.]*

## Эсепке алуунун жаңы тартибине өтүү

C2 C3 - C8-пункттардагы өткөөл жоболордун максаттары үчүн:

(a) ишкана ушул стандартты алгачкы колдонгон отчеттук мезгилдин башталышы алгачкы колдонуу күнү болуп саналат; жана

(b) ишкана ал боюнча «*Курулуш келишимдери*» ФОЭС (IAS) 11ге, «*Түшкөн кирешелер*» ФОЭС (IAS) 18ге ылайык идентификацияланган бардык товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү өткөрүп берген келишим аткарылган келишим болуп саналат.

C3 Ишкана ушул стандартты төмөнкүдөй эки методдун бирин пайдалануу менен колдонууга тийиш:

(a) C5-пункттагы жөнөкөйлөтүүлөрдү эске алуу менен «*Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар*» ФОЭС (IAS) 8ге ылайык сунуш кылынган ар бир мурдагы отчеттук мезгил жагынан ретроспективдүү; же болбосо

(b) C7 - C8-пункттарга ылайык алгачкы колдонуу күнүнө ушул стандартты алгачкы колдонуунун суммалык таасирин колдонуу менен ретроспективдүү.

C4 ФОЭС (IAS) 8дин 28-пунктунун талаптарына карабастан, ушул стандартты алгачкы колдонгон учурда ишкана ФОЭС (IAS) 8дин 28(f)-пункту талап кылган сандык маалыматты ушул стандарт колдонулуп жаткан алгачкы жылдык мезгилден түздөн-түз мурдагы жылдык мезгил («түздөн-түз мурдагы мезгил») үчүн гана жана ишкана ушул стандартты C3(a)-пунктка ылайык ретроспективдүү колдонгон учурда гана берүүгө тийиш. Ишкана ошондой эле учурдагы мезгил же алда канча эрте

 © ФОЭС Фонду

салыштырмалуу мезгилдер үчүн ушундай маалыматты берүүгө укуктуу, бирок милдеттүү эмес.

C5 Ишкана ушул стандартты C3(a)-пунктка ылайык ретроспективдүү колдонуп, төмөндө саналган бир же бир нече практикалык мүнөздөгү жөнөкөйлөтүүлөрдү пайдалана алат:

(a) аткарылган келишимдердин учурунда ишкана колдонулушунун мөөнөтү:

(i) бир жылдык отчеттук мезгилдин алкагында башталган жана аяктаган жана

(ii) көрсөтүлгөн эң эрте мезгилдин башталышына карата бүткөрүлгөн келишимдер болуп саналган келишимдерди кайрадан эсептөөгө тийиш эмес;

(b) өзгөрүлмө ордун толтуруу менен аткарылган келишимдердин учурунда ишкана салыштырмалуу отчеттук мезгилдерде өзгөрүлмө ордун толтуруунун суммасын баалоонун ордуна келишим аткарылган күнгө карата операциянын баасын пайдаланууга укуктуу; жана

(c) көрсөтүлгөн мезгилдердин ичинен эң эртеси башталганга чейин өзгөртүүлөр киргизилген келишимдер үчүн ишкана 20–21-пункттарга ылайык келишимдин ушул модификацияларын эске алуу менен келишимди ретроспективдүү кайра эсептешинин кереги жок. Мунун ордуна ишкана көрсөтүлгөн мезгилдердин ичинен эң эртеси башталганга чейин болуп өткөн бардык модификациялардын жыйынды таасирин чагылдырууга тийиш, мында:

(i) аткарууга карата аткарылган жана аткарылбаган милдеттенмелерди аныктоодо;

(ii) операциянын баасын аныктоодо; жана

(iii) аткарууга карата аткарылган жана аткарылбаган милдеттенмелердин ортосунда операциянын баасын бөлүштүрүүдө.

(d) алгачкы колдонуу күнүнө чейин көрсөтүлгөн отчеттук мезгилдер үчүн ишкана аткарууга карата калган милдеттерге бөлүштүрүлгөн операциянын баасынын суммасын ачып көрсөтүшүнүн жана ишкана качан бул сумманы түшкөн кирешелер катары таанууну күтүп жатканын түшүндүрүшүнүн кереги жок (120-пунктту караңыз).

C6 Ишкана C5-пунктта кандайдыр-бир практикалык мүнөздөгү жөнөкөйлөтүүнү пайдаланган учурда ишкана мындай жөнөкөйлөтүүнү бардык көрсөтүлгөн отчеттук мезгилдердин алкагында бардык келишимдер жагынан ырааттуу колдонууга тийиш. Мындан тышкары, ишкана төмөнкүдөй бүткүл маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) колдонулган жөнөкөйлөтүүлөрдү; жана

(b) ар бир ушундай жөнөкөйлөтүүнү колдонуунун эсептик таасиринин сапаттык баасын бул негиздүү ыктымал болгон даражада.

C7 Эгерде ишкана C3(b)-пунктка ылайык ушул стандартты ретроспективдүү колдонуу мүмкүнчүлүгүн пайдаланса, ишкана ушул стандартты алгачкы колдонуунун суммалык таасирин алгачкы колдонуу күнүн камтыган жылдык отчеттук мезгилдин башталышына карата бөлүштүрүлбөгөн пайданын (же тиешелүү түрдө өздүк капиталынын башка компонентинин) баштапкы калдыгын оңдоп-түзөө катары таанууга тийиш. Эсепке алуунун жаңы тартибине өтүүнүн бул методуна ылайык ишкана ушул стандартты алгачкы колдонуу күнүнө карата (мисалы, отчеттук жылы 31-декабрда аяктай турган ишкана үчүн 2018-жылдын 1-январы) аткарылган келишимдер болуп саналбаган келишимдер жагынан гана ретроспективдүү колдонууга тийиш.

C7A Ушул стандартты C3(b)-пунктка ылайык ретроспективдүү колдонуп жаткан ишкана ошондой эле C5(c)-пунктта сыпатталган практикалык каражатты пайдалана алат, же болбосо:

(a) көрсөтүлгөн мезгилдердин ичинен эң эртеси башталганга чейин болуп өткөн келишимдердин бардык модификациялары үчүн; же

(b) алгачкы колдонуу күнүнө чейин болуп өткөн келишимдин бардык өзгөртүүлөрү үчүн.

Эгерде ишкана практикалык каражатты колдонсо, ал аны бардык келишимдерге карата ырааттуу колдонууга жана C6-пунктта талап кылынган маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш.

C8 Эгерде ушул стандарт C3(b)-пунктка ылайык ретроспективдүү колдонулуп жатса, анда алгачкы колдонуу күнүн камтыган отчеттук мезгилдер үчүн ишкана төмөндөгү пунктчаларда көрсөтүлгөн маалыматты кошумча ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) ФОЭС (IAS) 11ге, ФОЭС (IAS) 18ге жана ушул өзгөртүүгө чейин колдонулган тиешелүү түшүндүрмөлөргө салыштырганда ушул стандартты колдонуунун натыйжасында учурдагы отчеттук мезгилде финансылык отчеттуулуктун ар бир беренеси өзгөргөн сумма; жана

(b) C8(a)-пунктунда идентификацияланган маанилүү өзгөртүүлөрдүн себептерин түшүндүрүү.

C8A Ишкана "*ФОЭС (IFRS) 15ке* (C1B-пунктун кара) *түзөтүүлөрдү*" ФОЭС (IAS) 8ге ылайык ретроспективдүү колдонууга тийиш. Ушул түзөтүүлөрдү ретроспективдүү колдонуу учурунда ишкана түзөтүүлөрдү алар алгачкы колдонуу күнүнө карата ФОЭС (IFRS) 15ке киргизилгендей колдонууга тийиш. Тиешелүү түрдө ишкана C2 – C8-пункттарга ылайык ФОЭС (IFRS) 15тин талаптары аларга карата колдонулбай турган отчеттук мезгилдерге же келишимдерге карата ушул түзөтүүлөрдү колдонбойт. Мисалы, эгерде ишкана C3(b)-пунктка ылайык ФОЭС (IFRS) 15ти алгачкы колдонуу күнүнө карата бүткөрүлгөн келишимдер болуп саналбаган келишимдерге карата гана колдонуп жатса, ишкана ушул түзөтүүлөрдүн натыйжалары үчүн ФОЭС (IFRS) 15ти алгачкы колдонуу күнүнө карата бүткөрүлгөн келишимдерди кайра эсептебейт.

### ФОЭС (IFRS) 9га шилтемелер

C9 Эгерде ишкана ушул стандартты колдонуп жатса, бирок «*Финансылык инструменттер*» ФОЭС (IFRS) 9ду али колдоно элек болсо, анда ФОЭС (IFRS) 9га тиешелүү шилтемелерди «*Финансылык инструменттер: таануу жана баалоо*» ФОЭС (IAS) 39га шилтемелер катары окуу керек.

## Башка стандарттардын колдонулушун токтотуу

C10 Ушул стандарт төмөнкүдөй стандарттарды алмаштырат:

(a) «*Курулуш келишимдери*» ФОЭС (IAS) 11;

(b) «*Түшкөн кирешелер*» ФОЭС (IAS) 18;

(c) «*Кардарлардын лоялдуулугунун программалары*» ЭФОТК (IFRIC) 13 түшүндүрмөсү;

(d) «*Кыймылсыз мүлк объекттерин курууга макулдашуу*» ЭФОТК (IFRIC) 15 түшүндүрмөсү;

(e) «*Кардарлардан активдерди өткөрүп берүү*» ЭФОТК (IFRIC) 18 түшүндүрмөсү; жана

 © ФОЭС Фонду

(f) «*Түшкөн киреше – жарнамалык кызмат көрсөтүүлөрдү камтыган бартердик операциялар*» ТТК (SIC) 31 түшүндүрмөсү.